С кырг
П 19

Зинакан ПАСАҢОВА

# АЯЛ СЫРЫ



Формуляр книги

| | |
|---|---|
| Скорг | 461611 |
| П 19 | Тасанова 3 |
| Аял скрог | |
| 16с 67г. | |

П19

Зинакан ПАСАНОВА

аңгемелер ❖ аңгемелер



# АЯЛ СЫРЫ

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ N 467611

Ош шаары, 1997-жыл.

Зинакан Насацованын «Аял сыры» китебине аялзатынын сезимтал, мээримдүү, сүйүүгө, бай жан дүйнөсүн, аял тагдырына байланыштуу психологиялык жагдайларды көркөм иликтеген аңгемелери киргизилген. Анын каармандарына адамдарды сүйө билүү, энелик күйүмдүүлүк, ӑсылкечтик мүнөздүү. Аялдарды аял катары түшүнүп, — сезе алгандык автордун бул китебинин өзгөчөлүгү катары бааалоого болот. «Аял сыры» окурмандардын калың катмарына арналган.

## АВТОРГО АРУУ ТИЛЕК

### (Баш сөз ордуна)

Зинакан Насанова чейрек кылымдан бери чыгармачылык менен эмгектенип келе жаткан аракетчил, талапкер жазуучу, кыздарыбыздан. Ал тээ 70 жылдарда эле мектепте окуп жүргөн окуучу мезгилинде жазма иштерге кызыгып, мектеп турмушунан алып жазган кабарлары «Кыргызстан пионери» газетасынын беттеринде үзгүлтүксүз жарык көрүп турган. Ал учурда мен бул аталган гезиттин Ош облусу боюнча кабарчысы болуп иштеп турган учурум эле. Редакциянын кызматкерлери адиске Алай районунан келген Зинакандын кабарларын кубануу менен кабыл алышып, гезиттин жаңы санына жарыялап жиберүүгө ашыгышаар эле.

Зинакан ошол окуучулук мезгилинде баштаган жазма иштерин бүгүнкү күнгө чейин таштабай улантып келатат. Ал студент мезгилинен баштап, ыр аңгеме, жазып, ал жазган чыгармалары республикалык гезит- журнал, альманахтарга жарыяланып, жалпы окурман журтуна таанылып калган болчу. Азыр Зинаканды бүгүнкү күндө чебер, көркөм образдарды жараткан мыкты прозаик кылып чыгарды. Ал жазуучулук тажрыйбадан тайманбастан өтө алды.

Зинакан Насанованын бул алгачкы аңгемелер жыйнагына кирген «Жан балам», «Бузулган көпүрө», «Торт коз» жана «Ак шоола» аттуу аңгемелерин окуп олтуруп — адам дилине сүңгүп кирген чебер сүрөткер экендигин баамдадым. Ал турмуштук чакан окуяны алат да, андан окурманды ойлондура турган негизги адамдык жагдайларды, каармандын оң, тескери мүнөз көрүп таасын тартып берет. Тили лирикалуу, ашыкча көп создуулук жок жана адам дилинин тазалыгына басым коё билет. Мунун өзү жазуучулук үн, жазма ишиндеги чеберчилик. Ал ойун кубалап көп чарпылбайт. Негизги берейин деген ойдун тегерегинен алыстабайт.

Зинакандын аңгемелеринен ата-энеге, балага жана жан-жаныбарларга, жаратылышка болгон аруу, таза сүйүүнү, дилдин тазалыгын, адамдык боорукерликти, пенделик текеберликтен алыс болуунун каармандардын сүйлөө речи,, мамилеси аркылуу туюнабыз.

Зинакан Пасацованын «Аял сыры» китебине аялзатынын сезимтал, мээримдүү, сүйүүгө, бай жан дүйнөсүн, аял тагдырына байланыштуу психологиялык жагдайларды көркөм иликтеген аңгемелери киргизилген. Анын каармандарына адамдарды сүйө билүү, энелик күйүмдүүлүк, асылкечтик мүнөздүү. Аялдарды аял катары түшүнүп, — сезе алгандык автордун бул китебинин өзгөчөлүгү катары баалоого болот. «Аял сыры» окурмандардын калың катмарына арналган.

## АВТОРГО АРУУ ТИЛЕК

### (Баш сөз ордуна)

Зинакан Пасацова чейрек кылымдан бери чыгармачылык менен эмгектенип келе жаткан аракетчил, таланкер жазуучу, кыздарыбыздан. Ал тээ 70 жылдарда эле мектепте окуп жүргөн окуучу мезгилинде жазма иштерге кызыгып, мектеп турмушунан алып жазган кабарлары «Кыргызстан пионери» газетасынын беттеринде үзгүлтүксүз жарык көрүп турган. Ал учур да мен бул аталган гезиттин Ош облусу боюнча кабарчысы болуп иштеп турган учурум эле. Редакциянын кызматкерлери алыскы Алай районунан келген Зинакандын кабарларын кубануу менен кабыл алышып, гезиттин жаңы санына жарыялап жиберүүгө ашыгышаар эле.

Зинакан ошол окуучулук мезгилинде баштаган жазма иштерин бүгүнкү күнгө чейин таштабай улантып келатат. Ал студент мезгилинен баштап, ыр аңгеме, жазып, ал жазган чыгармалары республикалык гезит- журнал, альманахтарга жарыяланып, жалпы окурман журтуна таанылып калган болчу. Убакыт Зинаканды бүгүнкү күндө чебер, көрком образдарды жараткан мыкты прозаик кылып чыгарды. Ал жазуучулук тажрыйбадан тайманбастан өтө алды.

Зинакан Пасаңованын бул алгачкы аңгемелер жыйнагына кирген «Жан балам», «Бузулган көпүрө», «Торт коз» жана «Ак шоола» аттуу аңгемелерин окуп олтуруп — адам дилине сүңгүп кирген чебер сүрөткер экендигин баамдадым. Ал турмуштук чакан окуяны алат да, андан окурманды ойлондура турган негизги адамдык жагдайларды, каармандын оң, тескери мүнөз жорүн таасын тартып берет. Тили лирикалуу, ашыкча көп сөздүүлүк жок жана адам дилинин тазалыгына басым көө билет. Мунун өзү жазуучулук үн, жазма ишиндеги чеберчилик. Ал окуя кубалап көп чарпылбайт. Негизги берейин деген ойдун тегерегинен алыстабайт.

Зинакандын аңгемелеринен ата-энеге, балага жана жан-жаныбарларга, жаратылышка болгон аруу, таза сүйүүнү, дилдин тазалыгын, адамдык боорукерликти, пенделик текеберликтен алыс болууну каармандардын сүйлөө речи,, мамилеси аркылуу туюнабыз.

Жыйынтыктап айтканда Зинакан Пасацова калеми төшөлүп, турмушту терең андап билип калган калемгер экенин белгилегим келет. Анда эмесе анын поэтикалуу бул жыйнагына окурман журту өздөрү күбө болушсун. Ал эми авторго чоң чыгармачылык ийгиликтерди каалап, «Жолуң шыдыр болсун!» деген тилек айталы!

**Кармышак ТАШБАЕВ (Аликетегин)**

**Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер.**

# АЯЛ СЫРЫ

Аял ойгонуп кеткенде жер жарый элек экен. Терезеден агарып кирген көчө шамдарынын бүлбүл шооласынан боюн качырган караңгылык жымжырт болуп уюп турат. Чоң жолдон тынбай өтүүчү машинелердин доошу сээлден калыптыр. Кез-кезде гана жалгыз-жарым машиненин күңүрт доошу угулат. Түн шоокумун тыңшаган аял таң атаарга али узак экенин боолголоду. Күнүгө ушу. Түн жарымынан өөгөндө капыстан ойгонот да, көздөрү чапыттай ачылып уйкусу качат. Бүгүн да жүрөгүн мыкчыган белгисиз кыжаалаттык аны кайра уктата койчудан эмес. Күйөөсүнүн дем алышына караганда ал да ойгоо жаткансыйт. Бирок, аялынын дүпшөлүп ойгонгонун билсе да бурулуп карабады. «Балдарын ойлонуп жатса керек» деп ичи ачышып кетти аялдын. Эркектин биринчи аялында калган балдары жөнүндө ойлогон ойлоруна, чеккен санаасына өзүнүн күнөөсү бардай жыйрыла түштү. Күйөөсү акыркы күндөрү аларды сагынып, кусаланып жүргөнсүйт. Бул сагынычты алмаштырып, ордуна тартуулай турган эч кандай кудурет таппаган сайын аял аргасыздан эринин мурдагы аялын эстөөчү болду. Эркекти үйүнө биротоло киргизип алгандан кийинки алгачкы күндөрү күндөшүн минтип ойломок турсун тушарына да теңөөчү эмес эле. Балага бастырып, эрте карыган улгайыңкы жубан ага тең тайлаша албасын түшүнгөн. Ал казан-аяктан башканы эмнени билет эле, ошон үчүн бир эркекти күтө албай тарткызып жиберди да деп көңүлү ток жүрчү. Мына эми ошол күндөшүнө көз артып жатат. Анын жанында жатканда күйөөсү, мүмкүн, азыркыдай ичтен сызып, жалгыз санаа тартпас беле? Экөөнүн каны-жанынан жаралган төрт баланын ысык-суугу, кыял-жоруктары бүгүнкүдөй уйкусуз түндөрдө узун-сабак эрмек болуп, кобурашып таң атырышмактыр... Эркек да азыр ушинтип ойлоп ич дарты ичинде болуп, өкүнүп жаткандыр...

Ушундай божомол ойлордон аялдын ичи ансайын күйдү. Эри чындап эле биринчи аялына ооп кеткендей тыбырчылап, сол капталына оодарылып алды. Бир туруп: «Мен чакырдым беле кел деп, келген өзү, алам деген өзү, бала чакасынан кечкен өзү, — деп табалап алат. — Мага эмне... Жалгыз бой аялмын...»

Ал чындап эле торт баланын алдында абийирим ак деп ойлоочу. Алардын атасын азгыруу оюна да келген эмес. Кылган иши, баскан-турганы тың, кырктын кырына чыгып калса да али жигиттик сымбатынан тая элек бул эркекти жөн гана кызматташы катары сыйлоочу. Ал да башкаларга окшобой жалгыз бой келинге тузак тартпай түз жүрчү. Бир жолу аялдын үйүнө зарыл жумуштап келгенге чейин ушундай болгон. Ошол күнү чайлашканча аркы-беркини сүйлөшүп узакка олтуруп калышты. Эркек кайтаарында: «Сонун кеч болду. Кетким келбей турат», — деди кыйылып. Келин мунусун көңүл үчүн гана айтылган деп кабылдап, бирок ага эшик ачып берип жатканда жүзүнө тиктей албай калтаарып кеткен. Караса эле анын көздору оп тартып, экөө жабыша калчудай туюлган. Денесиндеги майда калтыракты зорго басып, чала-була кайырдамыш болгон. Капыстан келген бул күчтүү сезим дарманын алып, эшикке сөйөнө калбаса жыгылып түшкүдөй. Эркектин тепкичтерден түшүп бараткан оор дабышына үн алышкансып жүрөгү түрсүлдөп кагып туйлаган.

Ошол түнү чабалактап уктаган эмес. Өзүн -өзү тыйса деле ээ-жаа бербей акыл-эсин чырмап алган каалоо анын шаштысын кетирди. Жүрөгүнө уурданып кирип, сезимин капыстан ойготкон эркектин элеси эми төшөгүнө кошо жатып алды. Анын өктөм колдору сылагылаган сайын тулку -бою жазылып магдырап келатты. Жан эриткен жалыныч сөздор да чаңкоосун кандыргансыйт. Тынымсыз аймалаган ысык эриндер аны биротоло эритип жиберди. Тырп этерге дарманы калбай, өзүн бүтүндөй бийлеп алган сезимге баш ийип берди. Көздөрүнөн тынымсыз жаш агып жатканын да баамдаган жок. Эркектин ысык кумары жалгыздыктан тарамыштай чыйралып калган кайратынан жандырып, кайрадан назик жароокер аялга айлантып койгонсуду. Көкүрөгүндө эркекке айта турган сөздору да түгөнгүс болуп жыйылып калган экен. Бирде муңканып ыйлап, бирде жаны эргип күлүп тогүлүп-тогүлүп айтып түгөтө алгыдай эмес. Булардын баары аял үчүн жаңы сезим-туюмдар эле. Ал өзүнүн аялдык сезимин алда -качан жоготуп алып, унутка-

ра баштаган. Бириңчи күйөөсү менен көңүл калып ажырашкан дан кийин эркек аттууга жакындай элек. Сөз салган, көз арткандар да жүрөгүн козгой албаган.

Рас, көңүлүндө бир эркек бар эле. Бирок, анын аты-жөнүн, ким экендигин азыгыча билбейт. Билип да кажети жок. Олбурлуу боюнан башка өңү-түсүн да даана элес эстей албай калган ошол жигит аялдын кыялында гана эңсеттирип жашашы мүмкүн. Ал эми турмушта болсо ал башка бир кер маралдай келиндин сүйгөн жары. Аял кокусунан күбө болгон алардын ынактыгын тагдырдын таш боор буйругу бузбаса эле майдай-суттой болушуп ынтымак жашап жүрүшкөндүр. Эркек-аялдын сүйүүсү, жубайлык таттуу мамиле жөнүндө эңсегенде ал жигитти эстебей коё алчу эмес. Өзү тааныбаган кайсыл бир бейтаанып келиндин жүрөгүн жылытып жүргөнүн ал жигит туйбаса да керек. Каяктан туйсун?

Ал жигитти шаардык оорукананын хирургия бөлүмүндө сокур ичегисин алдырып реанимацияда жатканда көргөн. Наркоздон кийин эсине түзүк келе электе терезенин айнегин бироо узакка тыкылдаткандай болгон. Акыл-эсин жыйганда караса айнекти бойлоп жабышып алган жигит ага жаңсагылап жатыптыр. Колунда кыпкызыл гвоздикалар. Эшикте кыш күчүндө болсо да гүлдөрдөн жаз илеби уруп турду. Аял гүл көтөргөн жигит эмнеге эле андан көзү өтүп тиктеп, жан -алакетке түшүп жатканына түшүнө албады. Мынчалык күйүп-быша турган жакыны деле жок эле. Оо көптө гана жигит анын жанында жаткан келинге келгенин баамдады. Келин жаңыдан гана операциядан чыккан окшойт. Көздөрүн ачкан менен кыймылдаарга, ооз ачарга шайы жок сулк жатат. Бирок анын да эки көзү да жигитте. Мынчалык сүйүктүү жан кандай болду дегенсип аял келинге кызыга көз салды. Келин жаш экен. Өңү да көзгө ысык көрүнөт. Баарыдан бото көздөрүнөн жаны ооруганы билинбей магдыраган жылуу нур тамылжып турат. Кудум эле эс алып жаткансып жоодурайт. Дүнүйөсү түгөл жанбы, же ага жете албай жарадар кушча канатын каккылаган жигиттин демиби, айтор башкаларга окшоп онтобой, кумсарбай бир башкача болуп мемиреп жатат. Аялдын ансайын ага күшү түшүп калды. Кичине сөзгө келгендей болгондо:

— Жигитиңби? — деп сураган.
— Күйөөм,— деди келин жылуу үн менен.
— Жаңыдан үйлөндүңөр беле?
— Жо-ок, үч балабыз бар, — деди келин «ысыгы таркай

элек жаш жубайлардан болсо керек» деп ойлогон аялды ансайын таң калтырып.

Ошол күнү догдурлардын урушканына карабай жигит терезеден таптакыр кетпей койгон. Көздөрү ирмелсе эле аялы бир балээ болчудай телмирет. Күүгүм киргенде аял жаны бир аз тынч алып уктап кетиптир. Аны кандайдыр бир шоокум ойготту. Көздөрүн ачса палатанын шамы өчүп, жатаар маал болуптур. Жанынан күбүр-шыбыр угулат. Ак халат жамынган бир эркек баягы келиндин жанында олтуруптур. Аял буурул жарыктан келиндин күйөөсүн тааныды. Жаш баланы эзилип аягандай аялынын чачтарын назик сылагылап кайра-кайра жалооруп жатат. Ал реанимацияга кантип амалын таап кирди экен? Догдурлар да бул жигиттин сүйүүсүнө туруштук бере алышпаса керек. Бир колунда шорпо куюлган кесе. Улам андан аялына кашыктап уурттатып коёт. «Дагы кичине ичкин? Ичсең?» деп жалооруйт.

Аял алардын сөздөрүн атайылап тыңшагандай болбоюн деп жуурканын чүмкөнүп алды. Ага болбой эле эркектин демдембе дем шыбыры кулагын көзөп өтүп, жүрөгүнө жете сайылып калгандай болот. Өзүнө арналбаган сүйүүнүн ошол сөздөрү, эрди-аялдын күйүмдүү мамилелери анын турмушун соттоп, аёосуз өкүм чыгарып жаткансыды. Ушуга чейин өзү эмнеге чаңкап келгенин да түшүндү. Сүйүүгө тойбогон аял суу жетпей какшыган даракка окшоп калат, же ач кемердей тажаал болуп чыга келет тура. Күн өткөн сайын жаагы ачылып, тили жылаандыкындай заар болуп бартканына өзү да таң калчу. Эри ага теңелбей жол берип калганына көп болду. Жаңжал чыкпасын, ачуу тилин укпайын дегенсип коркок-билиш болуп турат. Ал ушинтип эңилген сайын аял күчөй баштаган. Күйөөсүнүн аны жакшы көргөнүнөн эмес корккондугунан көзүн карап бөйпөңдөп турганы ансайын кыжырын келтирчү. Кээде анын чыр-чатактан жүдөп, мукураган кейпин көргөндө көксөөсү суп, табасы кана түшчү. «И-и, баатыр,— дечү ичинен, — алың, ушул эле экен го? Мени алдап кетем дедиң беле? Ак никелеп үйлөнбөй, ичимдеги балаңдан танып, таштанды кылам деген сенби? Сени жакшы көргөнүмдөн, сенсиз жашай албастыгымдан жармашып жүрүп тийди дейсиңби? Сага болгон сезимим сен мага үйлөнбөйм деген күнү өчкөн. Биротоло өчкөн боюмда болуп калган бейкүнөө баладан кечкениңде аялдык ысык сезимимди гана эмес денемди да кошо өлтүргөнсүң. Ошол күндөн баштап мага жек көрүмчү адамыма айлангансың.

Сенден өчүмдү алгым келген. Шашпа-а дегемин. Төрөлө электе өлтүрүп алган баланын убалы үчүн экөөөүз оо дүйнөдө тозокко түшкүчө бул дүйнөдө тозокту мына менден көрөсүң дегемин. Беш көкүл кыздын ишенчээк таза сезимдерин булгоо кандай болорун сага көрсөтүп коёюн дегемин. Бул али башталышы гана... Али көргөнүңдөн көрө элегиң көп, баатыр...»

Аял ичинде буулуккан бул чыңырыгын күйөөсүнө эч качан ачык айтчу эмес. Күндөп, айлап, жылдап унутулбаган өчүн башка бир болор-болоос нерселерге шылтеп чыгара берчү. Келин болуп башына ак жоолук салынбаганы үчүн, той көйнөгүн кийип, кайнатасынын эшигин ызааты менен аттабаганы үчүн, куру намыстан тун перзентин төрөбөй өлтүрүп алганы үчүн, сүйүүгө тойбой, үй -бүлөлүк ,энелик бакыттан куру келатканы үчүн арманы канча жыл өтсө да эскирбей, эрине күнүгө кайраштырып турчу. Аял качандыр кордолгон абийирин кечире да, унута да албай койгон. Күйөөсүнүн да өзүнөн алда-канча көңүлү сууп калганын да билчү. Ансайын тажаалы чыгып жок нерседен кыр таап урунуп-беринип ич күптүсүн андан чыгарат. Эмнегедир же күйөөсү, же өзү ушул тозоку турмуштарына кол шылтеп басып кете алышпады. Экөө тең бири-бирин эчак кажып бүтүшсө да бир төшөккө жатышып, бир казандан аш ичишип, алигиче орозгерлик тутуп келатышат.

Ооруканада жатканда аял өз турмушуна башкача көз менен карады. Жанында жаткан келиндин аялдык бактысы анын көзүн ачып, акылына келтирди. Өзү бир адамдын сүйүүсүнө татып албаганына, же бирөөнү бактылуу кыла албаганына жети өмүрү жерге киргидей болуп арданып калды.

Аял ооруканадан чыккандан кийин күйөөсү таң калып жүрдү. Мурдагы сиркеси суу көтөрбөгөн тажаал аялы басмырт тартып жумшара түшүптүр.

— Эмне болду сага? Өзгөрүлүп кетипсиң?— деди бир күнү ишенип ишене албагандай тиктеп туруп. Аял үндөгөн жок. Экөө ажырашарда бир ооз гана мындай деди:

— Эгер жакшы жашайм десең эми ала турган аялыңа ак ниетиң менен адамча үйлөн. Үйүңө сый-ызааты менен алып кел, — Ушуну айтып жатып жашып кетти.

* * *

Аял оор үшкүрдү. Узун ойго жетеленип кетип, жанында сыртын салып түнөрүп жаткан күйөөсүн да унуткара түшкөн экен. Биринчи эри менен сүргөн бейоопа өмүрүн каяктан да эстей калды эле? Ансайын көңүлү бузулуп, кыжаалаттык тарт

ты. Түн болсо узаргандан узарды. Ушундай түнжураган оор түн качандыр да бишилип өткөнсүйт. Өтсө өткөндүр. Ушул бөлмөдө кандай гана түндөрдү узатпады дейсиң. Аялдын маанайына, жашоо-тиричилигине жараша түндөр да өзгөрүп турчу. Мурдагы күйөөсү менен жашаганда айсыз түндөрдөн коркчу эле. Капыстан ойгонуп кетсе уюган оор караңгылык тумчуктуруп, ырайымсыз жолбун ойлор талай баштоочу. Ата турган таңдан, келе турган күндөн зааркана берчү. Турмушунда эч бир көңүл жылытаарлык жакшылык болбоочудай түңүлүп, жашоодон кечип кеткиси келет. Бул сар- санаанын себебин күйөөсүнөн тапчудай ал уктап жатканда уурдана тиктөөчү. Эри бейкүнөө балага окшоп капарсыз уктоочу. Ширин уйкуга мас болуп, оозун маңыроо ачып, дармансыз жаткан күйөөсү бир саамга аянычын козгоп жиберчү. Бирок, аялдын бул жибигени таң ата кайра өтүп кетет. Анан күйөөсүнүн кебете -кешпири да, сүйлөгөн сөзү, да, баскан турганы да кыжырын келтирип, тилин кычыштыра баштаарын билет.

Келин күйөөсү менен ажырашып, жалгыз жашап жүргөнүндө да ушундай оор түндөрдөн кыйналганы калбады. Бирөө ойготкондой түн ортосу көздөрү пар ачылат да, жалгыздыгын туят. Жатак бөлмөнүн дубалдары пары жылып, үйдүн төбөсү оюлуп түшүп, чеги жок ааламда өзүн жалгыз чекиттей көрүп ээнсирейт. Анан канчалык үстөккө-босток жамынса да жылына албай чыйрыга баштайт. Ошондо жалгыздык менен айсыз түндөрдүн кучагы бирдей окшош суук болорун туйган.

Мынабул күйөөсүнө тийгени түндөр да алмашты. Эми ашыгынын кучагындай сырдуу, аруу түндөр күнү бою зарыктырып араң келчү. болду. Мындай түндөрдө күйөөсүнө бой салып жабышып жатканды жакшы көрчү. Кайсыл маалда ойгонуп кетишсе да колдору бири-бирин издешип оролуша түшүшчү эмес беле. Эркек чоюндай оор билегин анын көкүрөгүнө арта салып уктап кеткенден кийин жаны магдыраган аял түндүн көркүнө куштарланып көпкө чейин көз ирмебей жата берчү. Көчөнүн терезеден агылып кирген жарыгына жумшарып, булуттай майин коолгүгөн коңур түн анын ысык сезимине шериктеш болгондой жылуу тартып балкып турчу.

Бирок, ал түндөрдүн өмүрү да кыска болду. Ошондой ажайып түндөрдү тартуулаган күйөөсү эми ага нааразы болуп дулдуюп жатат. Аял кайрадан өзүн күнөөлүү сезип жүрөгү сыздай түштү. Анан ушул жагымсыз сезимден алаксымакка оюн башка жакка бургусу келди. Эстегенде жүрөгүн жылытып, жарпын жазаар жаркын күндөрү бар бекен? Көп эле жолу таала-

шына ыраазы болуп төбөсү көккө жеткидей бакытка маарыган. Бирок, ошол учурлар азыр коңулуно илинбей күүгүмдөнөт. Ой-санаасы кайра эле күйөөсүнөн алыс кете албай айланчыктайт. Эркектин өзүнө жаңыдан ашык болуп жүргөн кезин — кайра-кайра эстегенди жакшы көрчү. Экөө бирге өмүр сүргөн дон бери эрдин кызыгын көп көрсө да негедир ошол учурду күсөй берет.

...Анда алар али ачык сөзгө келише элек. Баягыда аялдын үйүнөн чай ичип кеткен кечтен кийин эркектиң көздөрү кайда болсо аны издеп, ага жабыша калып, ички кусаматы менен күй калап тиктөөчү болду. Аял да бир укмуш кереметти чыдамы кете күтүп өрөпкүп, ага чейинки жашоосу да татыбай, же өңү эмес, же түшү эмес элеп -желеп болуп жүргөн. Эркек тарапты атайылап карабаса деле анын бүт кыймылын туюп, ага жараша өзүнүн сезимдери дирилдеп турат. Кээде ал жонундө эт -жүрөктү опкоолжуткан коркунуч менен ойлойт. Төрт баланы атасынан ажыратып жатам деген ой-санааны азырынча чеге элек. Санааркатып кыйнаган нерсе башка. Топ кишинин арасынан бирин-бирин жазбай таап, каректери чапташып, ажыраша албай турса да бул сүйүү экенинен күмөнсүрөп кетет. Ортодогу туңгуюктан аттай албай алсыраганда өз кыялынан кол үзүү үчүн чечимге келип кайра буга да чыдабай, эркекти берилип ойлой берет. Кээ бир күнү эркек ага сөз тартып калгансыйт. Аял ансайын азап чегип, маанайы пастай түшөт. Кайра эле анын бир ооз ысык сөзү, же көз карашы бүтүндөй акыл-эсин алып, мас кылган учурлар да келет. Ушинтип эңсөөсүнө жетпей думуккан келин жарыларына аз калды. Деги эркектин оюн да эмне бар? Сүйсө сүйөөрүн билдирип ачык айтпайбы? Эмнеге тартынат?

Эркек иши боюнча узак командировкага кеткенге чейин ушинтип туюк кыйналып жүрүштү. Ал жокто аял таң калаарлык муздап, а түгүл эстебей да калды. Кез-кезде гана бир кым бат нерсесин жоготкондой коңултуктап, анан ал эмне экендигин бүшүркөп, оюнун учу эркекке барып такала түшкөндө жүрөгү зырп этип алчу. Бардык балээ ал сапардан кайтканда башталды. Эшиктен өзүн тиктеп кирип келе жаткан эркекти көргөндө аялдын денесине ток жүрүп кеткенсиди. Сүйүүсү да, сагынычы да жүрөгүнүн тереңинде бугуп жаткан экен. Алар жанар тоодой атылып чыкты. Эркектин көздөрүн да чагылган дай бир сезим жарып өттү. Ушул кезге чейин алар аттай алыш

най жүргөн тосмо көз ачып жумганча экөөнүн сезимдерине тушуштук бере албай кулап түшкөнсүдү. Эркек колун сунуп учурашты да, келиндин колдорун коё бербей туруп: «Сагындым...» — деди амалы кургандай дирилдеген ысык дем менен. Аял бул күчтүн алдында алсыз эле. Бакубат алакандардын от менен жалын болуп алоолоп ысык экенин бир билет. Алакандарынан жүрөктөрүнүн туйлап соккону сезилип турду. Кандай ыйык эле ушул көз ирмем! Аял өзүн көккө учуп чыккандай тээ ободон сезип, башы айланып кетти. Ал сүйөт, сүйөт! Жогол шек саноолор! Жогол ичтен бураган кусалык. Жогол эки анжы ойлор! Чочутуп аламбы ,же кагып жиберебби дегенсип бетинен өбүшкө зорго батынган эркектин мойнунан өзү жабыша калып кучактап, эриндерине сорулганда анын сүйүнгөнү да, таң калганы да бир кызык. Аялдын да өзүн көптөн бери эңсеп жүргөнүн түшүнүп, бактысын жашыра албай эрээркеп күлүп жибер ген: «Мен кандай акмакмын. Коркуп жүрбодүмбү сага жакындаштан...»

Ал түн ажайып эле. Үстүнөн ныгырган тоодой санаадан бошонгондой сергип, ,асманы шаңкайып ачылып, өзүн чексиз бактылуу сезип, жарык да күйгүзбөй караңгылыкта олтура бер ген. Ушундай да сулуу түн болорбу? Толгон ай кыркаар терек тердин үстүнөн толукшуп көтөрүлүп келатты. Терезе түбүндөгү гүлдөргө коюлган бир билек суу шылдырттап, салкын илеби урат. Кез-кез саратандын узакка чырылдаганы болбосо айлана жымжырт. Келинге жашоо кубанычтуу жана кызык көрүнүп турду. Анын бактысын эч бир нерсе көлөкөлөй албоочудай сезилет. Сүйгөн кишиси экөө үйлөнмөк турсун, аны жат көздөрдөн бекитип катып жүрүүгө мажбур болору да санаарка та алган жок. Ал кандай гана күттү эле ушул сүйүүнү! Ага кабылганына ыраазы болгон жүрөгү турмушка, адамдарга бол гон сүйүүгө мелт-калт толуп турду.

* * *

Аялдын оюу ушул жерден чорт үзүлдү. Күйөөсү төшөктөн туруп кийине баштаптыр. Шаар да ойгонуп, жарык кирип калган экен. Машинелердин дүрүлдөгөнү күчөп, жолдон шашып өтүшкөн бирин-серин адамдардын шарпы угулат. Ушул маалда ал эринен мурда туруп, нары-бери папүштө белендей салчу. Күйөөсү ишке кетмейинче анын жанында чарк айланат. Кийим дерин бирден кармап жанында туруп жаш баладай кийиндирет. Үстү-башы купулга толгондон кийин дасторконго отургузчу. Жасаган тамагын көңүлдөнө жеп берсе ошого да сүйүнүп



калчу. Анан күйөөсүн жолго чейин узатып чыгып, караанды көрүнбөй калгыча кыялбай карап турчу. Ошондон кийин гана тиричилигине киришет. Мунун баарын ал эркекке жагынайын деп жасоочу эмес. Жүрөгүндө ага деген сүйүүсү колкулдоп эрип, ага жан дили менен кызмат кылгысы келе берет. Ошонпусунан өзү да ырахат алат. Мурдагы ажаандыгынан дайны түбү жок. Сүйүү аны таптакыр өзгөртүп салды.

Бүгүн гана биринчи жолу эринен кийин калып төшөктөн козголбой жата берди. Түнкү оор ойлордон бошоно албай «эмне мынча күнкор болом?» деген ызаалуу сезимге жеңдирди. Жүрөгү бир жамандыкты туйгансып коолдоп муудайт. Күйөөсү улам бир нерсеге чалынып, издегенин таппай, күңкүлдөп сөгүнүп жатты. Анын кыжырлуу доошу аялдын безине тийип, уккан сайын бүрүшө түшөт. Минтип жок жерден өзүн айыпкер сезип жаткандан көрө бая эле туруп жалгандан болсо да жароокерленип чайын берип жөнөтүп ийсе болмок экен. Бирок, аялды эбелек кылып учуруп турууучу сезими бүгүн муз болуп тоңуп, өзүн зордоп да козголто албай койду.

Эркек жини менен эшикти карс жаап кеткенден кийин ансайын айласы түгөнө түштү. Эми күйөөсү эч качан кайрылып келбөөчүдөй коркунуч жүрөгүнө жыландай сойлоп кирди. Акыркы күндөрү ушинтип коркуп жүргөн. Ушул жылы күйөөсү мойнунан байлагансып аргасыз жашай баштаган эле. Аялды көңүл донуп кучактабай калганына да көп болду окшойт. Үйгө күнүгө келип, бир төшөктө жатышкан менен ой-санаасы башка жак та болуп, түнг тартып кетти. Аял тиричиликтеринин кем чомун айтса да ага тиешеси жоктой кулак салчу эмес. Күйөөсүнүн салкындыгы жанына батып азап чегип жүргөн менен өзүнүн ага болгон сезиминин күчүнөн гана турмуштарын ушуга чейин сүйрөп келиптир. Бүгүн гана көзү ачылгансыды. Көптөн бери үлүңдөп калган оттору акыры өчүптүр да. Күйөөсүн ушул үйгө алып келип турууучу жылуу сезими муздаган күнү эч нерсе менен байлай албасын билет. Перзент көрүп калышса да орозгерлик уланып кетмек беле. Аялды жазалагансып кудай да экинчи жолу перзент ыраа көрбөдү. Бала жөнүндө ойлогондо эле күйөөсүнүн качандыр айткан сөздөрүн эстебей коё алчу эмес. Ошол күнү эркек таң жарый электе аялдын үйүнө күнкүү болуп кирип келген: «Болду! Мен эми сендикмин. Үйдөн чыгып кеттим». Аял бир ооз гана «Балдарыңчы?» — деп сураган. Ал балдарын өтө жакшы көрүп, алардын тагдырлары жөнүндө көп толгоноорун билчү. Эркек бул жөнүндө да көп ой-

лонгон окшойт, шыдыр жооп берди: «Экөөбүздүн да балдарыбыз болот. Сен уул төрөп бересиң».

Бирге жашай баштаган алгачкы айларда алар баланы өтө эңсешип, күтүп жүрүштү. Бул күтүү экөөнү ансайын ынак кылып, жашоолоруна шириндик берип турчу. Аял тамактан айныса, же уйкусурап калса эле талгакка жоруп: «Муну ич, аны же, эс ал, оор көтөрбө?» — деп жетине албай үйрүлүп түшөт. Аял да өзүн бир ай боюна аңдып, таттуу кыялдар менен жашап жүрөт да айызы келген күнү маанаиы чөгөт. Күйөөсүнүн күткөн үмүтүн актабагандай бети кароолонот. Күндөр өтө берди, айлар ага берди. Бара-бара түңүлүшкөндөй перзент жөнүндө сөз кылбай калышты. Эркек бала жөнүндө лам деп ооз ачпаган аялдын коркунучу көбөйчү. «Ал балдарына кетип калат» — бейпанга малынчу. Күйөөсүнүн чоң кызынын өзү күбө болгон көз жашынан кийин башталган бул коркунучу.

* * *

Ал кызды апасы ээрчитип келген эле. Күйөөсүн азгырып башын айлантып алган бетпактын сазайын бермекке алкынып-жулкунган апасына кошулбай четте ыйлап турган. Атасыныкына окшош бакырайган көздөрүндө өксүк, кусалык сызгырылып көз жашы тынымсыз шорголоп агып жаткан. Жакшы көргөн атасын ээлеп алган аялды жек көрүүгө да кудурети жетпей бошошуп, ыйлагандан башка колунан келер айгасы жок кайгыга чөккөн кыздын ошол жазыксыз турпаты аялдын жүрөгүнө биротоло батып калды. Андан кийин кыз апасына кошулуп каргап-шилеп, жулмаласа кайра жеңил болмок.

Күндөшүнөн оңор эмес келтек жеп, бир чети тагдырына көңүлү оорутан аял көпкө чейин төшөк тартып жатып калган. Күнүгү ичинде болуп, күйөөсүнө болгон иш жөнүндө ооз ачкан да жок. Денесинин жаратынан да кыздын бейкүнөө көз жашы кыйнап жүрдү. «Үшинтип бактылуу болбой куруюн» — деп кээде эч ким жокто ыйлап алат. Өз бактысын табам деп башкалардын убалына калганын кеч түшүнүп калбадыбы. Бул айыпкер сезим анын турмушун дайыма көлөкөлөп турар эле.

* * *

Күйөөсү ишке кеткенден кийин дагы көпкө чейин төшөктөн турбай жаткан аял өз тагдырын ойлоп заманасы курулду. «Ал биротоло кетсечи деген ой мындан аркы турмушу жөнүндө ойлонууга аргасыз кылат. Албетте, өлбөс-житпес. Жалгыздык жанга батса да эптеп кылдырап күнү өтө берер. Үстүндө үйү,

жаныл бага турган иши бар. Бирок эми кечкисин күйөөсүнүн иштен кайтаар маалына туштап оокат даярдап коюп, күтүп олтурбай калаарын элестеткенде жашоо күнү бүткөндөй жүрөгү ынанбай жатты. Ошол күтүүсү эркектин кадырын ансайын туйгузуп, сүйүүсүн күчөтчү эмес беле. Шырп эткен дабышка да кулак түрүп, жол тарапты карай берип зарыгып бүткөндө күйөөсү жаадырап-жайнап кирип келчү. Ал да босого аттабай жатып ашып-ташкан сагынычы менен аялдын атынан атап чакырып, кучагын жайып жароокерденип келет. Ушул учурду баарынан жакшы көрүп турмушуна көңүлү тоё түшчү. Эми ошолордун орду кантип толоор экен? Аял эми ким үчүн жашайт? Анын аялдык назиктиги мээрими, камкордугу кимге керек? Күйөөсү өзүнөн кеткен күндө да кайда барат? Мурдагы үй-бүлөсү кектебей кабыл алабы? Жаны бирге болуп калган эркекке дагы эле эч бир жамандыкты ыраа көргүсү келбейт. Эч болбосо ал бактылуу болсунчу? Өз керт башынан да эркек үчүн тарткан санаасы оор болуп чыкты.

Аялды кечке дейре ушундай карама-каршы ойлор тартмактап, эзип бүттү. Ишине кантип барып-келгенин да билбейт. Күйөөсү ал түнү үйгө келген жок. Эртеси да келбеди. Аял күнү-түнү күтүү менен жашап калды. Үмүтсүз күтүүнүн ар бир мүнөтү зарыктырып тамчылап, кечтин кирмеги таңдын атмагы зааркантып созулат. Үчүнчү күнү уйкусуз өткөн оор түндөн кийин аял төшөгүнөн зорго эле турду. Ачуу зарна көкүрөгүнө батпай кыжылдап чыгыптыр. Көңүлү айнып, башы тегеренет. Санаа тартам деп ооруп калдым окшойт деп ойлоду аял. Күйөөсү, кеткени оозуна наар да албаптыр. Илээлей басып ашкана үйүнө кирди. Столдун үстүндө акыркы жолу эри чай ичкенден калган кесилген нан, май, варенье жыйналбай турат. Аларды көргөндө окшуп жибере жаздады. Чындап табы айныптыр. Күйөөсүнүн күйүтү аны биротоло чалып жыгыптыр да. Эми бул дартына дабаа жоктур. Күйөөсүнө кусаланбай коё албайт. Ансыз жашоосу жүрөгүн жемирип-жеп түгөтүп бүтөөр. Ишине айттырып коюп, төшөктөн турбай жатып алган аял өз санаасын жеңип, алаксууга аракет да кылган жок. Сүйгөн адамысыз ага өмүр сүрүү кызыксыз көрүндү. Баары-жоктон түңүлүп, кез-кез кычкыл татымыш болуп соолуп жата берди.

Аялдын ооруп жатканын угуп, кабар алганы келген көңүл жакын курбусу анын сөлөкөт болуп калган кейпин көрүп чочуп кетти. Кой дегенине болбой «Тез жардам» чакырганга чуркады. Жашамал доктур аял анын абалын көпкө сураштырды. Оорулунун жөн-жайын уккан сайын өзүнүн бир ички оюн ырас

Өорулуунун жон-жайын уккан сайын өзүнүн бир ички оюн ырастагандай башын акырын ийкегилейт. Апан: «Балаңыз бар бы?» — деп сурады. Мындай суроого дайыма ичиркенип жыйрыла түшчү аял башын зорго чайкамыш болду. «Боюңузда бар экен. Гинекологго көрүнүңүз» — деди доктур аспаптарын сумкасына салыштырып жатып. «А-а!!! — деп аял катуу чочуду. Уккан кулагына ишенген жок. Башы шуулдап, эс акылын жыйнай албай турду. «Билбедиңиз беле?» — деп врач таң кала сурады. Кайда-а-н? Билмек турсун оюна-түшүнө кирген эмес. Баладан биротоло түңүлүп, өзүнүн куу баш тагдырына баш ийип калбады беле. Айызынын келген-келбегени да оюнан чыгып кетиптир. Догдур кеткенден кийин сүйүнүп карбаластаган курбусун дендароо тиктеп, көпкө чейин тилден калып турду.

Эртеси кош бойлуу аялдардын эмканасында текшерүүдөн өткөндөн кийин гана эне болоруна чындап ишенди. Көчөгө чыкса жашоо жаркырай түшүптүр. Ушундай да эт-жүрөктү элжиреткен таттуу бакыт болот экен да. Бул бактысы көөдөнүнө батпай кең дүйнөгө сыйбай чалкып турду. Жарык дүйнөгө аял болуп жаралганы ушул күн үчүн жашап келгениндей эңсөөсү канып толуп -ташат. Энелик бакыт гана анын жашоо маңызы боло аларына бүгүн чындап ынанды. Турмушта бир укмуш өзгөрүү болуп кеткендей бардыгы жаңыланып көрүнүп турду көзүнө. Күйөөсүнө болгон түңүлүү сезими да унутулуп, оюнан чыкпай туруп алды. Ага балалуу болушарын сүйүнчүлөөгө ашыгып жүрөгү туйлайт. Эркек эми мурдагыдан да жакын, кыйбас боло түштү. Күйөөсү өзүн таштап кетсе да аял зар болуп жеткен перзенттин атасы болот эмеспи. Ага боюнда бар экенин айтып коюш парзым деп ойлоду. Калганын эркек өзү чечсин.

Эрин издеп барууга өзүн бир жумадай даярдады. Аны кайдан табаарын жүрөгү сезгенсийт. Мурдагы үй-бүлөсүнө кетсе керек деп божомолдойт. Акыры бир күнү жолго чыкты. Ошол күнү таң заарлап турса да шашкеге чейин камылга көрдү. Кийгенге көйнөкторүнүн улам бирин тандап жатып үй толо чачылган. Аларды жыйнаганга чамасы жок, аттап-буттап араң басып жүрөт. Той-ашка кие турган сайма жакалуу ак көйнөгүн араң тандады. Бул күйөөсүнүн биринчи белеги эле. Баш коштук деп жакшы санаалаштарын чакырып, ак никеге турган күнү кийип олтурган. Нике көйнөгү катары болуп калганы үчүнбү көзүнө ысык көрүнөт. Аны өзгөчө учурларда гана кастарлап кийүүчү. Бүгүн негедир ошол көйнөккө көңүлү чапты. Кийинип

жатып ичин бир нече жолу жылуу сезим менен сылагылап алды. Күйөөсүнө бетине тутуп бара турган   эң кымбат белеги ушул. Өңү-башын түзөш үчүн күзгүнү караса көздөрү мээримге толуп жалжылдап туруптур. Көптөн бери өзүнө минтип суктана элек эле. Чырайына чыгып, күлмүңдөгөн жүзү өзүнө да жагып күзгүдөн ажырай албай турду. Бойунда бар экенин күйөөсү барында билсечи, аттиң!

x x x

Эшикти баягы кыз ачты. Бою узарып, өңү жышылып, чоңойуп калыптыр. Атасыныкына окшош бакырайган сергек көздөрү аялды көргөндө чочугандан төптөгөрөк болуп тоңо түштү. Экөө тең бул жолугушуудан оздорунан сөздөрү түшүп селейип туруп калышты. Кыз уясын коргогон жырткычтай бүт денеси менен түйүлүп, ирмелбеген муз көздөрү «кет, жогол» деп кубалап жатты. Жетерине жек көргөн, таш бараңга алган көздөр аялдын тилин байлап, денесин шал кылып таштады. Же күйөөсүн сурай албай, же артка кайтууга буттары шилтенбей экөө кыйлага тирешип турушат. Баятан бери бака-шака угулган каалгасы ачык бөлмөдөн «Ким экен?» деген аялдын үнү чыкты. Кыз жооп берген жок. Көздөрүн ирмесе эле аял үйлөрүнө жулунуп кирип келчүдөй муз тоңгон карактери менен төштөн түртө тикирейет. Кыздын үндөбөгөнүнө таң калдыбы узун жибек халат кийген аял бөлмөдөн баш бакты. Эми эле жыргап күлүп жаткан окшойт, жүзүнөн жылмаюусу өчпөй туруп «Ким бул?» —деп дагы сурады. Анан эшик алдында турган аялды көргөндө дароо өңү өзгөрүп кумсара түштү. Абаны аптыга жутуп, алып, анын гана келишин күтүп тургандай кебелбей утурлап басты. Жүзү кубаңдап, колдору шымаланып, ызырынып келатты. Ошондо гана аял күндөшүн зорго тааныды. Мурдагы көрүнөн жүдөңкү улгайган жубан жок. Сындуу денеси жибек халат ичинде суналып, кара тору жүзү маңкайып, оңдонуп алыптыр. Жаңыланып келген таалай, сүйгүнчүк болуу гана ушинтип ургаачынын ажарын ачып ийерин аял өзүнөн улам жакшы билчү. Ал да экинчи күйөөсүнө тийгенде көргөн. жан суктанарлык болуп иреңине чыга түшкөн. Күндөшү анын бетинен жулуп алардай атырылып:

— Эмне керек сага? — деди.

— Эч нерсе,— деди аял таң калаарлык жумшактык менен. Мындай токтоолук ага жакындан бери эле пайда болду. Балалуу болорун билгенден бери өмүр бою суусап келаткан чаңкоосу басылгандай жаны жай ала түшкөн. Өзүн жеп жиберчүдөй болуп заарын чачкан күндөшү да анын магдыраган се-



ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ N 467611

зимин өзгөртө алган жок. Бирок андан өзүнүн сырын кызганып турду. Келген жон жайын айтып, күйөөсүн сурагысы келген жок.

— Жон эле... — деп дагы бир жолу ойлуу кайталады да, кете берейин деп калды. Ушул маалда ачык бөлмөдөн мойнуна 4—5 жашар эркек баланы мингизип алган эркек чыга келди. Ал аялдын күйөөсү эле. Экөөнүн көздөрү чагылыша түштү. Аял башына чапкандай шарт артына бурулду. Бөтөн үйдө бөтөн баланы эркелетип жүргөн эрин көргөндөн кийин ага өз жаңылыгын билдирүүнүн кажети жок экенин жүрөгү туйду. Эркек тун баланын кубанычын эчак эле өз башынан өткөргөн эмеспи. Эми ага балалуу болуу коксогон кубаныч эмес. Аял бул бактысы бир гана өзүнө таандык экенин түшүндү.

Тепкичтерде тез-тез басып түшүп бараткан аялдын артынан күндөшүнүн заар кыйкырыгы кууп жетти.:

— Өлүгүңдү гана көрөйүн, бети жок! Дагы уялбай келгенин карасаң! Сен эми кимге керексиң, куу баш жалап!

Аял бул кордоого арданган жок. Кайра өз бактысын, уясын коргоп жан талашкан күндөшүн деги эле бардык аял аттуулар ды аяп баратты. Байкуш ургаачылар... Бардыгыбыз тең сүйгүбүз, сүйүктүү болгубуз келет. Бардыгыбыздын бактыбыз да, шорубуз да бирдей. Бешенеге буюрбаган бакытты бири-бирибизден талашып, тартып алгыбыз келет. Бири-бирибиздин кемшигибизге кол салыштан кайра тартпайбыз. Ошол бизди талаштырган, тажаал кылган, сулуу кылган, суусаттырган сүйүү менен аялзатын мынчалык ажырагыс кылып жаратып койду экен?

Ушинтип өзүнчө жүрөгү ооруп, тынымсыз күбүрөп сүйлөнгөн аял көөдөнү, муздап чыйрыга баштаганда гана жол боюндагы олтургучтардын бирине жетип олтурду. Катуу чыңалып, бошошкон денеси шалдырай түшүптүр. Кеч күздүн ичиркенткен ызгаары аралаш күүгүм кирип келатты. Жол ээндеп, анда анда-санда гана тиричиликтин көйгөйү кубалаган адамдар шашып өтүшөт. Алардын ичинен көзүнө бир гана аял аттуулар урунат. Кимисин көрсө да жүрөгү эзиле аяп, «бечаралар» деп коюп жатты. Ушул учурда ичинен оң тарабы капыстан бүлкүлдөп сокту. Чочуп кеткен аял ошол тушту алакандары менен баса койду. Курсагы дагы бүлкүлдөп, ичинде бир нерсе копшолуп кыймылдагансыды. Аял ал эмне экенин эми түшүндү. «Балам... — деди эт жүрөгү элжиреп — менин балам... мен эми жалгыз эмесмин. Сен барсың. Биз эми экөөбүзбүз...» Ушинтип таттуу шыбырап, жүрөгү жибип, бактылуу жылмайганын өзү сезген жок.

# ЖАН БАЛАМ

Анын төрөтканадан келбегенин палатага кирери менен байкай койдук. Чыт халаты таза жуулуп үтүктөлгөн. Башында жоолугу жок. Бир тутам кыска чачы артына жылма таралып байланган. Ак куба жүзү менен бажырайган нурдуу көздөрү да төрөттүн азабынан эчак арылып өзүнө келип калган экен. Биз менен жатык учурашып жатып күлмүңдөп да койду. «Баласынын оорусу жеңил экен» деп тымызын суктанып алдым. Келин менин тушумдагы бош керебетке жайгашты. Ортобузда бир тумбочка бар эле. Анын буюм-теримдерине орун бошотуп жатып китеп-дептерлерине көзүм түштү.

— Окуйсуңбу? — деп сурадым.

— Ооба, дипломдук иш жазып жатам. Ошон үчүн кагаздарымды көтөрө келбедимби.

— Каерде окуйсуң?

— Университеттин юрфагын бүтом.

— О-о!

Экөөбүздүн сөзүбүзгө кулак салып турушкан берки эки аял да баш көтөрүшүп карап калышты. Баласы ооруп жатканда башына башка нерсе кантип сыят дегендей кыныр көрүп карашык.

— Балаң канча күндүк?

Ушинтип бардыгынан сурай берчүмүн. Төрөлгөнүнө араң он күн болгон өзүмдүн уулум бир күн өтсө да кыйла торолуп, дартка алдырбай кетчүдөй күн эсептеп жүргөм.

— Бир жарым айлык болуп калды, — деди келин бир аз тартынгандай. Анын жообу санаамды ансайын оордоштуруп койду. Менин уулум да качан бир жарым айга чыгат экен деп чарчап-арый түштүм. Өмүрдүн ушул бир тамчы жашын жашап өтүш да ушунчалык узак болорбу?

Жүрөгүм тыбырчылап олтура албай сыртка чыктым. Бараар жерим эле оорукананын балдар бөлүмүнүн четки терезеси. Анын ары жагында балам жатат. Палатанын сырдалган айнегинен анын карааны көрүнбөсө да ыйлап калбасын деп көөнүм тынчыбай терезени сагаалайм. Мага окшогон баласаак энелер көп. Айнектерди утуру шыкаалап коюшуп, тегеренип кете албай жүрүшөт.

Бүгүн да эмизээр маалга чейин эптеп убакыт өткөрүп, палатага келдим. Балдар бөлүмүнүн эшигинин алдында топтолуп калышкан аялдар удургушуп араң эле турушуптур. Ар үч саат

та он, он беш мүнөткө колубузга зорго тийген наристебизге сагынычыбыз ашып-ташып тыбырчылайбыз. Каалга ачылар менен баары аткан октой кетишти. Мен да оорукананын сүзүлө жыртылып, өңү өчкөн эски жалаяктарына оролгон уулумдун кымындай денесин боорума кыскыча ашыктым. Балам оозун кайсалактатып дароо эмчек издей баштады. Шабдоолуу түктүү мөмө жүзүн бетиме басып жалынганым да, эркелеткеним да ага баары бир. Азыр ага бир гана эмчек сүтү керек. Апасын да, жашоону да эмчек сүтү менен туят. Оозу ширин ууз сүткө толо түшүп, аптыга жутуп, мээрлене соруп жаткан наристеңе бардык тамырың балкып ийип бересиң. Уулум ууз сүткө тойгондон кийин мемиреп уйкуга кетти. Ал уктап жатканда жүзүнө көп карабайм. Көзүгүп кетпесин деп корком. Бүгүн да көздөрү жумулары менен ордуна жаткырып коюп сыртка чыктым. Палатада студентка келин жалгыз олтуруптур.

— Эмизип бүттүңбү? — деп сурадым андан.

— Капельница алган экен, уктап калыптыр. Кечирээк кирем, — деди ал бушайман түр менен.

— Эч нерсе эмес. Уктап эс алганы жакшы, — деп жооткоттум. — Жүр ашканага.

Балдарыбызды эмизип чыгаарыбыз менен баарыбыз айттырбай эле ашканага чогулабыз. Бала соргон эмчегиң какталып, өзөгүң карара түшөт. Кийинки эмизгенге сүт болсун деп ачыккандай жеп-ичебиз.

Балабызды сүтүбүз сактап калчудай, жакшы ээмп курсагы тойсо эле айыгып кетчүдөй жан далбас кылабыз. «Бүгүн түзүк, дадил ээмп калыптыр», — деп көкүрөктөрүн укалай кирген андан көп. Деги ашканада гана кимдин баласынын акыбалы кандай экенинен кабардар болосуң. Бүгүн кантип калганын, кайсыл дарыны ичип, ийне алганын, кандай эмгенин, тиктегенин, күлгөнүн, жалаягын булгаганынан бери терип-тепчип угасың. Ар кимибиз жарышкандай өз балабыз жөнүндө айткыбыз келет. Ошондуктанбы, аялдар ашканада узакка олтура беришет. Оокаттарын эчак жеп бүтүшсө да, кийинки келгендерге отургуч жетишпей туруп калышса да эч кимдин ордунан козголгулары келбейт. Студентка гана баласы жөнүндө ооз ачпайт. Оорусу жеңил болсо санаасы тынч да деп жоругам анысын. Палатада болсо баш көтөрбөй кагазын жазат. Биз уктаарда китеп-кагаздарын көтөрүп далиске чыгат. Качан жатып, качан турганын бир да жолу көрбөдүм. Баласына бир чуркайт, окуусуна бир чуркайт. Ансыз эле шыңга бою чыканак-

тай болуп азып баратты. Бир да жолу даттанбаса да чарчаңкы көздорүнөн кыйналган ой-санаасын билүүгө болор эле.

Бүгүн ашканага кирээрим менен адатымча аны издедим. Баласынан али чыга элек экен. Аялдар моюн созушуп, терезе ден сыртты карап жатышыптыр. «Ким келди экен?» — деп мен да кызыксындым. Узун бойлуу, кара чачы желкесин жапкан шыңга бойлуу жигит эшик алдында чыдамы түгөнгөндөй ойдолоп ары бери басып туруптур. Студентканын күйөөсү экенин дароо тааныдым. Бир-эки жолу экөөнүн турганын көргон элем.

— Качан болсо курук келет аялына жаман папкасин көтөрүп алып—деди аялдардын бирөөсү нааразы үн менен.

— Өзү студент болсо акчасы жоктур да, бечаранын — деди арыдан бирөө секин какшыктап.

— Ме сага, акчасы жок имиш. Кийингенин кара. Күрөп-күрөп пул тапкан менин күйөөм да мындай чилтен эмес.

Эми баары жигитти биринчи жолу көрүп жатышкансып баштан аяк сыдыра карап калышты. «Мальвина» күрмө-шым узун боюна куп жарашып, кара туфлийине чаң жукпай кычырап турган экен күйөө балабыз. Өөнү жок кыркылган кара чачы желкесин жаап турат. Бул түрү менен али катын-баланын кадырына жете элек, кыз жандап жүргөн боз уландай сүлкүл дойт· Күйөө кеби токтоор эмес.

— Ашың болбосо да кашың болсун дейт. Эч болбосо да катынынын курсагын кепке тойгузуп кетпейби. Э, өлө калың. Эки мүнөт араң олтурат. Анан жоо куугансып артын карабай кетет. — деди сары келин кыргызча-өзбекче чалып сүйлөп.

— Аялы бул жерде жатса, бойдок болуп кыздардан колу бошобой жүргөндүр·

— Койгула, биз а бу дегенибиз менен ар ким өзү билет.— деп кызып калган аялдарды зорго токтоттум. — Андан көрө студентканы чакырып коюш керек, — деп ордуман козголо берсем эшикке жакын олтурган келин колун жаңсап токтотту.

— Бая эле чакырдык эле, келбеди го.

Бир аздан соң өзүм издеп бардым келинди. Баласынын үсүндө экен. Эшик ачык. Студентка баласын ушунчалык назиктик менен абайлап көтөрүп алып терезени карап кусаалуу туруптур. Адам узун ойго түшкөндө ичинен кайруучу башаягы жок обон менен акырын алдейлеп жаткансыйт· Бүт дили, санаасы, үмүтү, тилеги шу тапта баласына гана байланып, аны эш тутуп, дүйнө бир тең, ал бир тең болуп тургандай көрүндү тунжураган турпаты. Эненин ысык ыкласына кызы да тынч алып мемиреп уктап калгандай. Эне-баланын бул ширелишкен

ыпактыгын бузгум келген жок. Үн катпай артыма кайтаарымда студентка жалт бурулду. Жашка ымдалышкан муңдуу көз дорун көргөнүмдө оозума сөз кирбей калтаарып түштүм. Эптеп-септеп күйөөсүнүн күтүп жатканы жөнүндө кобурамыш болдум. Ал «билем» дегендей башын ийкеди да жүзүн буруп кетти. Күйөөсүн көргүсү келбей атайын чыкпай жатканын түшүндүм. Ушул көктүгүнөн анын жалгыздыгын сезгенсидим. Баланы экөөлөп табышса да энечелик жан далбас кыла албаган күйүмсүз эркектен көңүл калып, тең бөлүнөөгөн санаасына майышып, түтөп тургансыды. Палатага келип шалдырап олтуруп калдым. Келин дагы бир топтон кийин кирди. Күйөөсүнө жолуктубу, билбейм, көз жашы да, муңканган түрү да жок зымырайып ала коюптур. Анан керебетинин үстүндө дайыма жайылып турчу кагаздарын өчөшкөнсүп өжөрлөнүп жазып кирди.

Эртеси уулум экөөбүз ооруканадан чыктык. Аялдар менен кубанчымды билдирбес үчүн чала-була коштошумуш болдум. «Биз кантээр экенбиз?» деп каканактаган көздөрүн көрбөйүн дедим. Студентка менин түйүнчөгүмдү көтөрүп босогого чейин узатып койду.

Антип-минтип арадан он күн да өтүп кеткен экен. Баламын бүтпөй калган документтерин алганы ооруканага кайрылып бардым. Мен жаткан палатага баш баксам эскилерден эч ким калбаптыр. Далай түндү ооналактап уктабай өткөргөн керебетимде чоочун аял санаага батып олтурат. Унутулуп бараткан нерселер эске түшүп жүрөгүм сыздай түштү. Шашып сыртка чыктым. Оро-парамдан тааныш аял жолукту Саламдан мурун: «Сен дагы келдиңби?» деп чочуп кетти. Жөн жайымды түшүндүргөндөн кийин өзүнүн көз жашы кылгырып: «Менин балам кайра ооруп калбадыбы. Үйдө бир жумача эле турдук». — деп ыйламсырады. Аны алаксытмакка бирге жаткандардын кабарын сурамжыладым. «Баягы студентка келин качан чыкты? Дипломдук ишин жактап алдыбы?» «Жактады го. Жактаганы да курусун. Ошол күнү кызы чарчап калбадыбы». «Койчу? — Мен катуу чочудум. — Кызы жакшы эле эмес беле?» «Баарыбыз эле ошентип жүрчүбүз. Өзү билгизбесе эле... Көрсө, мурда эле өлө турган бала экен. Акыркы күндөрү баласынын палатасынан чыкпай калган. Тамакка да кем келчү. Келсе да үндөбөй ичип туруп кетет. Кечээ аялдар дүрбөлөң түшүп жатышыптыр. «Студентканын кызы учуп кетиптир» дешет. Артынан чуркап бардым. Кире бериште ыйлап туруптур. Кудая тообо, ишенесиңби, дубалга жөлөнүп алып секин гана ый-

лай жатат. Сабыры укмуш экен. Анын ордуна башка болгондо дарт-байрат салып оорукананы башына көтөрмөк. Ага кайрат айтам деп өзүм кошулуп ыйладым.: «Эмне балээ болуп кетти? Балаң түзүк эле го?» —деп кайта-кайта сурадым ишенбегенсип. Студентка мууну бошоп буркурап туруп муну айтып берди. «Кызым ара төрөлгөн эле. Адегенде эмчекти да оозуна алалчу эмес. Көз жаргандан тартып оорукандан башыбыз чыкпады. Бул жерге келгенге чейин реанимацияда жаттык.

Күйөөм сураса «Жакшы» деп коём. Кызым экообуздун тарткан азабыбызды андан корөм. Нашаа чекчү экен. Кийин билип жүрбөйүнбү. Эмгегим кайтып, кызым айыгып кетсе болду деп ага бир ооз да жаман кеп айтпадым. Ич дартым ичимде болуп жүрдүм. Реанимациядан бул жакка которушканда кый ла сүйүнүп калгам. Жакшы дарылашпай коюштубу, кайра тез эле пастай баштады. Кызымдын өлөөрүн үч күн мурда билдим. Көздөрү башкача болуп калат экен. Күнү-түнү жанында болдум. Үмүтүм дагы эле үзүлбөй жатты. Бечара кызымдын ыйлаганга да чамасы жетчү эмес.

Диплом жактаар күнү шорум катып кетип калыпмын. Беш жылдык мээнетим текке кетпесин деген ойго жеңдирген окшойм. Барарын барып алып эси-дартым кызымда болду, санаам-санга болунуп жатты. Менин кезегим жеткенде дипломдук иштерди кабыл алып жаткан комиссиянын төрагасы: «Өңүң кубарып турат, кызым. Көп толкунданба. Олтуруп, демиңди бас», — деди. Мен баш чайкадым да ортого чыктым. Көңүлүм караңгылап, дарманым кетип турганын ошондо туйдум. Жүрөгүм оозума кептелип, тынымсыз туйлап жатты. Айтайын деген сөздөрүм чочуп учкан таранчылардай туш тарапка чачырап, карматпай койду. Баары эле көз алдымда тургансыйт, бирок бири да тилиме илинбейт. Ушинтип канчага туттугуп турганымды билбейм, кимдир-бирөө жөлөмөлөп суроо бергендей болду. Ошондо карышып калгам жаагым ачыла түштү. Өзүм да күтпөгөн жерден: «Балам... балам!» — деп өксүп ыйлап жиберипмин. Ыйлаган бойдон эшикке чуркап чыктым да, оорукананга учуп-күйүп келаттым.

Келсем аялдар балдарын эмизгени кирип кетишиптир. Жүрөгүм муздап бир жамандыкты сезгендей болот. Дене-боюм өлүп палатанын эшигин кантип ачканымды да билбейм. Баламды керебетинен таппай калчудай муунум калчылдайт. Жатыптыр. Жаныбыздагы эки аял балдарын беймарал эмизишип олтурушат. Кызымды колума алаарым менен билдим. Узап бараткан экен. Ушуга чейин мени жубатып келген көздөрү аңтары-

ла жумулуп, мемиреген жүзүнө ажалдын көк темгил көлөкөсү түшүптүр. Берки аялдарга билгизбей кокүрөгүмө бекем кысып эмизип жаткандай болуп олтура кеттим. Аялдар узакка эмизишти. Алар энелик мээримдерин жүрөктөрүнө батыра алышпай наристелерине тынымсыз жалынып-жалбарышып, эркелетишип жатышты. А менин колумда болсо эми эненин сүйүүсүн эч-качан сезип туйбай турган кызымдын ымыркай денеси жаны кетип, катып баратты. Эч нерседен шек санашпаган аялдар эмизип бүтүшүп, чыгып кетишти. Жалгыз калганыбызда гана бир боздоп алып, кайра тып басылдым. Кызымдын жаны бул дүйнөдөн чочубай кетсин дедим. Акыркы ирет боорума бекем басып олтурдум. Эмчегимди салсам сүт эриндери бир дирт этип алды да, ачалбады. Денемдеги бардык жылуулугумду топтоп ага өтсө деп жанталашсам да, демим менен жылытсам да муздагандан муздап баратты. Кызым укчудан бетер тынымсыз шыбырай бердим: «Ак сүтүмдөн кечтим, көпөлөгүм, Тогуз ай толгонуп көтөрүп, толгоо тартып кыйналганымдан, эки айлык мээнетимден кечтим. Сен да мени кечир, наристем. Өзүңдү төрөгөнүм менен өмүрүңдү кошо т ө р ө б ө п м ү н.

Көзү ачык бойдон кетип баратасың. Жашоонун азабын гана тартып өттүң. Кечир мени, бейкүнөө көпөлөгүм? Сен бир да жолу көрбөгөн, сенин өлүмүңө себепкер болгон атаңды кечир?..» —деп дагы бир нерселерди айта берипмин. Ушул учурда кызымдын жаны кыйналбай чыгып, наркы дүйнөнүн бейишине чымчык болуп тезирээк эле учуп барса экен деп тиледим. Бир сааттан кийин кызым бул дүйнөгө таандык болбой калды. Көгөрүп, муздап бүткөн жүзүн көз жашыма жууп, акыркы жолу өпкүлөдүм да, дарылаган догдурдун кабинетине көтөрүп барып колуна карматтым. Анан үйдөгүлөргө телефон чалып кабарлаганы чыгып кеттим. Азыр аларды күтүп турам», — деди. Мен анын ата-энеси келгенче эш болуп жанында турдум.

Эже ушуларды ыйга какалып, жатып араң айтып бүттү. Менин көз жашым да аарчыганга бурчамымды келтирбей агып жатты. Ар кимибиз өз перзентибиз жөнүндө ойлодук. Баласын түбөлүккө жоготуу бир дагы эненин башына салбасын. Ыйлап кичине бугубуз чыккандан кийин студентканын үй дарегин билбегенибизге өкүндүк. Барып куран окуп, көңүл айтып коймок экенбиз.

Ошол бойдон студентка келинди көрбодүм. Негедир оюма көп түшөт. Канча балалуу болду экен деп калам. Ал мага көп бала төрөгөндөй сезиле берет. Бир күнү өзүнө окшогон уулкыздарын жетелеп жолумдан чыгаарына ишенип жүрөм.

# КӨПҮРӨ

Биздин кыштакта «илгери» деген сөз көп айтылат.

...Илгери мынабул үйлөрдүн ортолуктары өзүнчө эле бир жаткан талаа эле. Той-тобурларда кадимкидей улак чабылчу. Кудайга шүгүр, минтип эл көбөйүп өстү. Айыл ичинде, тооканаа салгыдай укум жер жок. Бала-чака тоонун боорун жыра тартышып, үстүн түздөшүп, өз түндүгүн көтөрүштүн амалын издеп калышты. Эмкилер дегеле бышык ой. Дубал тургузула электен мурун тегерегин тосуп башташат экен чычкан өтпөгүдөй кылып. Коңшуңдун үйүнө ат чабым жерди айланып басып араң барчу болдук. Ошентип бара-бара каттоо деле жоголгудай.

...Илгери бирөөнүкүнө келген мейманды бүт айыл узатчубуз. Оокатыбыз деле чамалуу эле. Анда көңүл кенен экен. Тапкан-ташыганыбызды ортого салып бажырашып олтуруп эле жеп-ичип туруп кетчүбүз.Азыр барчылык заманда ата-бала «кел» дешпей баратат.

...Илгери жаштардын оюн-күлкүдөн башы чыкчу эмес. Отуздан ашканга чейин эле оокат эмне экенин билбеппиз. Эми болсо бетинен түгү түшө элек келиндер эринин үйүнө чемоданын кулптай келишет. Абысын-ажын болушуп, бир баштары кошулуп, эбирешип олтурушканын көрө албайсың..

...Илгери...

Күндүн мурду жылып, биздин үйдүн чыгышка караган узун айванына мемиреп тие баштагандан этек-жеңин жыйынган коңур күзгө чейин чарпаябыздан кемпир-кесек үзүлбөй илгеркилерин сөз кылып олтурушат. Улуусу үч бүгүлүп кемшейген кемпир, арты коңгуроодой тармал чачтарын эми кыроо чалып, али үнүнүн шаңкылдагы, дидарынын нуру өчө элек аял — менин апам. Эки ооз кептеринин бирипде «ай жеңе..., и-ий, келинди...» наз менен катырышып айтышып, азилдери оозунан түш пөйт. Колдорунда болсо ийик, жүн, же неберелери...

Беш-он жылдан кийин өзүм да булардын баарын «илгери-и...» деп арман кылып сүйлөөчү болдум. Айылга ар келген сайын жоолугун ээк алдынан бош таштап, демиге баскан апамдын артынан ээрчий улам бир үйгө кирип, кайтыш болгон энелеримди ыйлап жоктогон күндөр да келди. Чындап кейип ыйлачумун. «Кой, койгула...» дешин кошок кошкон аялдарды токтотушуп, куран окула баштаганда али азасы чыгып бүгүлө элек боз үйлөрдүн керегө-ууктарынан ээсинин жылуу ырайын издеп көкүрөгүм муздай улутунам.

Бүгүн да машинеден түшүп, тээ төштүн этегиндеги үйүбүзгө жеткиче жол арбыбай, жалгызсырап бараттым. Мурдагыдай алдымдан тосо чыккан ч о ң э н е л е р и м жок. Тереседен, каалганын жылчыгынан кызыксынып, шыкаалай коюшкан бирин-серин жеңе-желпилеримдин караанын көзүм чалат. Эшик алдында жаш балдар ойноп олтурушат. Алар мен айылдан кеткенден кийин төрөлүшкөн., бири-бирибизди тааныбайбыз. Оюндарын токтотушуп, саамга элейип тиктеп калышты. Өтө беремде көөнүм түтпөй:

— Чоңойдуңарбы? — дейм. Унчугушпайт. Артымдан «Ким? Ким?» деген шыбырлар угулат. Кудайга шүгүр, тааныган бирөө чыкты. «Бүбүкан эненин кызы».

Баягы чарпаяда апам экөөбүз маңдай-тескей олтуруп, көзүбүз тойбой тиктеше чайды узакка ичтик. Акыры чайга да, кепке да канганыбызда эми гана эстегендей шашып калды:

— Тур! Чоң апаңа барып учурашып кел!

Менин кыйыктана түшкөндөй түрүм апама жакпады. Үнүн эми көтөрө чалып:

— Кой, балам, Барып сурап кой. Ал дагы бир мусаапыр. Мурдагыдай чуркап келер алы жок. Келиндин көзүн карап калган. Сени бир Айнаш дегенде он Айнаш деп жалынып-жалбарып олтурат. Капа болот да келип кеткениңди укса...

— Жеңем үйүндөбү? —деп сурадым беймазаланып.

— Үйүндө болбогондо каякта дейсиң, — деди апам суз гана. Анан үшкүрүнүп койду. Шаардан көтөрө келген мөмө-жемиштерден тең бөлүп колума карматып, кайра-кайра дайындап жатты:

— Буларды чоң апаңдын өз колуна кармат. «Ооз тийип коюңуз менин апкелгендеримден» де. «Мынабул наватты өзүңүз бекитип алып, чайга салып ичип жүрүңүз» де.

— Болуптурчу эми,— деп күңкүлдөдүм мен жаш баладан бетер сөз үйрөткөнүнө арданып. Апам көңүлү тынбай, же мага кайрып, сөз айта албай, буулугуп, эки үйдү бөлүп турган көпүрөгө чейин кошо басып келип калып калды.

Көпүрө десем буркан-шаркан түшкөн дарыяны, ага салынган узун көпүрөнү элестетип жүрбөңүздөр. Чоң апам менен биздин үйлөрүбүздүн аралыгы эки карыш келбейт. Ортодон бир кичинекей булак суу агып өтөт, анын аркы өйүзү чоң апамдарга, бери жагы бизге караштуу. Зоокадан агып түшкөн булактын суусу туптунук, түбүндөгү каралжын акак таштар бириндеп көрүнүп турат. Ичсе жайдын күнү да тиш какшатар-



лык муздак. Булакка артылып жалпак тактайча атам замандан бери жатат. Чет-жакасы чирип жемирейип, эки учу жерге батып көрүнбөй да калган. Чоңубуз да, балабыз да бир аттамдан чыкпаган суудан ошол көпүрө аркылуу өтөбүз.

Бала чагыбызда бул көпүрөнү күнүнө миң ирет таптап өтүп чоң апамдыкына каттаар элек. Анда абамдын көзү тирүү. Эки үйдүн тиричилиги бир сыяктуу жашоочубуз. Айрыкча кышкы кечтерде бышык кыштан заңгыратып салынган ак үйүбүздү жерип, абамдын темир печкалуу жер тамына тыгылчубуз баарыбыз. Арча отун чарт-чурт эте гүүлдөп күйгөн сайын печкенин ысык табы чеке тердетип, кыштын ажарын ачып турчу. Чоң апам биз жакшы көргөн майлама жасап, чокко кайнаган ысык чай менен ортого коёт. Бул үйдөн биз жеген тамактын баары ширин көрүнчү.

— Ээ, кокуй, тамак көрүшпөгөнсүп менин балдарым кантет? — деп уялгансып бизди тыйган апама чоң апам таарына түшөт:

— Бул үй, ал үй деп бөлгөнүңдү койсоң?... Ушулар жесин деп жасадым да. Алгыла, айланайындарым...

Көпүрөдөн өтүп, ошол ыманы ысык жер тамдын ордуна тургузулган төрт канат ак үйгө жеткиче ушуларды ойлонуп жибердим.

— Апей, кыз, келиңиз! Келбей кеттиңиз го таптакыр эле? — деп ордунан тура калган жеңем, чоң апамдын жалгыз келини алдыма салганы төшөк ала жүгүрдү.

— Жакшына көйнөктөрдү өзүңүз эле кие бербей, бизге деле таап берсеңиз. Пулун ашыгы менен төлөйлү, —деди чайпай койгондон кийин жаныма тизе бүгүп.

— Сага жарашмак беле мындай көйнөк, — деп койду баятан бери үндөбөй «Чалкан» окуп жаткан акебиз тили кычышкансып.

— И бечара, сага эмне жок! Сүйлөгөнүн кара кыйратып койгонсуп!...

— Эр болуп бир көйнөк алып бергенге жарабайсыз дагы... Себимдеги кийимдерим менен жүрөм эки бала туугуча! — Итатайы тутулган жеңем буркан-шаркан түшө баштады. Акем эшикке чыга качып кутулду.

Мен чоң апам жаткан бөлмөгө кирип кеттим. Келгенимде сурасам: «Уктап жатат» — дешкен эле. Ойгоо экен. Мени көрүп, жаздыктан башын араң үзүп өйдө боло берди: — Кимсиң?

Айнашсыңбы? Айланайын, айланайын. — Алсыз үнү эрип кеткендей элдир-селдир угулат. Сунган колдорумду көпкө жыттап, бешенемден өптү. — Жүрөсүңбү танисак? Келбей койдуң да тегеле? Бизди сагынбайт окшойсуң?

Алты ооз кеп айткыча алы куруп, дубалга жөлөндү. Каректери тойбогонсуп жүзүмө узак кадалат.

— Ой, колуңуз эмне болгон? — деп чочуп кеттим, канжалаган билегин көрүп. Сарыгып катып калган канын жууп да албаптыр.

Чоң апам биринчи жолу көрүп жаткансып колун өйдө көтөрүп кайдыгер карап койду.

— И-и, кудай алсын. Тиги келин баласын кан-какшатып урганынан ортого түшөм деп, түртүп ийсе, эшиктин кырына уруп алдым. Канча алым бар эле менин.

Колун таңып берейин деп чүпүрөк издей баштадым. Эски үйдөн калган-каткан буюмдар ушул бөлмөгө тыгылган экен. Ортодо бизди далай ысыткан темир печке турат. Көзгө тааныш сыры кеткен жыгач жаван да ушул жерде экен, үстүнө бирин-серин жууркан-төшөктөрүн жыйып коюшуптур. Жерге салынган боодо да мурдагы. Жавандын ичинен эскирээк ак оромол таап, чыканагына чейин ороп туруп таңып салдым. Ушул сүлпөтүндө чоң апам согуштун жарадары кейиптенип турду. Башында ак оромол, чет жакасынан булайып чыккан сабдал чачтары да апаппак, ак таңуу колдорун көкүрөгүнө бекем кысып алган. Күзгү коондой тордолгон кара-тору жүзүнөн эчак нур качып, молодой жансыз. «Чоң апаң жашында чырайлуу болуптур, — деп апамдан качандыр уккандарымды эстеп кеттим. — Басмачылар чыкканда корбашысы ireңине кызыгып, зордуктап аялдыкка алган экен. Кийин алар колго түшкөндө атасы алып баса берет, бир жашар кызын туугандары талашып бербей коюшуптур. Арадан бир жыл өтпөй жаңы өкмөттөн башы азат болгон корбашы күйөөсү артынан келип колун сурайт, атасы ынабайт. Корбашы амалы түгөнүп, аттанып жөнөрүндө ушул чоң апам ээрчий басып топусуна жүзүн жашырып ыйлап жибериптир. Ошондо осол болгон ата-энеси кайрадан үйгө түшүрүшүп, салт -шаанисин кылышып, учкаштырып, узатышыптыр. -

Корбашы күйөөсү көп узабай эски жараты кабылдап кетип кайтыш болуп, жесир калганында менин абама алып беришкен экен жээк-жаттары. Илгерки чырайынан какыйгантүптүз бою эле калды бечаранын, — деген кеп-келечтерди көп укчумун. — Үстүнөн түшпөй минген неберелери да белин бү-

гө алышпады. Өзү да бир сатаң жүрөт, алигиче бетин күндө атыр самын менен жууйт имиш. Ак оромолун жаш келинден бетер ээк алдынан салынып үлпүлдөп казан-аяк кармаганда жүдөбогөнүн кантесиң. Кошокчулугун айтсаңыз. Каяктагы ырлардын баарын билет».

Ошол жалгыз башынан да «имиш-имиши» көп чоң апамды аянычтан жүрөгүм ооруп үндөбөй карап олтурдум. Ал анда-санда бир сүйлөп коёт.:

— Бурманы көрөсүңбү? Деги үйүнө барасыңбы?

Мен арсар баш ийкедим. Чоң апамдын жалгыз кызы Бурма эже экөөбүз бир калаада жашаганыбыз менен каттообуз кем.

— Ошентип жүргүлө, — деди жактыра. — Эки атанын балдарысыңар. Тууган бел болот алыста. Бул апаң да баспай койду бул үйгө. Эмне кылайын келиндин тили жаман. Пейил экен да. Ого таарынбай эле келе бербейби. Көрүп жүргөн адамыңды жоктойт экенсиң. Эстеп атам күнүгө.

Кетээримде колумдан дагы узакка жыттап турду:

— Дагы көрөмбү, көрбөймбү сени... Мен өлсөм Бурма жеңдин жанына олтуруп ыйлатын, куппу? Жалгыз олтуруп калбасын. Кошокту мыктылап кош. Чоң апам ак сандыктын буту эле, ак канат үйдүн куту эле. Ак сандыктан бут кетти, ак канат үйдөн кут кетти де. Атаң кыйын ырчы эле, атаңды тарткандырсың.

— Өлбөңүзчү, чоң апа? — Көздөрүмө имерилген жашты зорго жашырдым.

— А-а, балам, дүйнөгө түркүк болгон ким бар. Бир келген мейманбыз да бул жарыкчылыкта.

Чыгып баратсам газдын оту өчүрүлүп, жеңем чүмкөнө тескери карап жатып алыптыр. Баш көтөрбөдү кайырлашсам да.

Ошол бойдон чоң апамдын көзүн көрбөй калдым. Ишим боюнча Москвада командировкада узакка жүрүп келсем чоң апамдын кыркын чыгарышып жатышкан экен. Боз үйдө тескери карап кошок кошуп олтургандардын ичинен апамды издеп таап, кучакташып, алып-копко ыйлаштык. Бугубуз чыккандан кийин апам муңайып, улам көзүнө жаш алып айтып олтурду.

— Жакшы күндө өлдү чоң апаң. Жума күнү жайга коюшту. Начарлап калганда Оштогу кызы табыпка салчумун деп үйүнө алып кеткен. «Кой, козгобо?»— десек тил албады. Сөөгүн ошол жактан алып келишти. Тил ооздон калгыча эле мени издеп: «Бүбүкан? Бүбүкан келдиби?» — деп сурай бериптир».

Мени Бүбүкан сууга алсын, мына бул көйнөктү (апам үстүндөгү көгүш жибек көйнөктү көрсөтүп) бергиле. Алакандай жери калгыча таштабай кийсин» — деп дайындаптыр. Эстей жүрсүн деген го. Эстебей анан... Бир ныптам эңшерилип, мен эле оңкулдап жатам жоктоп. Экөөбүз ушунча жыл абысын-ажын болуп бир ажылдашкан жокпуз. Дарт-балээ дешпедик. Жеңе жеңе жолу менен, келин келин жолу менен сыйлашып жүрүп өттүк. Кайненем жок, алмадайымдан ушул жеңемдин колуна келгемин. Атаңдан канча улуу болсо да «кичине бала» деп алдынан кыя өтпой ыйбоо кылып турчу. Атаң ыраматылык кыжыбалуу киши эле. Кээде жеңесине да ачуусу менен бир тийчү. Ошондо да тике карап сөз кайырбаган. Эски адамдар да. Мына эми «өлдү, өчтү» экен го. Аны билбей эле «сен, мен» дешет экенбиз пенделер...

* * *

Дагы бир жолу айылга келгенимде чай ичкенден кийин мурдагыдай шашып барып алын сурай турган эч кимим жок, чоң апамды эстеп ичим ачышып, үйү тарапты көздөй бастым. Сууга жеткенимде чочуп кеттим. Баягы көпүрөбүз жок. Жыгачтын орду оңурайып, куниги чыгып турат. Шылдырап агып жаткан туптунук булак суусунун да көркү өчө түшүптүр. Башка чапкандай артыма кайрылып жөнөдүм.

— Көпүрөгө эмне болгон? — деп күйүп-бышып сурадым апамдан..

— А, балам, отун түгөнүп калгансып, тиги жеңең дандырына ичгей кылып жагып алыптыр. Айтып да жаман көрүндүм. «Ушул бир аттам сууга көпүрөнүн эмне керегн бар? Деги эле шумдугуңар кур экен!? — деп ыргыштайт. Не дейсиң анан. Чоң апаң болгондо кол тийгиздирмек эмес. Саарлап бетин жууйэлекте арык тазалоочу эле. Көрүп аткандыр сообун тиги дүйнөдө, — деди апам үшкүрүнүп.

Кийин-соңгу бала-чака- көп эле аракет кылышып, колго тийген устунбу, тактайбы сууга арта салып жүрүштү, токтободу. Бош жаткан жыгачты ары-бери өткөн адамдар көтөрө кетип калышат. Акыры тажаштыбы тим коюшту. Ошондон бери эки үй көпүрөсүз калдык.

... «Илгери» деген сөз ушинтип жаралат экен.

# АК ШООЛА

**Апам АМИРАнын элесине.**

«Апаң катуу кесел. Тез кел»,— деп эки ооз сөз жазылган алакандай кагаз Патиланын колуна кеч бешимде тийди. Аны Оштон каттоочу акыркы автобуста келгендер таштап өтүштү. Бул айылга алыс-жууктан, той-аштын, өлүм-житимдин кабары көбүнчө ушул автобус менен жетип келатат. Ал үчүн чоң шаардын кымгуут автобекетинин бир четинен «Савай» деген кыштакка жөнөп жаткан автобуска чыгып, «Мынабул кагазды Баланча дегенге берип койгула» деген сөз эле жетишет. Мындай аманаттар асти жоголбойт.

Патила үч бүктөм кагазды ачып окуй электе эле өңү кубарып, эси оой түштү. Мындан жарым жыл мурда да күйөөсүнүн жолдо авариядан каза болгонун кабарлаган ушундай үч бүктөм кагазды кеч бешимде алган. Оюна дароо жамандык кетти. «Апам?...» Шаарда өзү жалгыз жашоочу карыган апасынан башка жакыны жок эле. Кагазды ачууга чамасы келбей ичинен кудайга жалына кетти: «Айланайын кудай мени дагы шордотпо? Мен бейбакты ая?!.» Бирок чоң кудай да аны тагдырдын таш боор буйругунан сактап калалбаптыр. «Апаң катуу кесел...» Бул суук кабарды окууру менен жер силкинип, үстүнө тоо кулап түшкөнсүдү. Жүрөгүн куушуруп нес кылган коркунучтан көз жашы да чыккан жок. Апасы...

Ошто турчу апасын акыркы жолу ноябрдын башында көргөн эле. Ошондон бир күн мурун капыстан улуу кар жаап, суукка үйрөнүшө элек адамдардын шаштысын кетирген. Күйөөсүнүн күйүтүнөн баш көтөрө элек Патила отун-суусун камдай электе бир күндүн ичинде кыш түштү. Сөөктөн өткөн муздак үйүндө төрт жашар уулун төшөккө тумчулап, аргасы куруп олтура бериптир. Оор карга чөмүлгөн айыл да жан адам жоктой тунжурайт. Түш оой короонун жыгач эшиги кыйчылдап шарпа угулгандай болду. Терезеден караса апасы үймө жыгач жүктөлгөн кол арабаны дарбазадан киргизе албай жатыптыр. Чуркап чыккан Патила экөөлөп үндөбөй бир топ машакат менен короого киргизишти. Апасы үйгө кирип, буту-колун жазып олтургандан кийин гана келишинин жайын угузган. «Кечээ эрте менен турсам эле кар жаап коюптур. Отун суусу жок, жаш баласы менен кантти экен деп сени ойлоп заманам куурулуп кетти. Алма бактан үч түп дарак калды эле. Ошону кечке кыйып, жарып бүгүн таң заарлап арабага жүктөп жөнөй

бердим, машине жалдайын десем бир мынчаны айтышат. Ого пул кайдан... Эгем жар болуп минтип кыбырасам да жетип алдым», —деген кыйналганына да кайыл болуп. Көңүлү күйүттүү олтурган Патила муну укканда өксүп ыйлап жиберген. Күйөөсүнүн орду жоктолуп, карыган апасына күнү түшүп калганына жаны кейип ыйлады. Ага боор ачып күнчүлүк жолдо кыйналып отун апкелген апасын аяп ыйлады. Эне да ага кошулуп үнсүз жашып турган. Эртеси боюн которо албай эзилип калыптыр. Кызынын үйүндө эки күн зорго түнөдү, үчүнчү күнү «тоокторум ачка калды» деп шаарына шашылган. Кайтаарында короодон он кадамдай узагандан кийин түтпөй кеттиби, кайрылып олтура калып батасын дагы берген. Ошо бойон апасын көрө элек эле.

Патила эс-учун жыйгандан кийин шашылып калды. Шаарга тез жетиш керек. Мүмкүн али кеч эместир. Дарыланса айыгып кетер. Ушул ийне көзүндөй үлпүлдөгөн үмүт аны карманталтатып коңшусунун үйүнө эбелектей учуруп барды. Орто жаш эрди-катын чакан бөлмөнүн ортосунда коюлган темир печкени бала-чакалары менен тегеректешип бейгам тамылжып олтурушуптур. Как отун жагылган печке гүүлдөп ысык күйүп жатат. Кары улуу кыштын кечинде өзү менен өзү болуп күн кечкиртишип олтурган үй-бүлөнүн бейгам турмушу Патиланын көңүл дартын ансайың күчөтүп ийди. Өзүнүн азыркы кайгысын, эркеги жок берекеси учкан суук үйүн, жесир жашоосун, улуунун эми атасыз өсөөрүн муңкана ойлоду. Анын өң-алеттен кеткен өңүн сестейе карап калган үйдүн эркеги чочуй сурады:

— Ой, кел келиним! Тынчылыкпы?!

— Аба, апам катуу ооруп жатыптыр. Азыр кагаз келди. Тез барбасам болбойт. Машинеңиз менен жеткирип коюңузчу? Жаман зарыгып турам.

— Ка-ап, бечара — дешип эрди-катын каралуу келиндин башына дагы мүшкүл түшкөнүнө кейип -кепчип алышты. Анан жубата сүйлөштү:

— Кой, капа болбо, ысык жан эмеспи, кичине табы айнып калгандыр.

— Кемпир али чыйрак. Жамандыкка жоруба.

Сөз арасында «Эмне дейсиң?» — дегенсип үйдүн аялы алдыртан эрин тиктейт. Бел курун маасысын чечип беймарал жайланыша олтурган эркек көздөрүн эки аялдан тең ала качып буйдалып калды. Ысык печкенин табына кактанып олтурган жылуу ордунан козголгусу келбегени байкалат. Ыңгыранып терезени карады. Күүгүм коюуланып кирип келаткан.

— Ка-ап, келиним, машинем бузук эле да. Орто жолдо бузулуп, түнү талаада калбайлы. Саарлап жеткирейин, мейлиби айланайын,— деди коңшусу айыпкер үн менен.


— Мейли... — Патила мукурагандай шыбырап айтты. Андан башка эмне демек эле. Кечөгө чыкканында дагы кимдин машинеси бар экенин эстеп карайлап туруп калды. Көңүлүнө ылайык эч ким илинбеди. Күйөөсүнө туугандык жайы бар жакын коңшусунан шагы сынган келин дагы бирөөдөн сураныш-ка даабаган жок. Үйүн көздөй аргасы куруй илкий басып келатты. Бая артынан ээрчип ыйлап калган уулу босогодо бышактап туруптур. Анын ыйы Патиланын таштай түйүлгөн жүрөгүн бошотуп ийди. Уулун боoруна кыса кучактап алып буркурап, боздоп ыйлады. Кымындан болсо да ал ыйлап алар кайгы- муңун бөлүшөр бир жан бар турбайбы. Өз боорунан жаралган балапан дене кучагына толуп, кадимкидей эш болуп турду. Ыйлап жатып ушул уулу торолуп, муун-жүнү каткыча турмуштун бардык соккусуна солк этпей чыдашка милдеткер экендигин ойлоду. Ушул ойго чыйралдыбы, же ичи бошоп, баласынын демине жылый түштүбү келин көп бошошпой калды. Эс- акылын жыйнап, эмне кылсам деп өзүнө-өзү акыл салды. Эми бир гана арга бар. Жөө кете бериш керек. Шаарга чейинки жолду көңүлүндө чамалап көрсө, тынбай басса 4—5 саатта кирип баргыдай. Уулун ойлогондо ичи ийриле түшүп, кайра «көтөрүп алам» деп кайраттанды. Күйөөсүнүн ичигин киет да койнуна катып алат. Карыган апасы деле оорукчан жанына карабай ошончо жолдон арабаны отуну менен жөө түртүп келбедиби. Муну эстегенде келиндин көздөрү ачыла түштү. Болду, тобокел, жөнөдү. Колуна тийген бирин-экин кийиминен, акчасын алды да үйдөн чыкканча шашты.

— Таенеме барабызбы? — деп сүйүнүп кетти уулу. Ал эс тарткалы шаар тарапка көп каттаган шагылдуу таш жолду таанып алды. Көп кабаттуу үйлөрү бар кымгуут шаарда жашаган таенесинин жашоосу ага ажайып сезилчү.

— Ооба, уулум. Тайэнең ооруп жатыптыр. Барып келели, — деди Патила жетегинде тың басып келаткан уулуна кубана карап. Кичи болот деген ушу. Күндүзү ылымта тийген күнгө нымшый түшкөн жолдун кары кечки суукка кайра тысырайа тоңуп, басканга оңой болуп калыптыр.

— Каери ооруп атат? Мен өөп койсом сакайып калабы? — деди бала өз сөзүнө өзү ишенип.

— Ошент, уулум, тилегиңден айланайын сенин. Тайэнең бизди көрүп эле сакая түшөт. — Келин караңгыда ээн жолду



шоокум кылгысы келип, баланын ою менен боло сүйлөшүп баратты. Жол али айылдан суурулуп чыга элек эле. Карга көмүлгөн айылдын чачыранды оттору айсыз караңгы түндү тешип өтүп, тээ алыстан муздак жылтылдайт. Жаңы кардын агыш жарыгы жолдун нугун дааналап көрсөтүп турду. Эне бала үйлөрдүн жагылган отторун караан кылып, түндү жаңырта кобурашып келатышты. Патиланын уулу менен биринчи жолу баласынтпай каадалуу сүйлөшкөнү да ушу. Аны тайэнеси жөнүндө улам сүрөмөлөп айттырып, өзү да айтып берип, сөздөрү түгөнгүдөй эмес. Апасы жөнүндө уулуна айтып бере тургандары ушунчалык көп экен. Көкүрөгүнө батпай өрөпкүтүп чыкты. Өзү оолсо энесине көрсөтө элек ызааты, айта элек жылуу сөздөрү үчүн өкүнүп өксүгөн сезимге кабылды. Бүгүн болбосо эртең айтаармын, бүгүн болбосо эртең көңүлүн алаармын деп камырабай жүрө бериптир. Мына эми апасынан түбөлүккө айрылуу коркунучу гана анын кадырын чындап туйгузуп жатат. Жакын адамыңдан жылуу мамилеңди аябай, көңүлүн тоё сыйлап, алпештей жүрбөсөң, андан ажырап калганда ачуу арман болорун күйөөсүнүн өлүмүнөн кийин түшүнгөн. Эми апасына да ошентүүгө үлгүрбөй калабы? Анда Патиланын арманы көп болор.

Ушинтип аттиң кылып, өкүнүчтүү ойлорго эзилген келин уулуң кез-кез тиктеп алат. Баласы да качан өзүн жоктоп кадырына жетер экен? Энени туюу эркектерде качан, кантип келерин ким билсин. Ал эми аялдар өзү биринчи жолу төрөгөндө апаларын эстешет. Патила да жан тери келип толгоо тартканда: «Айланайын апам ай, сен да мени ушинтип азап чегип төрөдүң беле?!» — деп ыйлаган. Кийин бала багуу түйшүгүнөн кыйналган учурларда өз энесинин мээнетине башкача көз караш менен карап, кайра-кайра ыраазылык менен эстеп жүрдү. Анын үстүнө апасы бир гана кызым деп жашаптыр. Патила эрте көз жумган атасын чала-була гана билет. Жалгыз кызын азытпай багам деп апасы байкуштун кылбаганы калбады. Кийим тигүү фабрикасында керээлден-кечке иштеп келип, түнү көз майын коротуп, үйдө тигет. Дем алыш, майрам, шаан-шөкөт дегенди билчү эмес. Анын тырышып жүрүп тапканы экөөнүн турмушуна зорго өп чап жетет. Ошондонбу, Патила жупуну, басмырт өстү. Институтта окуп жүрүп өзүнө окшош кембагал жетим балага турмушка чыкты. Экөөнүн тирилиги эми уланып бараткан да күйөөсүнөн айрылып кара кийди. Анан кайдан жүрүп апасынын эмгегин актагыдай болсун.

Баласынын арышына карамалап келин жай келатты. Көңүлүн удургуткан ысык-муздак ойлордон бети алоолоп күйүп чыгыптыр. Дагы канча жол жүрөрүн ойлоштон жүрөксүнт. Жер оңутүнөн гана каерде келатканын баамдап коёт. Антип мүнтип кыбырап олтурушуп, айылдын этегине да чыгып калышыптыр.

Айыл четиндеги тоголок дөбөнү айланышса эле үйлөрдүн жарыктары өчөт. Андан ары Ак-Бордун тумшугуна чейин эт бышымдык ээн жол жатат. Патиланын жүрөгүнүн үшүн алган ушул аралык эле. Жол тумшукка жеткенче калың чычырканактуу сайды, эски гөрүстөндү аралап өтүп, кокту-колотторгo кирип-чыгып ийреңдеп, улам өрдөп кете берет. Ак-Бордун туу кырына чыккандан кийин гана шаар көрүнө баштайт. Андан ары жол да ылдыйыштап басканга оңой болмок.

Патила тумшукка эптеп жетип алсам деп көздөрү чачырап кетти. Уулунун буттары чалыштап бая эле чарчай баштаган. Ага жүрөгү ооруса да сөзгө алаксытып күч менен жетелеп келатты. Көтөрө турган убакыт али алдыда. «Чыда, уулум — дейт ичинен сай-сөөгү сыздап. — Бул сенин биринчи кыйынчылыгыңдыр. Билип кой, турмуштан эч качан ырайым күтпө! Ал ... нин балалыгыңа, жалгыздыгыңа, бейкүнөөлүгүңө карабайт Анын бороон-чапкынынан сен да кутула албайсың. Турмушту чыдаган жеңет, уулум. Сен ушуну түшүнгүчө, эр жетип адам болгуча мага кудай күч-кубат берсе экен. Мен барда алымдын жетишинче канатыма калкалап турармын...»

Бала эненин жүрөгүндөгү бул уйгу-туйгуну туйбай, бытыйган алакандарын анын колдоруна ишенимдүү катып алып, эч нерседен кам жебей тыпылдап келатты.

Тоголок дөбөнү айланышкандан кийин айыл көрүнбөй, жете лешкен эне- баланы капкара түн ороп калды. Жол четиндеги додолонгон кар күрткүсүнөн ары эч нерсе көрүнбөйт. Жар бойлоп кеткен жолго сайдагы суунун шоокуму беймарал жетип, ансайын түндүн сүрүн арттырып ийди. Демин ичине алган Патила корккопун жеңиш үчүн уулун көтөрүп алды. Чарчап уйкусу келген бала тондун ичине кирээри менен бадани жылып, талыкшый түштү. Түнкү жолду сонуркаганы бая эле таркаган. Эми апасынын көкүрөгүнө башын жолоп, таттуу уйкуга алдырып баратат. Эненин кучагы мемиретип дароо эле бышылдап уктап кетти. Патила уулунун салмагына оордошкон жок. Кайра анын жыпар жытына көңүлү тоюп, демдене басты. Уулун көтөргөндү мурда деле жакшы көрчү. Чоңоюп калса деле атайылап кээде көтөрүп алат. Өзүнүн кан-жанынан жаралган ушул

кичинекей жанды которсо кубаттана түшөт. Анын бул кылыгы на күйөөсү да күлүп калчу. эле.

Баласына ичи элжиреп алаксый калган келин эски гөрүс - төндөн өтүп кеткенин да туйган жок. Эми өр башталат. Жол бийиктеген сайын бет алдыдан соккон шамал күчөдү. Октолуп келип көкүрөктөн түртүп өткөн шамал Патиланы артка сүрүп таштоочудай болот. Ага каршы илгерилейм деп жатып буттарынын да ал-күчү кете баштады. Жүрөксүй түшкөн келин дин эси-дарты Ак-Борго эсен -аман жетиш болуп, ошого оюн топтоп, күчүн үрөп жатып, коркуу да эсинен чыгып кетти. Жаны кетип талыган буттары кээде чалыштай түшөт. Уулун көтөргөн колдору да уюп чыкты. Чымырап ысып сыздаган колдорун кичине копшоп алгысы келсе да кыймылдаткан жок. Баласынын уйкусун аяды. Жылуу коюнунда тердеп -тепчип уктаган сондон жол азабын билбей-көрбөй калсын деди. Анын үстүнө уулу ойгонсо аны менен коошар болуп сүйлөшкөнгө дарманы жеткидей эмес. Билектешип кармашкан колдору барган сайын жылмышып чыгып кетчүдөй болуп ооруп, жанын көзүнө көрсөтөт. Бирок чыдап баратты. Колдорун жазып жибербөөгө кудурети кантип жеткенине өзү да таң.

Бул кыйналганы күзүндө апасынын ушул жол менен жөө араба түртүп өткөнүн кайрадан эстетти. Ошондо апасын аяп ыйлаганы кеп эмес экен. Эненин отун апкелатып, чеккен азабын азыр гана чындап туюп-билип жатат. Апасы да Ак-Бордун аркы жагынан зылдай оор жүктү жанын оозуна тиштеп эле түртүп чыккандыр. Оорукчан кары кемпирди ошондой кыйноого эмне мажбур кылды экен? Отун -суусуз тоңуп олтурган кызы менен небереси көз алдынан кетпей өлөрмандыгына салып эле жүрүп олтурдубу? Кепичине кирип, арабанын дөңгөлөгүнө оролошуп мазасын алган улуу карды каргап-шилеп ыйлагандыр. Ошондо апамды көргөндөр болду бекен деген ой келди Патилага. Күндүзү бул жолдон каттаган машинелер үзүлбөйт. Араба артында сүйрөлгөн кемпирге боору ачыган эч ким чыкпадыбы? Же кайра «жиндиби» дешип мазактап өтүштүбү? Алкүчтөн тайса да арабаны коё бербей сендиректеген апасынын элеси коз алдында туруп алды. Алсыраган денеси, сыздаган булчуңдары өзүнүкү эмес эле апасыныкындай элестеп, ансайын жаны кыйналып кетти. Энтигип аба жетпей, оозу туз даамданат. Кичине олтуруп тынып алсам дегенде эки көзү төрт. Бирок олтуруп, кайра туралбай калбайын деп корккону нан бар күчүн жыйнап алдыга ынтыла берди.

Айсыз караңгы түн коюулангандан коюуланды. Караңгылыкка тумчуккан келин эч болбосо бир жылдызды көрөрмүн деген үмүттө улам чалкалап карап коёт. Карамтыл булут түтаң каптаган асмандын жылчык жок түнөргөнү жазылбады. Бүркөө асман Патиланын жүрөгүндөгү дүрбөлөңдү ансайын күчөттү. Калың кар жамынып дүпүйүп жаткан тоонун карааңдарын, караңыңкы жарларды, сел жууп коо болуп калган коллотторду сестенип карап өтөт. Саван айылына келин болуп келгени бул жол менен машинеде көп жолу каттаса да түнү көзүнө жат көрүнүп турду. Тумшукка чейин дагы канча калды экен. Демин кыстыгып, чалыштаган келин улам бир коктудан чыгып, бурулушка келгенде Ак-Борбу деп сүйүнүп кетет. Бул үмүтү алдамчы болуп чыкканда ансайын дарманы куруп алсырап жатты. Кез-кез уулунун демин тыңшап, жүзүнөн жыттап коёт. Көтөрүп кыйналса да ушул баласы түнкү ээн жолдо караан болуп баратпайбы. Тал чыбык келин кезинде өлүмдү, кайгыны, жалгыздыкты башынан өткөргөн Патила баласына кадимкидей таянып калган экен. Бул перзентинин да өзүнөн башка паанасы жок. Ээн үйдө көзү чачырап жаткан апасынын да күйөөрү жалгыз өзү. Ушуну ойлогондо алкымын бууган көз жашын улам ары күчтөп жутуп коёт. Кичине бошосо эле, армандуу ыйы көкүрөгүн селдей каптап кеткидей. Ыйга алдырсам баса албай куруп калбайын деп жол боюу тиштенип араң келатат.

Оозу кургап, башы айланган Патила бир ооқумда бетине чабылган кар аралаш ызгаар шамалдан көздөрү ачыла түштү. Бул башкача шамал эле. Ачык эшиктен жулунуп киргендей карды тозоңдотуп чачып атырылган бойдон келиндин этек-башын ай-буйга койбой жулмалап нйди. Баласынын бетин калкалап токтоп калган Патиланын көздөрүнө үйдөй чоң таш урунду. Көргөн көзүнө ишенбей көздөрүн пардап дагы тиктеди. «Ак-таш» —деди анан сүйүнүчтүү шыбырап. Ак-Бордун тумшугунда жатуучу ак ташты даана тааныды. Кубанычтан чарчаганын да унутуп тириле түшкөн келин көкүрөгүн толтура шамалдан жутуп алды. Акыры Ак-Борго жетиптир да! Анда неге шаар көрүнбөйт деп кайра камыга түштү. Шашылып үч-төрт кадам баскандан кийин тээ түзөңдөн оттору дециздей чалкыган шаардын карааны жаркырап чыга келди. Патилага түн жарый түшкөнсүдү. Теңселе басып барып Ак-Таштын урчугуна олтурду. Эки көзүн шаардан албай кадала тиктеп, сансыз оттордун ичинен апасынын үйүнүн жарыгын издеди. Ал сөзсүз күйүп тур-

гандай туюлду. Тирүүлүктүн ошол жайнаган отторунун ичинен апасынын жашоо жылдызы биротоло өчүп каларына жүрөгү ынанган жок. «Чыда, апа, мен сага баратам!» деп ичинен чыңырып алды.

Патила тумшуктун шамалына сергип, тери кургагыча бир аз олтурду. Мындан аркы жолго аз да болсо күч топтоп албаса болбойт. Ошко чейин дагы бир топ бар. Бирок эми коркпойт. Эң кыйыны артта калды. Ошончо жолду чындап эле басып өткөнүнө ишенбегенсип арт жагын карады. Калдайган түрү суук кара түн Патиланы колдон чыгарып жибергенине өкүнгөндөй үңүрөйөт. Капысынан кош ак шоола түндүн тээ түпкүрүнөн жарк этип чагыла түштү. Көрүмчүбү деп жүрөгү болк этип алды келиндин. Көз токтотуп караса машиненин жарыгы экен. Балбылдаган кош жарык кимдир-бироону издегендей кокту-колотторду тинткилеп жай жылып келатты. Патила коңшусун эстеди. Жоө кеткенин билип калышса коңулу түтпөй артынан жөнөдү бекен? Машине ага жетелекте эле муун-жүүнү бошоп араң турган каканагы жарылып кетти. Өпкө-өпкөсүнө батпай солуктап, көз жашы булак болуп оргуп, эми аянбай ыйлап кирди. Кош ак шоола болсо кара түндү жарып балбылдап уламдан-улам ага жакындап келатты.

# ТӨРТ КӨЗ

Атам замандан бери эле бул жер «Он адыр» деп аталып келиптир. Тарам-тарам майда адырлар... Күн батыш тарабында чоң калаа күжүлдөп, чыгыштан ак карлуу жашыл тоолор кучап, капталдап көк ирим дарыя күрпүлдөп агып өтөт. Адырлардын бар болгон жазыгы ошол дарыядан эки аркан бою бийикте жайгашып калгандыгында.

Жолдор түшүп, адырдын эли сайдан насос менен бүркүтүлүп чыккан сууга карк болушканда көп көчөлөрдүн биринде ги алакандай бош калган жерге дагы бир жаңы коңшу азын оолак жүгү менен келип түштү. Бул жерди ээлеген өзбек маала үчүн көчүп келгендердин кыргыздар экендиги бир топ жаңылык болду. «Жаш немелер тура, бечаралар», —дешти жакын арадагылар биринчи бүтүмүн чыгарышып. Бул сөздүн аркасында: «Кантип оокат кылышар экен?» деген күмонсүрөө баш баккансыйт. О жок, үйдүн ээси жаш жигит түзүк эле камбыл экен, балка-тешесин тыкылдатып жатып кечке жуук утурумдук баш калкалаар секиче жасап бүтүп койду.

Ошол түнү жаш жубайлар түнөгөн секиченин бир пыптасын жолбун ит баш пааналап алыптыр. Аны таң азандан ойгонуп тиричиликке киришкен жигит көрө койду. Адегенде сабдалып чыгып ичи кынжыйган, көздөрү тикенектей заардуу бул иттен чочулашып, тап берип кубалай баштады. Айбат кылбастан куйругун кыпчый кыңшылап, жаткан ордунан копшолумуш болгону менен качаар түрү жок. Арып-азып козголор деле дарманы калбаган сыяктуу кебетесине караганда. Ал чумкуй кара келип, эки көзүнүн үстүндө тептегерек эки агы бар экен. Көздөрү ачылып-жумулганда ошол актар да кошо кыймылдап, көзгө окшоп кетет. Мындай иттерди «Төрт көз» деп аташчу.

Шашке ченде келин идиштеги жугундуну обочо жерге төгүп коюп кирип кетти эле ит баса калып жалап-жуктап кирди. Тилине илинген бир-эки бүдүр кырмычык жумуруна жук болмок түгүл кайра араанын ачып ийгенсиди. Эсин эңги-деңги кылган ачкачылык кооптонгонун жеңип, эшик жакка ык сала жетип барды. Ичкериден колуна нан кармаган үйдүн баласы ороңпара чыгып келаткан. экен. Ит ай-буйга келбей нанды илип кетти. Чочуй түшкөн баланын ыйлаганга да чамасы келген жок. Эмшеңдеп баратып иттин нанды кантип жанталашып жатып-тура калып сугунуп ийгенин көргөндө алаксып түштү. Тамактын даамын алган ачка ит жеп бүткөндөн кийин баладан дагы үмүт кылгансып чуркап келип, тыяк-быягына бир чыгып шыйпаңдап жан- алы калбай жатты. Бала да анын суранычы

түшүнгөнсүдү. Үйгө кирип алакандай нанды көтөрүп чыкты да өзүнөн алыс ыргытты. Ит эми олжосун кызгангандай ары жакка алып кетип, жерге боортоктоп жатып алып жей баштады. Жайнаган үйлөрдүн ичинен эмнегедир ушул аманат тургузулган секичени ылым санап башын тыккан жолбун ит ушинтип туз-даам татты.

Аз күн өтпөй эле даакысы түшүп, териси жылтылдап, көзгө толумдуу тарткан ал өзүн ушул жердик сезип калды. Көздөрүндөгү заар да эрип, сокур берилгендик пайда болду. Кожоюндары эшик эликте басып жүрүшкөндө жаны алы калбай эркелеп, бура бастырбайт. Ичкен ашын актайын дейби, үйдүн жака-белине чоочун бирөөлөрдү жакындата койбой үрүп сес кылганычы.

Кеч күздүн ак жааны башталган күнү Төрт көздүн эллери жаңы салынган үйгө көчүп киришти. Алар жай бою жайлашкан секиче аңгырай түштү. Бошоп калган секиченин ичине итти жаандан корголотушуп байлашмак болушту .эле, Төрт көз башбакпай кетенчиктейт. Кечээ эле ал пир туткан адамдар менен ымаңы ысык бала жашоочу бул жер ал үчүн ыйыктыгын али жогото элек эле. Күндөгү ордуна секиченин түбүнө келип жаткандан кийин бүгүн ага бир нерсе жетишпей жатканын туйгансыды. Караңгы жана жымжырт секичеден тааныш жыт дагы эле уруп турганы менен кожоюндардын кобур-собурлары, баланын чыргоолонгон ыйы, наристе күлкүсү угулбай калган экен. Ошол коошарды жоктоп, муздак жамгырдын шапатасы урган ай талаада жалгыз калгансып коңултуктап тынчы кете баштады. Жашылданган кусаалуу көздөрүн жаңы үйдүн жарык күйүп турган чоң-чоң терезелеринен албайт. Бирок, аны эстегеп эч ким жок. Күндөгү жугундуну да беришпеди. Эшик ачылса эле үмүт кылып чуркап барат. Кимиси болсо да мээрим тилеп, ээнсиреген сезимин таркаткысы келет. Жаңы үйдүн кубанычына алаксыган үй ээлери ага көңүл бурганга чамалары жок. А түгүл бура бастырбай шыйпаңдай бергенинен итере тээп, какыс-кукус кылып да коюшту.

Бир оокумда терезелердин жарыгы өчтү. Ит эми жакшылыктан түңүлө жата турган жайына илээлей басып келди. Чаба жааган жамгыр чолоо жер калтырбай көл-шал суу кылып жибериптир. Боорунa откон сыздан, бир чети ачкачылыктан дирилдеп түпкүчтөй ийиле жата кетти. Жай кургакчыл келгендиктен жамгырдын үнүн да көпкө чейин укпай жатсырай түшүптүр. Үйдүн чатырчасына, айнектерге, жерге шатырата төгүлгөн тамчылардын доошу аны дүрбөлөңгө салып, шаштын алат.

Түн болсо узаргандан узарды...

Ушул күндөн баштап, анын кадыресе иттик турмушу баш
талды. Көп узабай секиче бузулганда үй жанындагы кичине-
кей топурак дөбөчөнүн боорун оюп, Төрт көз кең-кесири батаар
лык уя жасап беришкен. Каппаса да сүрүнөн сестенген коңшу-
колоңдор даап келе алышпай, айтып жүрүшүп байлатып ты
нышты. Ага көнбөй кыжырланган Төрт көз өзүн байлап-туша
ган чынжырды кажылап, эми чындап айбаты чыкты. Байлан-
ган иттин көздөрү да кекчил болуп калат экен. Жат бирөөнүн
жытын алса эле ызырына баштоочу болду. Андан жазганбаган
бир гана үйдүн баласы. Апасы жазып-танып алаксый түшсө
эле итке шып жетип келет. Төрт көз да аны көргөндө жумша-
рып, ыгына көнүп, оюу менен болот. Коркуу али оюна келе
элек наристе иттин кулактарынан чойгулап аткан, башы-көзү-
нөн жулмалап аткан. Көп эле уйпалап жүдөтүп жиберсе акы-
рын жылып уясына кирип кетет. Бир жолу баланы уяга кошо
тыгылып кирген боюнча уктап калган жеринен табышкан. Жак
шы дагы буттарынын учу чыгып калыптыр. Ошондон кийин
баланы «Төрт көздүн уялашы» деп эркелетип жүрүштү.

Төрт көз менен ээлеринин нукка түшүп келаткан турмушун
бузган коогалаңга чейин ушинтип бир күз, бир кыш, бир жаз
өттү. Түштүктүн саратаны куйкалаган жай жаңыдан баштал
ган эле. Ошол күнү түш оой күндүн ырайы капыстан бузулду.
Апталап ачык турган асманды кайдан-жайдандыр удургуп кел-
ген сур булуттар чүмкөп калды. Иттин жөндөн жөн эле тынчы
кетти. Чоң жолдон ары-бери өткөндөрдү матап тиктеп, сактан-
гандай кулактарын тикчийтет. Көчөнүн түрү да бүгүн комсоо

Бул маалда мааланы баштарына кийип чаңдатып ойношчу ба-
ла-бакыранын аягы тыйылып, сомодой болгон эркектердин ка-
раандары көбөйө түшүптүр. Алар ар үйгө кирип-чыгышып,
улам бир тобунун баштары кошула калып, алда-неге кандарын
кызыта үрпөңдөшөт. Бир-экөөсүнүн колдорунда таяк да жүрөт.
Жолбун чагында токмокту көп жегендиктенби, Төрт көз союл
көрсө эле жаны чыгып, айыгыша баштоочу. Азыр да ичип
жеп үрүп, бар жинин чынжырга чыгара кажылап, айласын тап-
пай атты. Үй ээлери да иштен келчү маалдан кечигишти. Кеч-
ке жуук оттун күлү сымал карамтыл оор булуттар жүрөктү ан-
сайын куушуруп жерге жакындап кирип келгенсиди. Топурак
жаагандай боз түшөт. Жылаңач адыр ансайын босурайып ку-
ниги чыгып кетиптир. Ылдыйтан сокон шамал көчөнүн чаңын
ызгытып айдап келип чачып өттү.

Түн кирди. Бир да үйдө жарык күйгөн жок. Караңгылыкта эркектердин кобуру, тамекинин жылтылдаган чокторy, ары-бери баскан адамдардын шарпасы көбойдү. Калаа тараптан бир жеңил машине акырын жылып келип, андан чыккан кишини баары ороп калышты. Көпкө чейин күдүң-күдүң сүйлөшүштү. Машине кайра кеткенден кийин опур-топур ансайын күч алды. Көчөнүн эли эми кайдадыр сүрүлүп кетип жаткансыйт. Ошол маалда опко-жүрөктү куушурган оор булуттар буулугуп туруп күч менен жарылды эле, жер солк эте түштү. Эми күндүн күркүрөгөнү не көктөн, не жердин түпкүрүнөн чыкканы билинбей, кулак тундуруп, эбегейсиз чоң-чоң чагылгандар биринин артынан 'бири жаркылдап, алай-дүлөй башталды. Табигат жанын сабап бууракандаган менен бир тамчы да жаш төгө албай ансайын урунуп -беринет. Куюндаган шамал өйдө-төмөн жапырылып келип үйлөргө боюн урат. Тамдардын чатырчаларынан учуп түшкөн шиферлер, терезелердин айнектери шарактап, сынып, ансайын үрөйдү учурат. Эси чыккан Төрт көз уясына дароо кире качкан. Ызылдаган алаамат доош иттин уясына кирип келчүдөй кайпып өтүп, жүрөктүн үшүн алып жатты.

Таңга маал гана алай-дүлөй түшкөн кургак бороон кандай капилет башталса, ошондой капыстан тып басылып, кулак-мурунду кескендей жымжырт боло түштү. Коркунучтан алсыраган Төрт көз уясынан акырын жылып чыкты. Асманды жылчыксыз каптаган бүркөө булуттар дагы эле таркай элек экен. Керилип-чоюлуп боюн жазып аш аягына баш салса куп-курук. Үйдүн эшигинен көзү өтүп кетти. Бул учурда келин анын бир күндүк азыгын аягына салып коюп, ыманы ысык баласын көтөрө ишке жөнөмөк. Төрт көз алардын иштен кайтаар убагын да билчү. Эң оболу бала жетелеп ушул келин көрүнөт. Алардын келишин күтө берип чый-пыйы чыккан ит утурлай чуркап барып, үйгө жеткиче алдыларына түшкөн бойдон тоңкочок атып, же боору менен жыла шыйпаңдап, жетине албаганын билдирчү.

Бүгүн ошол үй түм түшүп ээнсиреп, Төрт көздүн кутун учура баштады. Эшик ачылбай турганына көз жеткенден кийин, аргасы куруй жолду беттеп жата кетти. Түндөгү долу шамал уйпалаган көчө жүдөңкү тартып көзгө суук көрүнүп калыптыр. Чыңк эткен бала-чаканын үнү угулбайт. Бул кезге чейин көчө толо болуп жамырап кетишер эле. Сиркеси суу көтөрбөй турган иттин кыжырын козгоп, чаар ала топу кийишкен эркектер дүрбөп ары-бери өтүшөт. Үндөрү да ачуулуу.

Бир-экөөсүнө ырылдап берди эле, тигилер токтой калышып, аны таш барааңга алышты. Заары чыгып кызарып кеткен көздөрдү жакындан көрдү Төрт көз. Денесине тийген таш-кесектердин уусуна чыдабай каңкылдаган бойдон уясына кире качты. Шыйрагынан сызылып кан жайыла бериптир. Канжалаган, ооруган жерлерин жалап коюп, эми эч кимдин көзүнө көрүнгүсү келбей жылбай жатты. Уянын оозунан көчөнүн бир тарабы көрүнүп турчу. Ит көздөрүн ачып-жуумп кез-кез ошол жакка сарасап салып коёт. Жол бойлоп тикесинен тик турушкан, же кыдырекей тизилип олтуруп алышкан адамдар жүрөгүн сезгентип шойкомдуу көрүнөт.

Төрт көздү жаткан жеринен чуу козгоду. Жоон топ кишилер, арасында чоң-кичинеси аралаш балдар да жүрөт, үйгө чукулдап кирип келишиптир. Үй кайтарчу экендигин билгизип иг баскынчылардын астын торой атырылып үрүп чыкты. Селдей урунуп -беринип келаткан аламан топ тууpадан чыккан бул күтүүсүз каршылыкка сестене түшкөнсүдү. Басыктары жайлап, а түгүл кетенчиктегендери да болду. Бул көз ирмемдик беттешүүнү топ алдындагы өңү күн көрбөгөндөй кумсарган боз жигиттин ызырынган үнү жиреп кетти:

— Ургула, кыргыздын итин!.

Ай-буй дегиче Төрт көз тепкинин астында калды. Уккан жандын чучугуна жеткидей каңкылдап, келтектен качып туш келди аласалып жандалбастаганы азга гана созулду. Күч келгенде мойнундагы чынжыр да үзүлүп кетиптир· Бирок, ит бошонгонун сезүүгө үлгүргөн жок. Башына тийген союлдан көздөрүнөн от чагылып үнү тып өчтү. Аламан буту-колу созулуп сулк жатып калган итти тебелеп-тепсеп, андан ары өтүп кетишти. Тез эле үйдүн да кейпи кете баштады. Бачырап сынган айнектерден кулак тунат. Бир маалда дарбаза да күрс жыгылды. Жээлигип кеткен адамдар үйгө жабалакташып колу жеткенди сындырып, талкалап киришти...

Анда санда дирт каккан Төрт көз бир кыйлада эсине келе түштү· Коргошун куюп койгондой зылдай оордошкон башы тумандап барып, бүлбүл жарык көрүндү. Акыркы жолу көрегинде калган калың караандын ызы -чуусу аны агыны катуу ташкын суудай агызып, кайдадыр сүрүп алып бараткансыйт. Бирде жарык дүйнө айнектердей шагырап сынып, астын-үстүн болуп, урап, өзүн түм түшүрө көөмп калгансыйт. Ит кайрадан эстен танып бараткан...

## ТӨРТ КӨЗДҮН ЭЭСИ—АЯЛДЫН МОНОЛОГУ

...Ошол тополоң башталган күнү өз үйүбүздөн жылан чыккансып качып кеткен боюнча кайрылып барганыбыз жок. Үй-мүлкүмдүн талоонго түшкөнүн да, Төрт көздүн тагдыры жөнүндө да апамдан уктум. Бизден кабар эшитпей дардисар болгон апам Ошко жол ачылар менен Аравандан келип, түз эле Он адырга чыгып барат. Үйүбүзгө ат чабым калганда Төрт көз алдынан утурлап келиптир. «Санын сүйрөп араң басып калыптыр. Оңор эмес келтек жеген окшойт. Терисинде жумгалакташып каткан каны менен жүрөт», —деди апам. Ити ушунчалык болуптур, өздөрү соо калмак беле деп бизден эчак күдөрүн үзүп коюптур анда. Үйгө кантип жеткенине өзү да кийин айраң болот. Сынган терезе-эшиктерди, ишпалдасы чыккан тамды көрүп, көөнү азып кетиптир. О кыйладан эсине келсе тыякбыягына бир чыгып кыңшылап Төрт көз жүрөт имиш. Адам жаны ачышканда баатыр болуп кетет окшойт. Өмүрү пенде көөнүн оорутпаган апам колуна тийген жыгачты көтөрүп, коңшу өзбек кишиникине кирип барыптыр. Эшик ачкан үйдүн эркегин качырып сала берет:

— Таап бер, менин кызымды, таап бер! Канакей, менин чолпондой болгон кызым, кайсыл жерге тыктыңар?! Жерден чукуп болсо да табасыңар! Тап!

Жайчылыкта үйүбүзгө кетип -келип жүргөнүн көзү чалып калган коңшу апамды көптө барып таанып силкине минтет:

— Э, туруң нары! Өлө турган катын экенсиз тирүү кызыңызды док кылып, Эри, баласы менен чыгып кетишкен шаарга. Барың, ошояктан издең!

Бул сөзго ишенип-ишенбеген апам бечара эми биздин үйдүн айванына олтуруп алып бótодой боздоп ыйлаптыр: «Канча жыл батирде жүрүшүп, үйгө зорго жетинди эле. Минтип мээнеттерин талаага чачкыдай кудайдын курутун уурдашыптырбы?! Балдарымдын убалы үй бузарларга жетсин! Көз жашым уктатпасын!».

Анын зарын уккан бир гана Төрт көз болуптур. Бет маңдайында чочоюп олтуруп алып, көздөрүн ымдап, өзү да арызарманын айткансып көмөкөйүнөн кыңкыс үн чыгарып кайгы тартып жатты дейт. Апам ыйлап-сыктап алып эмнеси калды, эмнеси жок деп үйгө кирет. Колго илинер эч нерсе таппай чыгып келатса Төрт көз босогодон ары өтпөй эшик алдында калган боюнча туруптур. Ошондо баамдаптыр апам иттин бир апта

бою талаадай аңырайып ачык турган үйгө баш бакпаганы. Ачкалыктан ичи кынжыйып үзүлөйүн деп калса да казанга баш салбай ыйбоо кылыптыр. Оозгу үйдө тамак-аштар көрүнөө жерде эле төгүлүп- чачылып жатат имиш. Дегеле ит-мышыкты көп сүйүңкүрө бербеген апамдын көзүнө ошондо Төрт көз бир башкача көрүнүптүр. Анысы аз келгенсип аялдамага чейин ээрчип келип, автобуска түшүп кетсе чебелектеп издеп калганын алигиче түтөп айтып калат. бусурманым.

Биз бул учурда качкындарга берилген жатаканада жашап жатканбыз. Ар эшикти түрткүлөп жүрүп экинчи күнү араң таппайбы бизди апам. Тушуңан чыга калган мени көргөндө алы куругандай жерге олтура кетти. Көпкө чейиң сөзгө келе алган жок. Тили күрмөлгөндө айтканы бу болду: «Бала болбой калгыла! «Биз тирүүбүз»,— деп тилгирамма уруп койбойсуңарбы?- Он жылдык өмүрүмдү жедиңер!».

Ошол кечте апамдын Төрт көз жөнүндө кобураганы кулагыма деле кирген эмес жаным ачышып турганымда. Арадан дагы апта өткөрүп күйөөм Он адырга барып келди. Бу сапар талкаланган үй-жайга эмес итке ичи оорунуп олтура албай калды.

Төрт көз дагы эле эшик кайтарып-жүргөн имиш. «Таанылгыс болуп азыптыр, териси эле калыптыр сөөгүндө» — дейт. Ала кетейин десе кайда алпарат. Өзүбүз зорго утурумдук баш калкалап турсак жатаканада.

Көп узабай айылга көчүп кеттик. Жыл аралатып келишкен ак канат үй салдык, кем-карчыбыз да бүтөлдү. Көңүлдөгү жарат да эскирип барат. Бирок, Төрт көздү унута албадым. Эстесем эле ичим күйөт. Биздин кайрылып келишибизди күндөптүндөп күткөн жакын кишимдин ишеничин аттап кеткенсип бетим кароолонот. Тообо, дейм, итке да ушунчалык илинем деп ким ойлосун. Мүмкүн, аялдык сезимимдин боштугунандыр. Тирүү калса кандай үйдүн ирегесинде жүрөт экен деп санаам санга бөлүнөт. Өзбектикиндеби, же кыргыздыкындабы? Айбандардын улуту болбойт эмеспи. Аш ичкен үйү береке-пайыздүү, жылуу ырайлуу болсо болду да аларга. Кандай күнгө туш болдуң? Качан түңүлдүң бизден? Сен ыйык көрүп босогосун аттабай кутун сактаган үйдүн терезелеринен кийин чоочун жарык күйгөндөбү? Ал жарыкты күйгүзүшкөн үйдүн жаңы тургундары сени жолотпой кубалашкандыр? Кайрадан жолбун атанып дейдилепип кеттиңби? Же иттердин таламайына кабылып, тарпың чыктыбы? Жок, ага ыраа көрбөйм. Ылайым казаны оттон түшпөгөн нарктуу үй-бүлөгө туш болсоң экен. Ыма-

ны ысык балдар сага колдорунан токочун жулдуруп турушсун. Аялдын камкор назик колдору сенин ит аягыңа азык салууну унутпасын. Короочулугуңду билдирип кээде ыгы жок эле корсулдап үрүп калганыңда эркектин кайраттуу үнү сени эркелете тыйып койсун. Ошонун баары сенин кадыресе турмушуң эмес беле, Төрт көз. Ал эми бизди кечиргин? Көңүлүмдүн тереңинде сага болгон ыраазычылык дайыма жашап келет.

# ТӨЛГӨ

Аялды сырттан кыштын чыкыроон суугуна ичиркенген муздак түн тосуп алды. Али ыш чала элек жаңы кар уздай агарып, шам күйбөгөн көчөлөрдү көз жетерликтей жарытып турат. Жашыл ыраңы качан өчүп, сурун салган кеч күз шаардыктардын көңүлүнө көк таштай тийип бүткөндө сагындырган кар кечээ түнү калыңдап жаап берген. Аны кыпындата тоңдуруп, чилде да кошо кирип келди. Уулбү шаардын сыртындагы үйүнө эки автобус которуп араң жетчү. Экинчи аялдамага чейин бир топ ыраак болсо да жөө басып баргысы келди. Кадам шилтеген сайын бут алдынан тоңголок кычырап сонуркатат. Чоң жолдон тынымсыз агылып өткөн машиналардын доошун кар жутуп алганга күңүрт угулуп калыптыр. Көчө боюнда тизилген дарактардын шактары аппапак болуп бубактаган. Деги бул кечте баары сонун эле. Табигаттын ар бир жолу жаңыланып, түсүн өзгөртүшү Уулбүнүн да сезимин козгоп өтчү. Коптон бери кир чалып жүргөн коңулун бүгүнкү кар агартып кеткенсиди. Суналган келбеттүү боюнунун жарашыгын бет алдынан чыккан адамдардын жактыра карашкандыктарынан туюп келатты.

Күйөөсү менен ажырашкандан бери өчүп калган аялдык назынын кайра ойгонгону да ушул болсо керек. Мынчалык мүңкүрөп супсак өмүр сүргүдөй элден деле кем жери жок тура. Перзенттин айынан башка аялга үйлөнүп, анысынан уул, кыз көрүп, Уулбүнүн бул дүйнөдө бар-жоктугун капарынан чыгарып койгон адамды үмүтсүз күтүп жүрө берип, өмүрүн бейоопа өткөрүп ийгенине эми гана көзү жеткенсиди. Коңулүнүн тереңинде нечен жыл бою ой-сезимин курулай ээлеп келген адамга наразылык пайда болду.

Аял делбе кылган ой-кыялына жараша бирде жайлап, бирде ылдамдап басып олтуруп, экинчи аялдамага кантип жетип келгенин да сезбей калды. Алар тарапка кетүүчү «Икарус» жуп жөнөөрүндө үлгүрүп келиптир. Автобустун тепкичине бут коё бересинде артынан карылуу колдор чыканагынан сүйөмөлөп жардам кылды. Бурулуп карабаса да ким экендигин дароо билди. Ошол бойдон өзүнүн жакшы көргөн жайына орто ченге

барып турду. Тиги да артынан ээрчий келип, жанаша токтоду. Эми гана бири-бирине жүз бурушуп, жылмайып коюшту. Төө басты болгон тыгында салам-аликтен башка сөзгө да келе алгыдай эмессиң. Эркек адатынча өзүнүн бакубат денесин түрткүнчөккө тосо берип, бар аракети менен Уулбүнү корголоп келатты. Ал муну байкатбай жасоого далалаттанат. Бирок, ичи жарык автобустун сыртынан кара түн пардалаган айнеги экөөнүн сөлөкөтүн күзгүдөй дайым чагылдырып туруучу.

Жол жарымдаганда автобустун ичи бошой түштү. Өзүн саал оолактата берген Уулбүгө:

— Кечиктиң го бүгүн?— деди эркек. Анын бою узун эле. Экөө сүйлөшүп жатканда аял асманды тиктегенсип башын чалкалата калчу.

— Иш...

— Силердин ишиңер жаман экен. Эми барсаң... тамак жасайм, кир жууйм дейсиң, үй жыйыштырасың. Анан качан эс алып? Же жолдошуң кошо кылышабы?

— ...

— Балдарың да чоңоюшуп, кол арага жарагыдай болушуп калышса керек ?

— ...

Уулбү кийинки суроого да жооп таба албай мокоп турду. Жарым жылдан бери кыйналбай эле ооз учунан айта салчу жалган-жашык сөздөргө бүгүн негедир дити чаппай буйдалат. Жумшарып, кыялга мас болуп турган көңүлүндө ушул жарым жылдан бери өзүнө имерилип, ысык ыкласын билдире берчү бейтаанып эркекке жылуу сөз айткысы келип, эп тартып, жылуу чырайы менен утуру карап коёт. Бир ою ага өз турмушу жөнүндө чындыкты аңтар-теңтер кылып айтып ташта деп түрткүлөйт. Ошентсе, анын жадабай чегип сурай берүүчү суроолорунан кутулар. Мурда эркектин кызганычтуу кызыгуусун та маша көрүп, ансайын аны күчөтмөккө аракеттенсе, эми минтип тили байланып калганын кара. А мейли, Уулбүнүн жалгыз жашарын билди дейли, анда эмне дээр экен? Көз ачып жумгуча ал өтө алгыс чеби урап, көрүнгөнгө эшиги ачык бир жубанга айланабы? Эри жоктун аманат көз артаары көп болот. Алардан коргоном деп жүрүп, өзү да ташка айланып баратканы жалганбы? Аялдын оюнунун аягы өксүп, тигинин өзүнөн жооп күтө тиктеп турганын сезсе да узакка үндөбөдү.

Автобус бул арада нечен жолу токтоп, жүргүнчүлөрүн бөксөртүп, нечен жолу жаңылап, улуу карда ташыркап араң ба-

ратты. Экөөнүн тааныштыгы да жарым жыл мурун ушул автобустун айынан башталган. Ошол күнү аялдамада узакка туруп, аптаптын ысыгынан шайы оогондой болгондо жанынан эркектин үнү чыккан:

— Жүрүң, такси кармайлы. Автобус али бери келбейт окшойт.

Уулбү жалт карап, көк көйнөгүнүн жеңин түрүп алган бойчон эркек өзүнө каирылганын түшүндү. Заматта кабагын чытый ага сустая тиктеген. Беш көкүлдүк курагы кыярып, аялдык сөөлөтүнө киргени чоочун эркектердин мындай кош маанилүү сунушун көп укчу болду. Бирок, тигинин муңайым ыймандуу жүзү менен эстүү көздөрү саал жумшартып:

— Мен сизди таанымбайт экем, — деген дагы эле суздугунан жазбай.

— Эки жылдан бери эртели-кеч түшкөн автобусубуз бир болсо... — Эркек эми кападар үн катты. Бир да жолу аялдын көзүнө илинбегенине ардана түштү окшойт. — Сиз геологдор шаарчасында жашайсыз да, туурабы? Мен болсо андан ары Төлөйкөнгө кетем.

Уулбүнүн олку-солку боло баштаганын байкадыбы, эми жазыла сүйлөдү.:

— Жүрүң- жүрүң! Мен барып машине тосо берейин.

Ошондон бери экөө өң тааныш. Күн алыс автобуста жолугушуп калышат, сөздөрү да автобуста бүтөт. Уулбүнүн аялдамасына жетишкенде эркек озунуп жерге түшүп, аны алакандары менен жөлөп тосуп алат. Колдорун сууруганча шашкан аял тигини дароо демите баштоочу:

— Болуңуз! Автобус жүрүп кетет. Кечигесиз!

Эркек болсо беймарал коштошуп, анан жолдун аркы четине чуркап өтүп, артына бир кылчайбай кеткен Уулбүнү узата тиктеп, автобус ордунан козголо берерде зорго илешчү. Кээде үлгүрбөй да калат. Анысына түк да кайгырбай, аял кирип кеткен көп кабат үйдүн терезелерин кадала тиктеп, кийинки маршрут келгенче каккан казыктай болуп тура берчү.

Бүгүн жол бою сөздөрү уланбай кысылып келатышты. Эркектин жүзүн баш көтөрүп тиктебесе да ал да куду эле өзүндөй болуп ыкташа турган денелеринин ысыктыгынан дем алышы кыйындап жатканын туюп турду. Геологдор шаарчасына жетишкенде, Уулбүнү жерге түшүргөндөн кийин да кыса кармаган колун коё бергидей түрү жок. Бир кудуреттүү сөздү айтчудай туттугуп, өңүнө кан тебиле чыңалып чыгыптыр.

— Кантесиз? — деди Уулбү шашылганынан шыбырай сүй

лоп, — Коё бериңиз? Күйөөм көрүп калбасын. Ал кызганчаак.
Кепке көнбөгөндөн кийин колун күчтөп жулуп алды да, шарт басып кетти. Жолдун аркы-четине өтүп-өтө электе жанында кошо басып келаткан аны көрүп, тык токтоду:
— Сиз кайда?!
— Коркпочу?! Мен ушерде калам... — Эркектин үнү ызаалуу чыкты. Анан аялды чыканагынан оорута кыса кармап өзүнө буруду да, күйүттүү сүйлөдү. — Айта бар аныңа? Сендей аялынын кадырына жетип жүрсүн? Болбосо.. тартып алам!
Уулбү сөз кайтара албады. Анын колдорунан бошонгондон кийин бут алдындагы көл жалтыр музду да сезбей декилдеп жөнөдү. Качан кабат-кабат үйлөрдүн ортолугундагы кары таптала калган жолго түшкөндө көңүлүндөгү сөздөр көчкүдөй болуп жүрүп берди: «Кой, антпе?!! Эртерээк үйүңө, бала-чакаңдын кашына бара гой! Сени да эр кылып, этегиңди кармап, бала төрөп берген аялың бардыр. Ошону сүй! Ошону сыйла! А менин жайыма кой? Жалгыздыгым сени менен толуп кетмек беле. Бешенеме жазганын көрөрмүн. А сен жолуңдан калбай жылуу уяңа бара гой. Бекерден жанымды ачыштырба? Бар?!»
— Эже!
Тааныш үн буттарын тушады. Подъезддин алдында турган карааңды баамдабай өтүп бараткан экен. Бала көтөргөн инисин көргөндө саламга да келбей эки-жагын каранып келинин издеди:
— Алыйма кана?
— Өзүбүз эле келдик айылчылап. — Иниси жымыйып койду. Кыйчалыш учурду тамаша сөз менен жеңип кете турган адаты бар эле. Андан эки көйнөк мурун жыртып, кагылып-согулуп калган менен Уулбү инисинин бир кундан жазбаган көтөрүмдүүлүгүнө таң кала берчү. Бирок, жаңы төрөлгөн баласын күнчүлүк жерден жалгыз көтөрүп келгенин жамандыкка жоруп, эси чыкканынан кагып таштады:
— Айтпайсыңбы эми, эмне болду?!

Инисинин калың кабагы түнөрө түшкөн менен жооп берүүгө шашылган жок. Суук кабардан сестенгендей колдору калтырап, эшикти ача албай жаткан эжесине баланы карматты да, өзү ачты. Уубү ичкери киришери менен дароо баланын ороосун жазып, тоңуп калбады дегенсип, буттарын укалап, демин тыңшады. Али түгү түшө элек наристе чукуранып, эмчек издегендей кайсалактап оозун араандай ачты. Келининин төрөгөнүнө бир аптача эле болсо керек угушуна караганда. Барып келгенге чолоосу тийбей жүргөн. Эми минтип кыркы да чыга элек баласын өзү көтөрүп жүргөнү эмнеси? Эжесинин кыжаа-

лат көз карашына түтпөдүбү, иниси жер караган тейде:

— Алыйманы ооруканага жаткырып келдим бүгүн, — деди акырын.

— Кайсыга? Эмнеси ооруду?

— Жиндиканага.

— Эмне дейт?! — Уулбүнүн деми ичине түшүп кеткенсиди.

— Төрөтканадан чыгып келген күнү эле башкача болуп калыптыр. Өзүнчө эле оолугуп, ой-тоону сүйлөй баштады. Улам жол тарапка качат. Түнү бою былкылдатпай кармап олтурдум. Адеп өлгөн адамдардын атынан чакырып, алар менен сүйлөшөт. Атам менен апам оозунан түшпөй койду. Таң атканда Апас акенин машинеси менен районго догдурга алып келдик. Аерден көрүшүп эле «Тез жардам» менен Ошко жөнөтүштү. Бир медсестраны кошуп беришти. Алийманын жол бою оозу тынган жок. Медсестранын нерви чыдабай, эки алаканы менен кулактарын бекем жаап алып келди. Психдиспансерге келгенде да догдурлардын суроосуна жооп бере албай шаштысы кетип калыптыр. Мен айтып берип жаттым баарын...

Инисинин сөздөрүнүн жарымын укса, жарымы угулбай кулагы чуулдап, денесинин жаны кетип, жүрөгү ысып чыкты.

— Эже! Эмне болуп баратасыз? — Иниси чөк түшө калып, колунан баланы алып, далысынан сүйөдү. — Коркпоң!? Келиниңиз жакшына эле. «Бир жумада кулактан соо болуп кетет», — дешти догдурлар.

— Суу берчи? — деди Уулбү шыбырап. Үмүткер сөздөрдөн улам көздөрү ачыла түшкөнсүдү. Бирок, жүрөгүнүн таштай түйүлгөнү жазылган жок. — Бир нерсеге капа болду беле? Жөн эле кантип оорусун?

— Төрөгөндө чочуп калыптыр дешти. Оозуна жыш учук чыгып кетти эле...

Ушу маалда бала түйшөлүп ыйлап жиберди. Иниси ордунан атып туруп, көтөрө келген баштыгынан сүт куюлган бөтөлкөнү алып чыкты. Ашканага барып жылытып келип, упчу менен кызына эмизе баштады. Ушунун баарын нес болгондой кыймылсыз тиктеп олтурган Уулбү чочугандай сурады:

— Баланы эми эмне кыласың? Мен карап турайынбы?

Инисинин ою да ушундай окшойт, башын салаңдаткан бойдон унчуккан жок. Айылда да эки чиедей баланын, үй-жайдын түйшүгү мойнунда турат. Аялы айыгабы, жокпу, качанга чейиң дарыланат — али дайынсыз. Жаш башын ой басып муңкурөй түшкөндөй көрүндү бир тууганы Уулбүгө. Аны аягандан боюна чыйралуу кирип алда-неге бел байлагандай улутунуп алды да, телефондун номерлерин бурады.

— Алло? — деп дароо жооп берди аялдын сергек үнү. Анын бөлүм башчысы орто жаш орус аял да жалгыз жашоочу, Сөзүн аягына чейин тыңдагандан кийин:

— Мына сага багып ала турган кыз да табылыптыр, — деди. — Иштен кам санаба. Отпускага арыз жазып тур, андан кийинкисин көрө жатарбыз.

Бөлүм башчысынын бул күтүүсүз тыянагы Уулбүнүн эсин оодаргандай болду. «Бала багып албайсыңбы», — деп ар кимден көп укса да, өзү чындап ниеттенген эмес. Таштанды балдарды асырап алган тааныштары бар эле. Бөтөн жатындан чыккан ымыркайды «бөтөм» деп ээрчитип жүргөн аларды, телинип ээрчип жүргөн наристени көргөндө кимисин аярын билбей арасат сезимге туш болчу. Мына эми, өзү да ойдо жок жерден балалуу болгону жатат. Ошол замат жүрөгү зыр дей түштү. Келининен биротоло түңүлгөндөй кызын өзүнө энчилеп алганы эмнеси? Ушу бойдон айыкпай калса, ал байкуштун көргөн күнү эмне болот? «Эже» деген сөзүнө бир ысыктык кошуп сүйлөп, төбөсүнө көтөрүп алчудай ызаттаган жапакеч келинининин эс-акылдан айныган кебетесин түк да элестете албай койду. Ортодо калдайган кара тумандай оор коркунуч гана тумчуктуруп үшүн алгансыйт.

Түнү кызды койнуна алып жатты. Уйку качканда төшөк да темирдей катуу болуп калат экен. Дүлөй түн кара таан жоодоп болуп куушуруп, ансайын заманасын таарылтат. Мындай ырайымсыз түндө жан кыйнаган ойлордун салмагы көңүлүңдү биротоло баш көтөргүс кылып жанчып таштагыдай. Бул мүшкүлгө өзү себепкер болгонсуп, кудайдан жалынып-жалбарып кечирим сурап чыкты. Кечээ эле «жалгызмын» деп муңканып кесирлик кылган экен. Ата-энеден эрте ажырап, бирин көтөрүп, бирин жетелеп жүрүп чоңойткон бир туугандарына таарынып акаарат келтирген. Алар колдору ишке, ооздору ашка жеткенден кийин мени таптакыр унутуп калышты деп өксүп жүргөн. Башка убакта болбосо да майрамдарда, туулган күнүндө үмүткер жол карап калчу. Бири да жоктоп койбогондо көңүлү ооруганы да чын. Ошол капалыгын кайра өзүмө алайын, эми бирине да док кылбасмын, бала -чакалары менен эле тынч олтурушса эле болду. Ошонун өзү чоң дөөлөт турбайбы деп тообо кылып жатты.

«Айланайын кудай, келиним айыгып эле кетсинчи? Мага эл көргөн бакты-таалайды буйрубасаң да мейли, чиедей үч баласын ая? Мынабул наристеге кайрым кыл?» деп эзели кудайды оозуна албаган Уулбү түнү бою көз жашын көлдөтүп ти-

ленди. Эртеси өзүн күзгүдөн карап таанымбай кала жаздады. Эриндеринин тегерегине барсанактап учук чыккан, оңу керсары, көздөрү жабыркаган чоочун аял тиктеп тургансыды.

* * *

Үстүнөн тикенектүү зым бастырылган бетон дубалдар менен курчалган психдиспансер Уулбүнүн көзүнө мурдатан эле суук көрүнчү. Кээде ушул жакка жолу түшүп, жандап өтүп баратканда өзүнчө бир жыйрылып алар эле. Жинди болгон адамды түзүктөп деле көрө элек. Бирок, ошол аты жаман дарт чалган адамдарга табигат эмес эле өзү кыянат кылгандай бети чүргөлөнүп, тике кароого дити чыдабастай сезилчү. Бүгүн болсо тээ ичкеридеги дарбазага айланып жеткиче корунгандап селтеңдеп эки жагын карана берди. Бул жакка эл кем каттайт экен. Алдынан эч ким чыкпады. Кире бериште гана жалгыз «Тез жардам» машинеси турат. Темир дарбазанын бир киши батаарлык кычыгынан эптеп сыгылып өткөндөн кийин кайда басаарын билбей элейип туруп калды. Короонун ичинде экиүч өчөйгөн жапыс тамдарды кошоктогон дагы бир зым тор коргон бар экен. Анын эшиги жабык турат.

— О сиңдим, беркел!

Үндү улап артын каранды. Бетон дубалга жөлөй коюлган саябанда улгайган аял менен тестиер эркек бала олтурушуптур. Аял айылдыктарча баркут чапан кийип, жоолукту тумчулана салынган. Жанындагы эскирээк сумкадан термостун мойну узарып чыгып турат. Уулбүгө жай бошотуп, балага ыктай жылгандан кийин, эки колун тең созуп, арба-эсен кылышты.

— Обходу башталып калыптыр, — деди аял там жакка ээк кагып, — Саат 10го чейин ачпайт экен. Ысык гана оозуна тийсин деп таңга маалдап оокат жасап, Ноокаттан жетип келдик эле. Кичине кечигип калдык да. Өзүң каерденсиң, сиңдим.?

— Оштун өзүнөн.

— А-а, бул жердик эле турбайсыңбы? Кимиң жатат?

— Келиним.

— Ка-ап, бечара, карасаң жаш немени дарт чалып... Менин да айдай болгон уулум бар эле. Көз эле тийип кеткенсиди. Түн кирди элирмеси башталат. Салбаган молдо-бакшыбыз калбады. Биринен да шыпаа болбоду. Акыры айлабыз куруп, бу жакка алып келдик. «Өтүштүрүп ийипсиңер» — деди догдурлардын чоңу көрүп эле. Кантели эми, колубуздан эч нерсе келбесе... Бир кудаанын амиринде калды.

Аял эркин бирөөгө биротоло өткөрүп бергендей дармансыз сүйлөдү. Аңгыча зым коргондун ичиндеги узун тамдардын

эшиктери удаа ачылып, биринен эркектер, экинчисинен аялдар чууруп чыгышты. Кимиси болбосун босогону аттап-аттай электе моюн созушуп жол тарапты акыйып карап калып жатышты. Оздорунө эч ким келбегенин көрүшсө да зым торго бир уруңуп алып, алыс кетишпей сагаалап туруп калышканы ого көп. Уулбү келининин караанын издеп коргондун жанына жетип келди эле, төрдүн ары жагында турган эркектин көздөрүнө уруңуп жүрөгү шуу дей түштү. Каректери сенейип тоңуп калгандай оту жок көздөр аны теше тиктеп туруптур. Денеден акыл-сезим кеткенде көздөр да өлүп, суусу какшыган кудуктай оңурайып калат турбайбы. Мындай көздөрдү жаратылыш музейинен кептери катырылып коюлган жаныбарлардыкынан көргөн эле. Өзүнөн кетип дал болуп турган Уулбүнү бирөө жеңден тартты. Чочуганынан кетенчиктей түшүптүр. Ак халатчан эркек түспөл аял аны одонолук менен түрткүлөп:

— Жолобоң буерге! Андай барып туруң! Кимге келдиң эле? Өзүбүз чакырып беребиз, — деди.

— Келиниме, Зарлыковага.

— Зарлыкова? — Аял бүшүркөп алда-нени эстей албай жатты.

— Кечээ кечинде жаткырганбыз. Баткенден келген.

— А-а, ал келин төшөктө жатат. Катуу оорулууларды тышка чыгарбайбыз. Наркы жумада келиң. Ошондо көрүшүңүз ыктымал.

— Эмнеге? — Уулбүнүн заманасы таарый түштү.

— Бизде тартип ошондой. — Аял сөзүм бүттү дегенсип арылап басып кетти. Коргондун оозун кайтарып олтурган үч-төрт ак халатчан аялдардын улгайыңкысы Уулбүнүн дабдаарып калган абалын аядыбы секин үн катты.:

— Догдуруна жолугуң. Руксат берип калар.

— Каерде? Ким деген?

Ал окчун турган жапыс тамга башын жаңсады. Тамдын эшиги кызыл экен. Негедир, бул оорукананын бардык дарбазалары кызыл кайыш менен капталыптыр. А Уулбү кирип барган бөлмөнүн ичи башка ооруканалардыкындай эле аппак түс менен дарынын жытына тунуп туруптур. Ортодогу столдо кагаз жазып олтурган ак халатчан эркек аны көргөндө селейе түшкөнсүдү. Уулбү анысын этибарга алган жок. Бар оюжүзү жылуу учураган бул кишини кантип көндүрүштө болуп, буулуга сүйлөп кирди:

— Сиздерде кечээ келиним жаткан эле. Медсестра көргөзбөйбүз дейт. Анын менден башка жакыны жок буерде!

— Кантип көрбөй кетем? Кантип чыдайм?

Догдур үндөбөй ордунан туруп, аны чыканагынан жолой басып орундукка олтургузду. Өзү жанына олтурду. Ошондо гана анын жүзүнө сарасеп сала тиктеген Уулбү катуу чочуду.

— Сиз... сиз белеңиз?!

— Экөөбүз автобустан башка жерде да жолугат экенбиз ээ?

— Сиз... айтпадыңыз го ушул жерде...

— А сен эч качан мен жөнүндө сурачу эмессиң. А түгүл аты-жөнүңдү да билбей жүрөм алигиче...

Эркектин армандуу сөзү Уулбүнүн кыжаалаттык менен кайгыга жык жүрөгүнө сыйбаса да, догдурдун тааныш чыгып калганына сүйүнүп турду. Көптөн бери көңүлүнө жылуу сезим уялата баштаган бул адам Алыйманы жамандыкка ыйгарбоочудай, мынабул жагымдуу колдору менен кеселдин чеңгелинен сууруп алчудай үмүттөнө түштү. Анын ак желек жайрашкан жылдыздуу жүзүнө, эстүү көздөрүнө жалооруй тиктеп:

— Жакшы көргөн келиним эле. Үч баласы бар. Үчүнчүсүн төрөгөнүнө бир апта араң болду. Жакшы болуп кетер бекен?

— Ким деген эле?

— Зарлыкова Алыйма.

— Мен азыр... — Догдур чыгып кетип, кайра тез эле кайтты. — Венасына дары тамчылатып жатышыптыр. Он мүнөттөн кийин ушул жерге алып келишет.

— Деги кандай? Айыккыдайбы?

— Кам санаба? Өзүм дарылайм.

— Рахмат сизге.

Уулбүнүн ыраазылыгына догдур капалуу жылмайып койду. Ошо бойдон үндөбөй, калтыраган колдору менен ар кагазды кармаламыш болуп баш көтөргөн жок. Аялдын эси-дарты келининде болуп жатканын түшүндү окшойт. Дарбаза ачылып эки аялдын жетегинде көр адамдай темселеп басып кирген Алийманы көргөндө Уулбүнүн куту учуп кетти. Келининин кейпи ал элестеткенден да ашып түшүптүр. Сепкил баскан бети бир ууч болуп бүрүшүп, көздөрүн ача албай ирмелген сөлөкөттөй жан келатты. Чычайта өрүлгөн жүдөңкү чачтарына башка бирөөнүн колу тийгени көрүнүп турат. Уулбүгө сүзө келип токтошкондо, мурдатан айтып коюшканбы, ачылар-ачыл максан сүзүлгөн көздөрүн аңтарылтып бир-эки жолу тиктеп алды. Тааныды. Боюн уруп: «Эже!», — деп жабыша түштү. Арык, дармансыз колдор каруусуна бекем чапчылып башын көкүрөгүнө койгулап, жан-алакетке түшө бир нерселерди тынымсыз кыңылдап жатты. Ажырап калчудан корккондой уучу

жазылбай тырмышкан келинин бирде өпкүлөп, бирде чачтарынан сылап тынчытымыш болот. Бирок, келинин эмес эле чоочун жанды кучактап тургандай денеси үркүп, жукпай жатты. Алийманы жетелеп келишкен санитарка аялдар тез эле булка тартышып, Уулбүдон бөлүштү. «Дагы кичине... дагы кичине... Жок! Жок! Коё бергиле! Кетпейм!»— деп безилдеген үнү эшик артынан узап барып өчүп калды. Келинин колунан жулдуруп ийгендей томсоруп бир кыпкага тургандан кийин орундукка союн таштап буркурап ыйлаган Уулбүнүн колдорун ушалап, коз жашын утуру аарчыган догдур кейий сүйлөдү.:

— Өзүңдү кармасаң? Баары эле биринчи ооруганда ушундай абалда келишет. Чочуп калдың окшойт., оңуң купкуу болуп кетти. Аябай назик турбайсыңбы? Күйөөңдү ээрчите келсең болмок. экен. Эми кантип жалгыз жиберем сени ушул абалың менен?

Аялдын муң алсыраткан жүрөгү биротоло бүктөлүп берди:

— Күйөөм жок! — деди ыйга какалып. — Өзүм элемин. Атам, апам жаштайыбыздан өлүп калышып... балдардын баары жаш... жалгыз чоңойттум. Эми минтип келиним... Айыкпай калса кантем? Андан коро мен ооруп калсам убал жок болмок. Чарчадым ушул жашоодон! Жашагым келбейт!

Эркектин колдору бошошо түштү. Бир топко үндогон жок. Анан күлгөндөй болду. Ооба, күлүп жатат. Таң калганынан ыйын токтотуп тиктеп калган Уулбүгө жаадырап-жайнаган жүзүн жашырбай тике карады:

— Кызык ээ?! Карасаң турмушту! Түшүмө да кирген эмес сенин жалгыз бой экендигиң. Түндө таң аткыча уктай албай чыкканмын. Күйөөңдөн кызганып ичим күйгон. Кандай бактылуу жан деп суктангам. Тү-ү, акмак экенмин! Сенин сөзүңдү укпай эле артыңдан ээрчип албаймынбы десең! Мени кандай кыйнаганыңды билесиңби деги? Эми шашпай тур, өчүмдү бир албасам...— деп бир күлөт, бир сүйлөйт.

Уулбүгө анын сөздөрү да, күлкүсү да оор тийди.

— Бул эмнеңиз? — деп ордунан тура калды. — Сиз үй-бүлөлүү адамсыз! Оңой олжо таптым деп жатасызбы? Дагы сизге ишенип... Сиз дарылабасаңыз башкасы дарылар...

— Ким айтат сага менин үй-бүлөм бар деп? — Эркек да бой тиреше кошо турду. — Мен да боймун.

— Кантип? — Уулбүнүн оозуна ушул суроо кириптир.

— Аялым менен ажырашып кеткенмин. Эки балам бар болчу. Турмушта баары болот экен... — Эркек анын жүзүндөгү арасат ойду таркаткысы келгендей шашкалактап сүйлөп жатты. — Болбосо, сүйүшүп жүрүп эле үйлөнгөнбүз. Төрт жыл-

...жашадык. Квартирабыз жок, ушул оорукананын бир бурчунан жай таап беришкен. Үйгө кирип-чыгып жүргөндө жиндиди да көрбөй коёбу, көздөрүн таңып коисо да көрөт да. «Алар түшүмө да кирчү болду», — деп жүрдү. Үйдү ана алабыз, мына алабыз деп жүрүп, убакытты создуктуруп жиберипмин. Кийин кеч болуп калды. Аялымдын көзүнө мен да жиндидей болуп көрүнө баштадым. Анан бир күнү эле эки баланы алды да, Бишкектеги төркүндөрүнө кете берди. Артынан барып жүрдүм. Кеп уккусу келбейт. Балдарды да бузуп бүтүптүр. «Сен психсиң! Сенден коркобуз!» — дешип бакырып жолобой коюшту... А мен бул шордууларга көнүп калдым. Кудум эле жаш баладай болушат. Чоң адамдын балага айланганы аянычтуу көрүнүш экен. Айыгып кетишсе жаңыдан адам жаратқандай сүйүнөсүң. Аялым менен ажырашкандан кийин квартира тийди. Силер жактан. Сени ошол жылы автобустан көргөм. Жылдызың ысык учурай берчү. Күйөөсү мыкты телегейи тегиз турмушта жашаган аял го дегем. Кийин экөөбүз тааныш болуп калгандан кийин бассам-турсам эле оюмдан кетпей койчу болдуң. Бирок, периштедей болгон немени күйөөсү жок деген ой түшүмө да кирмек эмес... Да-а, көрсө... Келчи, эч болбосо аттарыбызды билишип алалы. Алиаскар.

— Уулбү.

— Уулбү, Уулбү... —Эркек бул ысымга чаңкагансып, кайра кайра кайталады. Узаатарында жайгара сүйлөп: — Кабатыр болбогун? Бир айга жетип-жетпей сакайып кетет. Көп келе бербе? Сени көргөн сайын оолуга бериши мүмкүн. Өзүм кабарын билдирип турам.

— Жок, убара болбоңуз! Өзүм келем!

Алиаскар анын эмнеден чочулаганын түшүнгөндөй сырдуу жылмайды. Бирок, күлкүнүн изи өчө элек өңүндө мурда келе-келеп турчу капалык жок, эле.

Жол ката Уулбү тагдырдын бул капыс бурулушунан эсин жыя албай келатты. Алиаскардын сөздөрү кулагынан кетпей жаңырыктайт. Карайлап турганында туш келгенин карасаң. Бооп бараткан жеринен күчтүү колдор жөлөп, калгандай боюна кайрат кире түшүптүр. Түндөгү заманасын куурулткан коргошундай оор коркунуч таркап бараткансыйт. Бирок, келининин тагдыры жөнүндө сар-санаа дагы эле жүрөгүнүн түпкүрүндө уюп турду.

Ошол бойдон ооруканага бир аптадан кийин барды. Алыйма зым коргондун ичине чыгып басып калса да, кайнежеси менен иши да болбой маңыроо тиктеп туруп берди. Дарылар-

дын күчүнөнбү оолукмасы кагылып, нес боло жалдырайт. Аны-муну сураса гана дайынсыз бир нерселерди айтымыш болот. Ысык үмүт менен келген Уулбү капрадан бейпайга малынды. Алиаскардын өткөндөгү жубаткан сөздөрүнө катуу ишенген экен. Кызып турган чокко муздак сууну жаба куйгандай деми сууду. Эми психдиспансерге баратканда келининин даабдыр кейпин көрүүдөн заарканып, буттары араң шилтенчү. Келген сайын көңүлү чөгөт. Эч жылыш жоктой. Алиима эми өмүр бою ушинтип жарым эси бойдон калчудай түңүлүп жүрдү. Алиаскарга жолуга элек. «Айыккыдай эмес, колубуздан келбеди», — деп айтып ийсечи. Ошодон тайсалдап, азга болсо да үмүттөнүп тургусу келет. Өзү да көзгө бир чалдыкпай конду. Айсанын шектенүүсү күчөдү.

Бүгүн да ой басып араң келди ооруканага. Келинин ичкериден чакырып беришти. Ал жаңыдан баскан жаш баладай тамтаңдап келатып, аз жерден чалынып жыгылып кете жаздады.

— Кантет! Түз бас! Сизди көрүп сүйүнүп кетпедиби, — деди санитарга аял. Уулбү адаттагыдай эле кучактап туруп бетинен өөп койду. Келини буга ийикken да жок. Соо кезинде тээ алыстан эле кучак жая келип, өзүнүп опкүлөп жиберчү. Уулбү анын жүзүнөн, көздөрүнөн жакшылыктын жышаанын кадалана издеп, ар нерсени чегип сурамжылайт. Алийманын жоопторуна ичи чыкчу эмес. Кийин баамдады. Элдир-селдир акылы эмнеге жетсин. Келини да эки ооз кептен кийин тажагандай:

— Эмне алып келдиңиз? — дейт баштыктан көзү өтүп. Оокатты өзөргөң немедей шашылып иччү. Тамакка бети менен түшө калган бир эле анын келини эмес экендигин байкады. Жакындары көргөнү келишкен оорулууларды коргондон саябанга чыгууга уруксат беришчү. Алардын баарына жалгыз үстөлү бар бир саябан. Үстөлдүн эки жагына бойлото коюлган узун жыгач орундуктарга маңдай-тескей олтурушкан жиндилер идиштерди көтөрө калышып, шыпкап ичишип, жугуна чейин жалап-жуктап жатышканда аларды көргөнү келген тууган-туушкандары бири-бирин түшүнүшүп, аяшкандай муңайып тиктеп алышчу. Курсагы тойгондон кийин Алыйма жанында акмалап карап турган санитарка аялдын алдына өзү эле түшүп, короого кирип кетет. Уулбү кайтаарында дарманы кетип, шалдырай түшчү.

Кыш быйыл оор болду. Эки күндүн биринде замбарлап кар жаайт. Чилде башталганы шаардыктар күндүн көзүн көрүшө элек. Сурданган бүркөө асман Уулбүнүн кыжаалаттыгы

на кошул-ташыл. Түндөн заарканчу болду. Долуланып келип үйдү жулмалаган ызгаарды үрөйү уча тыңшап, баланы алдынан түшүрбөй эш кылып, кирпик какпай таң атырып жиберет. Караңгыда караңгыдай ойлор келет экен. Эгерде макулуктай болуп оокат издеп оозун ачкандан башка дарамети жок ушул тырнактай кыз болбосо кайгысын жалгыз кантип жеңээр эле. Мурдатан эле бала багып албаганына эми өкүндү. Баланын деми башкача болот турбайбы.

Диспансерге каттабаганына он күндөй болуп калды. Алыйманын кирди-чыкты эси менен муздай сенек көздөрүн элестетсе эле буту тартпай туруп алат. Жуманын акыркы күнү Алыйма түшүнө кириптир. Айылдагы өзүнүн үйүндө жүрөт. Очокко от жагып, жака-белин тынбай шыпырынат. Иниси челектеп көмүр ташып берип жатыптыр. Уулбү келининин сопсоо экенине ишене албагансып, баскан турганын кадалана тиктей. Өөн таба албаганда: «И-и, өз үйүнө келип, бала-чакасынын маңдайында чыйралып, жакшы болуп кеткен турбайбы», — деп өрөпкүп сүйүнөт.

Ойгонору менен көздөрү умачтай ачылды. «Эжем келбей койду» деп күтүп жатат окшойт. Жол карап мусаапыр болуп жүрдү бекен деп жоруду түшүн. Түңүлүүдөн сууп калган аёо сезими тирилип, жүрөгүнүн миң жеринен сайгылап, сыздатып кирди. Таңды зорго атырды. Эми Алийма кандай акыбалда болбосун эч качан кыйып кете албасына, өмүр бою да азабынан баш тарта албасына ушул бүгүн көзү жетти.

Дарбазанын түбүндө жылбай олтурушчу санитар аялдар Уулбүнү таанып калышкан эле. Ал ооз ачып сурагыча Алийманы үн салышып, чакырышып беришти. Келини эң оболу айнектен шыкаалап тиктеди. Кайнежесин тааныганда жарк этe күлүп, эшикти көздөй чуркады. Уулбүгө анын көздөрү кадимкисиндей тирик көрүндү. Ишенип-ишенбей санааркап турганында дарбаза ачылды да. Алийма атып чыкты. Жүзү толо күлкү.

— Эже, келиңиз! — деп аптыга кучагын жайды. Оорукanaга жатканы биринчи болуп учурашканы да, озунуп өпкөнү да ушул эле. — Сизди аябай сагындым. Мени чыгарганы жатышат. Алиаскар агай бүгүн эртең менен сизди сурады эле. Мага жолуксун деген. Азыр өзүндө олтурат. Кирсеңиз? Мени чыгарып кетем десеңиз?

Уулбу дал болуп туруп берди. Келинин кучагынан чыгарбай утуру көздөрүн тиктейт. Чөйчөгү толо көздөр. Адамдын

миң түрдөнгөн сезими менен акылы мелт-калт көздөр... Тереңине шам жагылып, жылдыздай жымыңдаган сырдуу көздөр...

— Кордуңбу Алийманы?! — Сыймыктангандай чыккан тааныш үн жалт каратты. Ак желегин желбегей жамынган, жылаңбаш Алиаскар жандарында жылмайып туруптур.

— Рахмат Сизге! — деди Уулбү тамагы буулгандай шыбырап.

— Эмнеге «рахмат»? Биздин милдетибиз да. Алийма, сен эми палатаңа бара гой. Эжең менен сүйлөшөлү.

Кабинетке киришкенден кийин Уулбү кубанганынан оозуна башка сөз кирбей рахматын дагы кайталап айтты. Алиаскар анын ийиндеринен эки колдоп кармап өзүнө тартты да, бешенесинен өөп койду. Чочуп ооладтан барган аялды күчтүү колдору чыгарган жок. Анан жылуу илеби менен айтыга шыбырады:.

— Менин да багым бар экен. Келиниңдин айыгып кетишин толгө кылгам... Сага ошол үчүн жолукпай жүрдүм. Төлгөм топ келгиче даабадым. Алийма ушул бойдон калса сен эч качан мага жоломок эмессиң. Мына эми сен меникисиң! Мына бул чеңгелден кутулам деп ойлонбо! — деп алакандары менен каруусунан эркелете кысып койду. — Азыр сени машине менен таштаттырып коёюн. Калганын кечинде сүйлөшөлү. Буюрса наркы жумада келиниң ооруканадан чыгат. Ошол күнү биздин да тоюбуз болсун ээ?! Макулбу, алтыным? Бүгүн жумуштан чыгып эле сага барам. Көрүшкөнгө чейин, — деп эңкейе жүзүнөн кумарлуу сүйдү.

Уулбү машинеде келатканда анын эриндеринин жылуулугу калган жүзүн жүзүн улам сыйпалап коюп, эмне болуп кеткенин түзүктөп аңдай албай жатты.. Алиаскардын анын макулдугусуз эле ишти чечип койгонуна ардангысы келди, бирок ардана да албады. Ынабай коюуга да кымындай ниети жок экен. Бир гана таң калаарлык бошошуп, денесининин, да, ой-сезиминин да чарчагандан алсыраң бүткөндүгүн азыр гана туюп, баш көтөрбөй узакка-узакка уктап алгысы келе талмоорсуп баратты. Бирок, үйүнө жеткенде өзү жашаган бешинчи кабатка көпөлөктөй эле учуп чыккансыды. Өтүгүн, да пальтосун да кечпестен түз эле бала жаткан төр жакка өттү. Алдынан утурлаган кошуна аялдын «Чш , ойготосуң», — деген ишааратына карабастан чөгөлөй олтура калып, баланың бетине үңүлдү эле,

жылтыраган көздөрүн ачып-жуумп ойгоо экен. Колуна шак көтөрүп ала коюп, жаш аралаш сүйлөп да, өпкүлөп да жатты: «Ырысың бар экен, садагам! Апаң айыкты! Уктуңбу, апаңды айыктырып алдык! Ак жолтой бала болдуң!». Бала түшүнгөнсүп кейкеңдете доош кылып туруп, анан оозу жайыла күлүп берди. Бул анын биринчи күлүшү эле...

## БИЛЕРИК

ИНАБАТ БУЛ ЖОЛУ төркүнүнө жүрөгү сезгендей эле келиптир. Апасынын табы айнып төшөк тартып жатып калган экен. Катуу ооруган деле жери жок, көңүлү караңгылап, алы кетип олтуруптур. Жакшы көргөн кызынын келишине сүйүнгөн эне кыйла чыйрала түштү. Балдарынын кичүүсү болгону үчүнбү, же алыска түшүп калды деп жан тартабы, Инабатты өзгөчө жакшы көрөт. Жака белинде жашашкан калган үч уул, үч кызы эчак эле башына чогулушуп, каралашып турушуптур. Баш көтөрүп, кечки чайга балдары менен чогуу олтурган эненин көзүнө бир гана Инабат көрүнгөнсүп, ага көзү тойбой узакка элжиреп тиктеп жатты. Анан кеселман жандын оюна ардеме кеттиби, колундагы күмүш билерикти кармалап: «Ушуну мен өлгөндө сен ал деп жүрчү элем. Өлүм айттырбай келет. Азыр эле чыгарып ал», — деди.

Инабат сүйүнгөнүнөн «мейли» деп ашыга айтып, башын да ийкегилеп жиберди. Апасынын көңүлү үчүн да болсо: «Коюңузчу?! Албайм-этпейм эле. «Өлөм» деп каяктагы сөздү айтасыз. Биздин пешенебизге дагы жашап туруңуз. Күнү-күчүбүздү көрүңүз», — дегенге шаасы да жеткен жок. Абийирдин бул үнүн бала кезинен эңсеп жүргөн буюмга ээ болуу кубанычы басып кетти. Эки көзү билериктен өтүп, колдорунун кандай сунулганын байкабай калды. «Сенин алың жетпейт, — деди апасы, анан жанында олтурган чоң уулуна билегин тосту — Ме, чыгарып, колуна салып бер». Акеси колу барбагандай кыйылып туруп калды. Башкалары да ооздорунан сөздөрү түшүп жер тиктей тымпыйышты. Нукура ак күмүштөн тоголоктонуп жасалып, майда кеште түшүрүлгөн билерикти алар эс тартканы апасы бир да жолу колунан чыгарганын көрүшкөн эмес эле. Толмоч билегине куюп койгондой жарашкан күмүш билерик качан да болсо жаркылдап, көзгө биринчи урунуп турчу. Мындай илгерки азем буюм айылдагы чанда бир гана кемпирлерде калган. Кичинесинен эле сөйкө -шуруга жакын чыккан Инабат апасынын билеригине бала кезден ашык. Кызынын сонуркоосун байкаган эне да «мен өлгөндө сен аласың»

деп койчу. Бой жетип, алтын десе алтын, күмүш десе күмүш сөйкө-шакектерди кош-коштоп тагына баштаса деле апасынын сөзүнөн үмүткер болуп жүрчү. Бирок, ага али-бери эгедер болуш оюнда да жок эле. Эненин экинчи жолку сөзүнөн кийин акеси билериктин учтарын күч менен жазып, Инабаттын колуна арыдан- бери кийгизе салды. Күмүштүн муздак, оор салмагын өз билегинен сезгенде келиндин бала кезден эңсөөсү канып, жыргай түштү. Кубанычын жашыра албай аке-жеңелерин, эжелерин жаадырай карады эле алар кабактарын бүркөшө көр мөксөнгө салышты. «Ичтери күйүп жатат» деп ойлоду Инабат. Кызынын сезимине дагы да эне байкуш ортоктош болду. Билерик менен кошо узун батасын берип, жалынып-жалбарынып алды.

ЭКИ КҮНДӨН КИЙИН АПАСЫ: «Меники өлө турган кесел эмес, балам. Көрдүң, болду. Үйүңө барып, тиричилигиңди кыл»,— деп берчүсүн бууп-түйүп Инабатты жолго салды. Автобуста баратып келиндин эрмеги билерик болду. Аны жанындагылардан уурдана тиктеп, кумары тарагыдай эмес. Али аялдык баралына жете элек Инабаттын билеги толбой кылган күмүш билерик ары-бери жылган сайын муздак, оор салмагы менен көңүлүн кытыгылайт. Автобустун айнегинен улам алмашып көрүнүп жаткан жайдак бөксө дөңдөр, жол бойлоп урунуп-беринип аккан тоо суусу, ээсиз калгандай томсоргон үйлөрү бар чакан айылдар, кеч күздүн ыраңсыз көрүнүшү бул жолу көзүнө да илинген жок.

АПАСЫНЫН КӨЗҮ өткөндүгү жөнүндө суук кабар Инабаттын артынан кошо жетти. Күтүүсүз кайгыга эси эңгиреген келин эң биринчи колундагы билерикти чапчыды. Муздак күмүш алаканын кызыл чоктой күйгүзүп жибергенсиди. Анын карышкан учтарын кантип жазып жибергенин билбейт. дубалга күч менен бир урду да, боздоп-боздоп ыйлады. Өлүм кайгысынан да апасын өзү өлтүрүп алгандай кечиримсиз күнөөсүнө жүрөгү зилдеп канап жатты. Көзүнүн тирүүсүндө колунан билеригин сууруп алганы жакшы жышаан эмес эле. Ошондо эненин колдорунун дароо нуру качып, эти шалбырап бошоп, карый түшкөнсүбөдү беле. Ата-бабасынан таберикке калган билериги колунан кеткенде апасынын көңүлү бошоп, алдан тая түштү бекен?! Беш көкүл бийкеч курагын, жигит сүйгөн жаштыгын, бала жыттуу келин доорун, очор-бачар аялдык бактысын, байбичелик ооматын коштоп келаткан жан шерик билериктен ажыроо эненин үлпүлдөп турган өмүрүн биротоло түгөтүп кеттиби? Ушундай жан кечти ойлор Инабаттын күйүтүн ансайын күч кылды.

Эненн сууга алышардын алдында жымжырт боло түшкөн көпчүлүктөн бирөө эс болуп: «Инабатты үстүнө киргизгиле, коштошуп калсын. Ушул кызын башкача жакшы көрчү эле. Өзү да аябай күйүп жатат, бечара» деп калды. Ыйлай берип алдап тайган келинди эки аял эки жагынан жөлөп-таяп мүрдө жаткан көшогого алып кирипти. Көзү тирүүсүндө карааны тоодой көрүнчү апасынын денеси сөкелек кыздыкындай чакан тартып, пендечиликке өз эрки менен моюн сунгандай магдырап суналып жатыптыр. Инабаттын жаш толуп тунарган көздөрүнө эненин жүзү бул жарыктыктын жыргалынан да, азабынан да кечип, ыраазычылык менен оо дүйнө аттангандай мемиреп көрүндү. Боздогон келин апасынын өлгөнүнө ишенбей, анын дайыма сүт жыттанып турчу денесин, жылуулугун, мээрбан демин акыркы жолу туюп калгысы келип боюн таштап жатты. Бирок, каруусунан былкылдатпай кармаган күчтүү колдор ага жеткирбеди. «Апа, кечир, кечир мени? Угуп атасыңбы?» деп чыңырды Инабат сыздаган үнү аркы дүйнөгө жеткидей болуп. «Мен ыраазы, кызым, мен бардыгына миң мертебе ыраазымын...» дегендей момурайт эненин жүзү бир башкача тынч алып.

ОШОЛ КАРГАШАЛУУ КҮНДӨН бери көп жылдар өттү. Инабат кийин-соңгу билерикти бир да жолу колуна тагынган жок. Апасынан өзүнө мураска калган арча сандыктын түбүнө ак жоолукка ороп катып койгон. Кез-кез энеге кусаланганда билерикти алып чыгат да аны телмире тиктеп узун ойго чөмүлөт. Апасынын ал эс тартып тааныгандан берки элестери көз алдынан чубалып өтө баштайт. Түтөгөндөй капкара коңгуроо чачтары жоолугунун чеке-белинен ээ-жаа бербей чыгып турчу ажарлуу аял ал бала кезиндегидей эле сулуу бойдон элестейт. Обондуу ырдай адамды өзүнө тартып турчу шаңкылдаган уккулуктуу үнү угулат кулагына. Балдарына сүйлөгөндө жүрөктү эритип жибере турган шириндикке кусадар болот жүрөгү. Анын бүткүл турпатын жаркытып турчу асылдык эмне экенин Инабат кийин өзү да бир топ жаш арытканда баамдады. Мындай жаркын касиет бала сүйгөн мээрбан энеде гана болот турбайбы. Инабат өткөн кеткенди эстеп көңүлү толгондон кийин апасынын тирүүлөй элесин, сүйүүсүн сактаган билерикти кайрадан ак жоолукка аздектеп оройт да, сандыктын түпкүрүнө бекемдеп катып коёт.

## МАХАБАТ МЕНЕН КОШТОШУУ

Дарбаза кутүүсүз кагылды. Канайым эшик ачаардан мурун кайсыл маал экенин билгиси келгендей терезени карады. Көз байланып келатыптыр. Бул шаарда кечкисин өзүн жоктоп келе турган жакыны деле жок эле. Эч кимди күтчү да эмес. Ошол замат кошуна кыздар го деген түкшүмөлү көңүлүндөгү дүрбөлөңдү бастады. Жатакананын үчүнчү кабатында жашаган жумушчу кыздар менен тиричиликтин кемиген буюмдарын алыш-бериш кыла коюшчу. Канайым алардын сурап келгендерин үндөбөй сунат да, эшик жабылары менен шыңкылдашкан бойдон узап кетишкенин кызгана тыңшап калчу. Адегенде алардын күлкүсүн өзүнө алып жүрдү. Бара-бара бул бийкечтердин качан болбосун күлкү кыстап, а көздөрү тынымсыз ойноктоп турганын жаштыктын алоо таптуу деминен экенин түшүнө баштады. Өзү да качандыр ушулардай эмес беле. Аны унутуп баратса карыганы го...

Дарбаза дагы аяр чертилди. Канайым эшик тарапка өтүп баратып дубал күзгүнүн алдында үстү-башын түзөмүш боло күймөнө түштү. Күзгүдөн али көңүлү кала элек эле. Тутамга батпаган коюу чачтарын, айтегерек жүзүн каранып алуунун учурун кыя кетирчү эмес. Азыр да өзүнүн купулуна толдубу, сумсайыңкы жүзү жылый түштү. Дарбазаны ачып, өзү күтпөгөн адамды көргөндө оозуна сөз кирбей туруп калды. Кара шляпасын көзүнө түшүрө кийген, кара кайыш курткачан узун бойлуу эркек Н. районунун акими эмес беле. Канайымдын ал район жөнүндө жазган очеркинин гезитке чыкканына апта айланды. «Очеркимден кынтык тапты бекен»— деген ой келди көңүлүнө. Ошондуктан оозу бош гана:

— Келиңиз, — деди.

Төрага жатык учурашты. Тик турушуп ал-жайды сурашкан дан кийин сөз күтүп калган Канайымга бир, колундагы кара кайыш дипломатка бир карап толгонуп, бөлмөгө кирүүгө ниетин туйдургансыды. Анысын баамдаган кыз сыпайылык үчүн: «Үйгө кириңиз», — деди. А өзү болсо оюнда темир керебет

менен как үстөлдөн башка дүнүйөсү жок бөлмөсүн зоболосу бийик мейманынын көздөрү менен сыдыра тиктеп чыгууга үлгүрдү. Төрага босогону шыдыр аттады. Кирээри менен дипломатынан коньяк, кутудагы конфет, алма, анар алып чыгып, үстөлдүн үстүнө коё баштады.

— Очеркиңди окудум. Жакшы жазыпсың. Жууп берейин деп келдим. Каршы эмессиңби? — деди коомай жылмайып.

— Ой, бул эмнеңиз? Убара болбоңуз? — деп, эми гана өзүнө келе түшкөн кыз чебелектей кетти. — А мен болсо Сиздин келишиңизди башкага жоруп ийбедимби. Очеркимден өөн тапса керек деп ойлодум эле.

— О жок, мага жакты. Биз жөнүндө көп эле жазышкан. Бирок, сеники башкачараак чыгыптыр...

— Мени кантип таптыңыз?

— Жатаканада жашаарыңды өзүң айтпадың беле. Бөлмөңдү болсо эшик кайтаргыч кемпирден сурап алдым.

Канайым тилин тиштеп, ичинен тынды. Гезиттин иши менен талаа-түзгө чыгып калганында бирөө-жарым илешпей койчу эмес. Бирок, бири да минтип сүзө качырып келе элек эле.

Төрага коньякты ачты да, чөнтөгүнөн маки алып чыгып, анарды буза баштады. Ошондо гана кыз үстөлдүн үстүн сүртүп туз-даам коюуга камданды.

— Убара болбо, алманы закуске кылабыз, — деди төрага колу менен жаңсап токтотуп. Канайым кыстабады. Жумшак креслого, жайлуу жасалгага көнгөн мейманы жупуну бөлмөдөн бою үрккөндөй как орундукка учкай олтурганын көрүп күлкүсү келди. Командировкада жүргөнүндө көргөн өкүмзар мырзалыгынын изи да жок. Тике кароого даай албай жазганып жаткансыйт. Ушунусу да коошпой турду турпатына. Төрага билинер-билинбес калтыраган колдору менен коньякты пиялаларга теңдештирип куюп, бирин Канайымга карматты да, экинчисин өзү көтөрө терең дем алып, сөз баштады. :

— Келгенимди жаман ойлобо? Минтип көрүнгөнгө эле башыбызды ийе бербейбиз. Өткөндө Памирден келип, бул жерде иштеп жатканына бир жыл болгонун, жатаканада тураарыңды айтканыңда, чынымды айтсам, таң калып калгам. Кайсыл шамал айдап келди мындай алыска деп ойлогом. Очеркиңди окугандан кийин баарын түшүндүм. Чыгармачылыктын артынан ушинтип жүргөн турбайсыңбы?.. Бирок... — Ал бөлмөнү айландыра тиктеп алды.—Сен тынч гана олтуруп эч нерседен кам жебей жазганды билишиң керек. Эл таткан кубанычты сен да татышың керек. Эч нерсе эмес. Ал жагын мага кой. Үй да бо-

лот, а жайындасы Ысык-Көл, Кара-Деңиз...

Канайым пияланы үстөлдүн үстүнө шак койду да, терезенин жанына басып келди. Жатакананын короосу күндөгүдөй эле ээн экен. Жыш эгилген мажүрүм талдар гана шаркыратмадай төгүлүп, көчө шамдарынын алешем жарыгында кыялга бата үргүлөп турушкансыйт. Андан ары чылк кара түн жатат. Жатакана шаардын четинде эле. Түн түшүп уюган караңгылыкты жолдон бирин-серин өткөн машинелердин жарыгы гана копшоп кеткенсийт. Түнкүсүн ушул көрүнүш анын жалгыз дыгын ансайын күчөтүп жиберүүчү. Терезеден өзүн ала качып даабай калган. Бирок, азыр төраганын каймана сөздөрүнөн алыс качып, демин кысылткан беймаани сезимден ушул муздак, чоочун түн гана арылтып алчудай, учу кыйырсыз капкара болуп тунган мейкиндикке бой таштагысы келип көз артып турду.

Төрага да ордунан туруп, жанына басып келип, коньяк куюлган пияланы кайрадан карматты да, анын чырайына сугун арткандай кадала тиктеди:

— Келчи, таанышкандыгыбыз үчүн ичип коёлу. Калганын убакыт көрсөтөр.

Экөө тикелеринен тик туруп ичишти. Эми кичине көңүлү жайланыша түшкөн төрага жакын көрүп элжиреген көздөрүн дагы эле андан албай туруп, куштарлана сүйлөдү:

— «Мен жигит кезде кайда элең?» деген экен. Биз жаш чакта сендей кыздар жок болчу. Кайсыны бүттүң эле, Канайым?

— Университеттин филфагын.

— Он биринчи жатаканада жашадың беле?

— Ооба,

— А мен онунчу жатаканада жашаганмын. Филфак менен экономфактын жатаканалары жанаша эле го.

— Сиз да экономфакта окугансызбы? — Канайым эконом фак жөнүндө укканда илине түшчү.

— Ооба.

— Кайсыл жылы бүттүңүз эле?

— Жетимиш бешинчи жылы. Кеч окуганмын. Армияга барып, иштеп жүрүп...

«75-жыл?... Жунус да ошол жылы бүтпөдү беле? А мен 1-курста окуучумун». Канайым шалдырай түштү. Анан шар сурады:

— Жунусту таанычу белеңиз? Ташматов Жунусту. Экономфакта окугам.

— Ооба... тааныйм...— деди төрага таң кала карап.
— Анын эмне болуп өлгөнүн билесизби? Мен гезиттен көңүл айтуу окудум эле, — Кыздын жүрөгү дикилдеп чыкты. Жунустун кабарын бирөөлордөн сурамжылаганда өзүнө өзү ээ боло албай, ички уйгу-туйгусун жүзүнөн, үнүнөн билдирип коюучу.
— Ашказандын рагынан, — Төрага ачуурkана айтты.

Үч жыл бою эч кимден уга албай жүргөн, үч жыл бою угууга күтүнүп жүргөн суук кабарды Канайым ушинтип укту. Деми ичине түшүп, бүт денесин сыдырып өткөн ачык ысык толкун көздөрүн тумандай каптады. Жунустун чындап өлгөнүнө эми ынангансыды.

— Көп ичет дешчү эле, — деди тамагы буула шыбырап. Көз жашы бадырак ата төгүлүп кетти. Жүрөгүндөгү берч болуп калган күйүтү, күтүүсү, сагынычы улуу кочкудой козголуп, көз жашына удургуп чыккансыды.
Гезиттен көңүл айтууну окуганда ыйлаган эмес эле. Экиүч күндөй дендароо тартып жүргөн. Өзүнө келгенде жашоо кеч күздөгү баригин күүп сопойгон даракта жайдакталып калыптыр. Көңүлү да эски журттай бопбош болуп аңгырайт. Аны ушуга чейин Жунус жөнүндө кыялдары, үмүттөрү, ачуу-таттуу сезимдери мелт-калт толтуруп жүргөн экен. Алардын баары Жунус менен кошо өчкөнсүдү. Ордуна мурда белгисиз жолбун ойлор каңгып келе баштады: Жунус кеселдеп, жашоо шамынын майы аз-аздан түгөнүп өчтүбү? Же кырсыктан чорт үзүлдүбү? Бу дүйнөдөн кантип узады? Соңку көз карашы, сөзү кимге арналды? Ушул туңгуюк суроолордун жообу Жунустун Канайымсыз өткөн өмүрүнүн түйүнүн чечээрдей жанын жай алдырбай жүрдү. Көрүнгөндөн сураштырды. Билген бирөө чыкпады. Экөөнү ушунча узак жылдар, бейтааныш адамдар, бөтөн шаар-кыштактар жолуккус кылып эчак бөлүп таштаган экен. Азыр төрагадан уккан кабарынан улам көз алдына миң жеринен сынып, уйпаланган ак шейшептин үстүндө дармансыз жаткан кан-сөөлсүз муздак колдор менен купкуу жүз тартыла түштү. Ал Жунустун көңүлдө калган элесине окшобойт эле. Бирок, оорунун зардебинен жан тери келип кыйналып, чоочун аял башын жөлөп, «аталап» ыйлаган балдарына бир нерсе дешке дармети келбей көздөрүнөн үнсүз азап чеге үзүлүп бараткансыйт. Он беш жыл бою тирүүлүктүн арабасын жалгыз сүйрөп, жар сүйөөр, бала жыттар жаштык жылдарын жалгыз элеске садага чаап, өмүр кечирип келатса, ошол адамы бир ирет жүз көрүшүүгө, бир ооз сөзгө түтпөй кайрылгыс сапарга

аттанып кете берсе кантип түтобосүн. Көкүрөгүндө чер болуп калган көз жашы түгөнгүдөй эмес. Башы гүүлдөп, акылы чаңтозоң түшүп жыйнай албай жатты.

...Колуна муздак нерсе тийди. Төрага коньяк куюлган пияланы карматыптыр. Өзү да колун бошотпой эрдине сүрмөлөп алпарды да, Канайым чаңкагандай аптыга жутуп жибергенче кармашып турду. Ачуу, муздак коньяктын көздөрү ачылып, ичи ысый түштү. Ошондо гана төрага тамекисин туталангандай дембе-дем соруп жатканын баамдады.

— Кечиресиз мени? — деди алсыз үн менен. Бул абалын түшүндүрүүгө да, актанууга да шаны жок эле. Төрага аны биринчи жолу көрүп жаткансып узакка тиктеп күрсүнүп койду.

— Ушундай дечи...— деди анан. — Түшүнүктүү. Көрсө, Жунусту ыйлаткан кыз сен турбайсыңбы? Канайым деп атыңды да билчү элем. Жунус экөөбүз университетти бүткөндөн кийин да аспирантурада бирге окуганбыз. Ошондо ичип алса эле сени айта берчү. Ал убакта сен да окууну бүтүп, Памирге иштеп кеткен экенсиң. Жунус деле бала-чакалуу болуп калган.

— Эстөөчү беле мени? — Бул сөз Канайым үчүн жаңылык болду, Экөө ажырашкандан бери Жунус тараптан өзү жөнүндө биринчи угушу эле.

— Ии, — төрага барган сайын жандана сүйлөп кирди. Кыйла унутулуп кеткен нерселер аз-аздан эсине түшө баштады окшойт. — Арак ичине кирди дегиче күйүтү күч болуп чыга келчү. Бир жолу сенин туулган күнүңдү да белгилеп ичкенбиз. Экөөбүз сен жөнүндө сүйлөшүп көчөдө канча жолу жетелешип жүрдүк. Алаксытайын деп башка аялдарга да алып баргам. Колун шилтеп койчу: «Эркектин көңүлдөшү көп болгон менен бир гана аялды сүйө алат», — деп. Анан мен сөккөмүн: Эй, ушунчалык сүйгөн экенсиң, а имнеге үйлөнбөдүң? Ал... ал болсо... — Төрага эстей албай жаткансып чекесин сыйпалады.

— Аа, сени бешиктеги кезинен кудалашып койгон жери бар экен. Ага чыкпаса ата-энеси балалыктан кечип иет экен... анан ии, памирликтер кыздарын алыс дешип башка жакка күйөөгө беришпейт, салтты каттуу кармашат дегендей болгон. Ал өзү колдук эмес беле. «Алигиче Канайым бир этек балалуу болуп калгандыр», — деп үшкүрүп койчу. Ыя, Канайым, ошол кудалашкан жериңе чыкпадыңбы? Гм... түшүнүктүү.. Турмушта баары боло берет... Жунус кийин көп ичип кетиптир. Иштеген иши абройлуу болчу. Аялы деле түзүк эле неме эле. Ичкиликке бир башын малгандан кийин өзүн токтото албай калды окшойт. Мен кандидаттыгымды жактагандан кийин ушул жакка

ишке келгем. Кабарды кеч уктум. Кийин аяшка барып көз көрсөттүм. Азыр да Бишкекке бара калганда үйүнөн кабар алып турам. Ушундай, Канайым, бүгүнкү кечте экөөбүзгө эскерүү буйруган окшоит. Топурагы торко болсун эми... Сени окуп жүргөндө, негедир, көргөн эмес экенмин... — Төрага досунун качандыр сүйгөн кызынын кандай жан экендигин, ошондон сезимге татыр-татыбастыгын билгиси келгендей кадала тиктеп калды. Канайым бул көз караштан кымырылган жок. Карасаң карагыдай эле жанмын дегенсип кебелбей тунжурады. Аялдык ысык жылдызы менен жаштыгы кайсыл эркекти болбосун мокотуп, өзүнө тушап коёруна көзү жетип калган. Бирок, торагадан да менменсинген мырзаларды тизелетер аялдык кудуретин мындан он-он беш жыл мурда туйсачы! Анда биринчи махабатынын сүрүн жеңе албай, минтип өзүнө өмүр бою бейтаалайлыкты тиленип алмак эмес. ..

* * *

Он жети жашында араң көргөн шаарына чачын беш көкүлдөтө өрүп, апасы колго тигип берген көйнөк менен кемзир кийип келген. Ошол элеттик кейпинен өзү да корунуп, жапалдыдай боюн бекитип, башын көтөрбөгөн уялчаак эле. Биринчи сүйүү жүрөгүнө капысынан кол салды. Экономфактын көзгө басар жигити төрт жыл бою кыз жандабай жүрүп, анан эле узун чачтуу памирлик кызга эстен тана ашык болуп калышын, караанын ала качкан Канайымдын терезе-эшигин сагаалап, бир көрүүгө зар болуп кыйналганын көргөн-билгендин баары өөндөп жүрүшкөнүн да билүүчү. Арданмак турсун алардыкы туурадан, өзүнөн жети жаш улуу, сөзү шар, келбеттүү жигиттин теңи эместей сезип кыйналат. Каалаган адамы менен жанаша бастырбаган, жагалдапып жүргүзбөгөн уяңдыгы менен тартынчаактыгы тумсак гүл ачкан алгачкы сезиминин каршылашкан душманына айланды. Канайымды ошол учурда бир гана бөлочок жубантып жүрүптүр. Качандыр ал да өзүн жеңип, бойтурпатын оңоп, шаардык бийкечтерге окшоп жарашыктуу кийингенди, кылыктуу назданганды, эркин басып, сүйлөшкөндү үйрөнөрүнө ишенчү. Ошондо гана Жунустун махабатына арзымак. «Ага чейин жайыма койчу?! Күтчү! Ушунчалык узакка, ушунчалык чыдамдуулук менен күткөнүңө эч качан өкүнбөс элең?» — деп жалооругансыйт, букка толгон көздөрү. Жунус да ошол көңүл туйгусун элдир-селдир сезет окшойт. Кээде жарга такоочу.: «Түшүнбөйм сага!... Мени жакшы көрөрүңдү билем, бирок неге жылан көргөнсүп качасың? Сенин сезимиңди торогон бир нерсе бар! Айтчы ошону?! Неден коркосуң!?

Менден баш тарткызган эмне?!» Аёлуу сыры ачылып калуудан намыстанган Канайымдын оозунан таптакыр башка сөздөр чыгат: «Кудалап койгон жерим бар. Ошо балага турмушка чыкпасам, ата-энем топурагын түйүп берет...» Адегенде Жунус алапайын таппай жүрдү. Бир туруп азыр эле Памирге барып, кызынын багын байлаган эскичил ата-эненин тизесин кучактап ийиктирип келмек болот, бир туруп Канайымдын кудалаган жигити менен мушташып, чаңын асманга сапырмакка күүлөнөт. Анын чыдамы эки жылга түттү. Канайым үчүнчү курска көчкөн жылы күзүндө Жунустун үйлөнгөнүн укту...

* * *

Төрага же ортодо сөз уланбай, же көз жашына чөгүп олтурган Канайымды арасат бойдон таштап кете албай аргасы куруп, колдорун артына ала ойлуу ары-бери баса баштады. Дубалда илинип турган портретке көзү түштү:

— Мынабул сенсиңби? Нече жашта элең?

Канайым да кылчайым, өзүнүн сүрөтүн биринчи жолу көрүп аткансып узакка тиктеп турду:

— Он сегизде, — Анын өмүрүндө он сегиз жаш эч качан болбогондой жатыркап айтты.

— Койчу? — Төрага чочуп кетти. Азыркыдан улуу көрүнүп турасың го? Көздөрүңдөн шам жагылып...

— Азыр эмне өчүп калыптырбы?

— Жо-о-к, андай деле эмес дечи. Бирок, карасаң, сүрөтүңдү? Аябай дилгир, оттуу көз караш...

* * *

Көздөрүнүн оту Жунус үйлөнгөн жылы өчүптүр. Аны ошондон кийин түшкөн сүрөттөрүнөн баамдап жүрөт. Азап чеккен адамдай жылуулугу качып, жабыркап тиктөөчү болуптур көздөрү. Андан бери канча жыл өтсө да каректеринен жаштыктын шооласы кайталап жанбай койду. А жүрөгүнүн тереңинде бир үмүттүн оту бүлбүлдөп күйүп жүрдү. Эртеби-кечпи Жунуска жолугам деген ишеним, ошого ынтызарлык илгери сүйрөп келиптир. Бул кезигүүгө ар убак өзөлөнүп даярданды. Акыл-эси менен тең келер, чырайы менен куштар кылар, мамилеси менен суктантаар аялдык баралына жеткенде алдынан тике чыгууну кыялданчу. Үй-бүлөсү, бала чакасы болсо эмне экен. Жүрөгүнө түбөлүккө ээлик кылган кымбат адамынын көздөрүнөн баягы жаш кезиндегидей арзуунун өртүн кайра бир ирет жандыра алса болду. Ошол эле жетишмек. Ошондон кийин көксөөсү сууп, ушунча жыл алдырбай келе

жаткан гор тиричиликке моюн сунмак, башка бирөөнүн этегин кармап, бала төрөмөк.

А жылдар болсо өтө бериптир. Кеч күз эле. Памирдин шамал жойлогон жапдак айылынын очойгон мектебинин ээн классында Жунустун козу откондугун кабарлаган гезитти мыкчый кармап, денеси да, жүрөгү да олуп, узакка -узакка кыймылсыз олтурган.

* * *

— Шундай де, —деди төрага ордуна олтуруп жатып. Бая эшик аттап киргендегиден озгорулуп, басмырт ой басып турду жүзүн. Ушудан уламбы, барган сайын экоонун ортосундагы адамдык мамиле жылып, жакын болуп баратышкансыйт. Төрага кандайдыр бир чечкиндүүлүк менен коньяктын калганын пиялаларга бөлүштүрдү да, бирин- ага карматты. Канайым кыйылган жок. Чачтарын салаалап, ажаат ачар маанилүү сөз айтчудай камданган эркекти көңүлдонүп угууга дит койду.

— Карындашым, баятан бери сенин тагдырыңа жаным ачып, эски жаратыңды козгоп койгонума озүмдү жектеп олтурам. Бул оюмда да жок эле. Жунустун көз жашына эчен күбө болсом, эми минтип сенин көз жашыңды көрдүм. Ушундан бир нерсени түшүндүм: адам өз бактысын сактай, ал үчүн күрөшө билиш керек экен. Мүмкүн, ал өмүрдө бир келер бакыттыр. Эми болор иш болуптур. Өлгөндүн артынан көмгөн гана бар. Сен армансыз эле күтүпсүң... Жетишет. Өмүр экинчи ирет кайталанбайт. Ушу бойдон өтүп кетсең сенин убалың кимге? Адам темир эмес. Ал да качандыр жешилет. Ага да жөлөк, таяныч керек. Айрыкча, аялдардын жалгыздыгына мен табиятымдан каршымын. Бул озү жаратылышка жасалган кастык деп түшүнөм. Кандай ойлосоң да, мен эми сени жалгыз калтыра албайм. Экөөбүздү да тагдыр туш кылып жаткандыр, балким. Болбосо, сен каяктагы, а мен каяктагы адам элек... Эгер сенин ишенимиңе татысам, агаңбы, же жөн эле улуу адам катарыбы, сага арка-тирек болоюн. Кайгырсаң кайгыңды угайын, сүйүнсөң сүйүнчүңдү бөлүшөйүн... Жок дебе? Мына колум!...

Канайым былк этпеди. Төраганын көп жылдардын изи түшкон кара каштуу жылмакай жүзүн, колдорун, толуңку денесин умсуна тиктеди. Жунус тирүү жүрсө ушуга окшогон чачын буурул баскан салабаттуу эркек болуп калмак деген арман жүрөгүндөгү орду толгус жоготууну дагы бир ирет туйгузуп өткөнсүдү. Анын жарты өмүрүн, жаштык жылдарын бүтүндөй ээлеп, жипсиз кармаган адам азыр кара жер алдында жатат.

Өзү болсо минтип башка эркектердин сүйүүсүнө татып, дагы эле бакты-таалайга үмүттөнүп, күн көрүп жүрөт. Капыстан эле аны ушул жарык дүйнөгө, жалгыздыкка кыйып таштап кеткен Жунусту биринчи жолу кинелеген сезим пайда болду. Алар көрүшпөгөн он беш жыл бою бир гана ага таандыкмын деп эсептеп, андан башка эркектин колдору, эриндери денесине тийгенин элестете албай жашап келсе, бир кайрылып жүзүн көрсөтпөй, кайырдашпай кете бергени чыккынчылык эмей эмне?... Тумардай ыйык сактаган сүйүүсүнүн арты ушинтип жалгыздык, өкүнүч менен бүтсө, демек, жаңылышкан экен да... Арзыган адамына жетпей калгандан кийин турмуштагы аялдык энчисин кайрадан издесе болбойт беле?.... Көздөрүнө ызалыктын жашы толуп чыкты.

А терезенин ары жагында Канайым түзүктөп деле боор тарта элек өгөй шаардын жарыктары бириндеп азайып, шоокуму басаңдап, үргүлөп баратты...

## ЭРТЕ КЕЛГЕН КҮЗДӨ

КАРТ ТАЛДЫН БУТАЛБАГАН коюу шактары үй ордундай жерди түш оол бараткан күндүн ачуу нурларынан көлөкөлөп турду. Улам арылап жылган көлөкөгө ыктай которулуп коюп Дилбар ооодо болгон кирди жууп олтурат. Колдору эпилдеп тынбаган менен алда -нени катуу ойлонгон түрү бар. Эрмек болгону жанына көчүк басып, ар кайсынын башын чарпып кобураган апасына да түзүктөп кепке келбеди. Беймазаланган эне ийигин токтотуп, кызынын арык ийиндерине, бүркөө жүзүнө санааркай карап калды. Кечинде иңир аралаш үйгө кирип келгенинде догдурлуктун окуусуна өтпөй калганына анчейин деле кабагым-кашым дебегениндей көрүнбөдү беле. Күмөнсүрөп кайра-кайра сураса күлүмүш эте:

— Кулап калдым, кулап калдым дедим го акыркы экзамен ден, — дегенден башканы айтпады. Үйдү сагынгандай улам бир бөлмөгө кирип-чыгып, көзү түшкөн буюмга сонуркап карап, кечки оокатты да бир башкача эптүүлүк менен өзү жасаган. Бирок жүзүмдүн шактары далдоолоп турган чарпаяга жай салып жатаары менен уктамыш болуп калганында бир кеп бар эле. Кызы менен жайма-жай сүйлөшкүсү келген эне төшөгүнө жамбаштаган бойдон аны көпкө карап турган. Толгон айдын сүттөй агыш шооласында ак саргыл жүзүндө бийиктей кашы карайып, бойтойгон толук эриндеринде ымыркайлык менен балакатка жеткендиктин ыманы кошулуп татына көрүнөт. Ойгоо экендигин туйгузуп кылкаланган кирпиктерин дирт катып коёт. Жаны оорунгандай кабагын бекем бүркөп, оор дем алып жатты.

— А балам ай, балам... — деп күрсүнүп алган апасы наркы капталына оодарыла берип. — Алыңды билбей тырмалаңдайсың. Кана эми үч жылдан бери өткөнүң? Китеп десе эт-бетиңден түшө калып окуйсуң. Колдогонуң жок болгондон кийин ушу да. Атаң тирүү турганда бутун сүйрөп жүрүп болсо да артыңдан барат эле. Бешенең шор экен, кантесиң...

Дилбар үндөгөн жок. Жүрөгүндөгү күйүт кандайча сыздатып жемирип-жеп жатканын тыңшап сулк жатты. Түнү бою

не-бала тез-тез түйшөлүшүп, илең-салаң таң атырышкан.

Ушуларды койно ойлоно олтуруп шуу үшкүрүнгөн Марал эне кабыргасы кайыша үн катты:

— Болдучу, балам, келгенден бери эрбеңдеп жаның тынбайт. Өзүм деле жууп алат элем.

— Бүтөиүн деп калдым, — деди Дилбар баш көтөрбөгөн калыбында.

— Айланайын... — деди Марал эне өзүнчө секин кобурап.

Эненин жалынычын Дилбар да укту. Эң жакын адамынын бир сөзгө батырган аёосу, сүйүүсү алкымында буулган көз жашты жырып кетти. Мөлтүр тамчылар кирпиктеринен сарыкып-сарыкпай тепшидеги сууга, колдоруна тамчылап жатты. Тилегине жетүүдөгү дармансыздыгына, ал канчалык кол жеткис болуп бараткан сайын ошончолук ак эткенден так этип күчөгөн каалоосуна жаны ачышып ыйлады. Анын догдур болсом деген кыялы жаш эненин наристесине болгон сүйүүсүндөй ымыркай, таза эле. Ойлосо эле эт-жүрөгү чымырап элеп-желеп болуп кетет. Өзү көрүп-билип жүргөн кадыресе врачтардан да артык колунан чоң иш келчүдөй дембеленип жүрчү.

Дилбар көз жашын байкатпоо үчүн ого бетер эңилип, кирди күчтөнө жууй баштады. Апасынын кейип -кепчигенден башка колунан келер жардамы жок. Ансыз деле жесирликтин ташыныны желкесинен ныгыра баскан. Муну балтыркан маалынан түшүнгөндөн тартып кыз өз санаасын өзү көтөрүп чыга келген. Анткен сайын турмуштун ыргыткан таштарынан корунуп, жалгызсыраганда башка бирөөнүн жөлөгүн эңсегенине көп болгон. Акылдуу, күчтүү, айкөл жана сүйгөн адамдын жакындыгын самоочу. Көчөдөгү кымгуут элдин арасынанбы, же бейубак эле жерден көрүнө түшкөн жылуу жүздөн селт этип, ал адамы менен сөзсүз жолуга тургандай табышмактуу таттуу сезимден жүрөгү туйлап кетүүчү.

Эне эле болсо перзентинин жылдызы түшүп, ичинен сызганын туйбай коёбу. Жерге такаган ийнигине өбөктөп, кызына ойлуу тиктеп турган апасы туталана сөзүн улады:

— Өзүң дагы көк бетсиң деги. Догдур болчумун деп туруп алдың. Кичине жеңилирээк мугалим-сугалимдикке, магазинчиликке деле тапшырсаң, алигиче өтүп кетмексиң. Эми окуу дегениңди кой, балам? Сенин көөнүңө карап ушуга чейин тим койдум. Кыз бала кантип санитарка болсун деп ар ким айың көрүп жатат. Ылайыгына карап бир жерге тын эми. Кардарлар эшик жыртышты. Келген жерлерди көп кайтара берсең да болбойт балам. Кармаган-тутканымды көзүм барын-

да тапшырып, менин да көңүлүм тынчысын. Эненин карызы болот...

Марал эненин бул сөздөрүнө Дилбар ак дебей, көк дебей түнөрдү. Көксөгөн нерсесинен айрылып калуу коркунучу аны чыйралтып жиберди. Ичинен туттугун: «Барам! Баары бир барып санитарка болуп иштей берем! Ооруканада иштесем болду. Эмдиги жылы дагы мединститутка тапшырам, өтмөйүнчө тапшыра берем...»— деп күбүрөнүп жатты. Эч качан мынчалык өзүн жалгыз сезген эмес. Жүрөгүнө өкүнүч, кусалык куу шуп бир кирип келди. «Самарбек, Самарбек...» — деди муңанып көз алдына келе түшкөн жигиттин элесине, — Мага азыр кандай кыйын экенин билесиңби? Жок, билбейсиң.

Анткени, сен көздөгөн тилегинен кол жуу, басынуу, жалгыздык эмне экенин башыңдан өткөргөн эмессиң. Сагы баары даяр, белен оокат, белен турмуш... Сенин таянар тооң, арка тирегиң бар. Сен үчүн атаң ойлонот, атаң чуркайт. Мени ошонуң коркутат ыкыстатат...»

Бул жан кыйнаган ойлордон ал кир жууп бүткүчө арыла албады. Санаага оордошкон кыз колу бошоору менен жалгыз болгусу келип бакка кирип кетти. Эрте келген күздүн сары боёгун сүртүнгөн бакта алчалардын бышкан маалы эле. Алар жылаңачтана баштаган шактарда мончоктой болуп мөлтүрөп турушту. Дилбар аралап басып жөнөдү. Чычырканак менен тосулган бактын аркы чети бийик жарга барып такалчу. Типтик жардын тээ түбүндөгү түпкүрдөн дарыянын шоокуму күңүрт угулат. Асмандын күн батыш тарабынан канат-куйруктары өрт чалгандай алоолоп, күн нуру тийбеген жерлери күл түспөлдөнүп булуттар удургуп чыгып келатты. Алардын кайдадыр шашылгансыган түрлөрү эртеңки сапар тартаар жолун, шаарды, оорукананы, Самарбекти эстетти. Кыздын чала жумулган кирпиктеринен көз жаш кылгырып чыга келди. «Сагындым, сагындым...» — деди кимге экени белгисиз...

* * *

САМАРБЕК ЖҮРӨГҮН КЫСЫЛТКАН оор сезим менен ойгонду. Ордунан козголо берди эле түнү боюу жуурканына күбүлүп түшкөн сары-күрөң жалбырактар шабырап кетти. Ал суук түшкүчө короодо бир жуп акациянын түбүнө коюлган керебетте уктоочу. «Күз келди» деген кусалуу ой анын көңүлүнө тык урунду. Жыл сайын күз ага капысынан келгенсий берет. Элес албай жүрүп, анан бир күнү эле аңдоостон көзүнө чалына түшкөн бир белгисинен: күндүн табы кайтып

калганынан, жерге төшөлгөн сары жалбырактардан, ээндей түшкөн аллея парктардан, эч ким олтурбай жетимсиреген скамейкалардан байкап, мынчалык күтүүсүз тез келгенине таң калып калуучу.

Эмнегедир күз ага мунайым ойлорду алып келчү. Бар болгону жыйырма бештин курагында жаш жигит болсо жашоодон тажап бүткөндөй сезилет. Самарбек төшөгүнөн турбай чалкасынан жатканча бүгүнкү күндөн кушһак кылар нерсени издеди. Дал төбөсүнөн самсаалаган акациянын жашыл-көк тарткан жалбырактары, түнөргөн асман анын көңүлүндөгү кыжаалаттыкка ансайын кошул-ташыл болгонсуйт. Алардын дачасы бийик доңдо тургандыктан, дарактар, үйлөр быжыраган шаардын карааны тээ паста таңкы көгүлтүр туманга оронуп көрүнөт. Ээндикти, жалгыздыкты эңсеп турган Самарбек азыр ошол гүрү-гүү шаарга түшүп, дары жыттанган ооруканага барарын ойлогондо зааркана түштү. Өзүнүн дарыгерлик ишинен тажаганына көп болгон. Мойнунан байлагандай илээлеп туруп, бактын ичиндеги арыктагы сууга карай басты. Муздак суунун шапатасы анын денесин итиркентип сергитип жиберди.

— Бу кандай кудай берген сага эрте туруп? Же түшүңө кыздар кирипли? Хе-хе!

Самарбекке атасынын азили жакпады. Арыктагы сууга колдорун шапшылап жуумуш боло үндөбөдү.

— Суук түшүп калган го, — деди атасы ийиндерин чыйрыккандай күүшөй берип. Уулу менен сүйлөшкүсү келип турду окшойт. — Бакка көз салып койсоң боло? Карачы, өрүктөр желимдей баштаптыр. Жаңагы неме (короо-жайга каралашар бир адамды пул төлөп жалдап жүрчү) короону шыпырымыш болуп эле жылт коёт экен. Мен көптөн бери көрбөй жүрөм аныңды. Апаң болсо дөөдүрөп казандан башканы билбейт. А силер үйдөн безип эле турасыңар. Жатар конок болуп келесиңер...

«Тилдеттирип, акыл үйрөтүп эле койсо», деп Самарбек ичтен каяша кылган менен сөз кайрыбады.

— Силердин башкы врачыңар кетип жатыптыр го Бишкекке — деди оокат үстүндө атасы ага астыртан карап.

— Ошондой окшойт.

— Мм... Кимди деп жатышат эми анын ордуна?

— Ит билсинби?

— Сен жарай алат белең?

— Мен азыр каяктан

— Ийе? Жаман десе! Коюп койсо иштей албагыдай жаның жокпу?

— Ооба, сендей эле балдар ат үстүндө жүрүшпөйбү, — деп сөзгө кошулду баятан бери экөөнү алмай-телмей карап олтурган апасы. — Тигилер деги атаңдын сөзүн жерге таштапшпайт. Кадырлаш адамдар эмеспи. Ошолордун бир ооз сөзү да.

— Мен областтык саламаттыкты сактоо башкармасына эле өтүп кетсемби дедим эле. Кичине тынчыраак дагы... — деди Самарбек оюндагысын айтып.

— Аны кое тур, практика жүзүндө жакшыраак билип ал ишиңди, апан...

Самарбек сыр билгизбей компоё ойлонумуш болуп турду. Не айкарууга, не сүнүнүүгө окшогон сезим оигонгонсуду жүрөгүндө. Атасынын аркасы менен жерде калбасына күмөн кылчу эмес. Мединститутка да анын түрткүлөөсү менен тапшырган. Бирок, мынчалык тез болорун да күтпөгөн. Көз алдына кызматташтары тартылды. Учук оорулууларды дарылоочу областтык ооруканада көп жылдап иштеген мыктылар көп эле. Самарбек бул орунга өзүн эч ким ыраа көрбөсүн да түшүнүп турду. «Э, өлүп кетсинчи, — деди ошол замат тоң моюнданып. — Ичтеринен жаман көрүшсө көрүшө беришпейби. А көзүмчө эч ким эч нерсе дей албайт. Жогорку билимдүүмүн, иштейм десем иштеп деле коём...»

ООРУКАНА ШААРДЫН четине жайгашкан. Иттер авалап, түтүн жыттанып- бири-бирине минишип турган чакан бир кабат тамдар, жол жээгинде оттоп жүрүшкөн майда айылды элестетип турчу. Ушул жупуну жымжырт аймакта oорукананы беш кабат суз имараты туш-тараптан дайын көрүнөт.

Ординатор бөлмөсүндө эч ким жок болуп чыкты. Илгичте анын оонсуз тапталган ак желеги гана калыптыр. Аны кийгенче дубал боорундагы күзгүдөн өзүн сонуркап карады. Өңүнүн ажарын ачкан кызыл көйнөгү, аппак желеги, толкундана таралган коюу тармал кара чачы — баары өзүнө жарашып турат. Ошол тапта эшик ачылып өзү кырдуу Кабыл кирип келди. Ыңгайсыздана түшкөн Самарбек:

— Ии, — деди күлө карап ага.

— Өзүңө жол болсун «пятиминуткадан» кечигип?

— Ха! Менсиз деле өтөт? Эмне деди шеф?

— Баягы эле сөздөр. Баса бүгүн сага таң саарлап бир кыз телефон чалды го, — Кабыл сырыңды билем дегенсип ага көздөрүн кыбыңдата карады.

— Ким болуп кетти?

— Өзүң билесиң да ким экенин.

— Кайсыл бирин билейин, — деп Самарбек кайдыгер кыяз да эшиктен кирген боюнча үндөбөй сөз кезегин күтүп турган медсестра аялга баш ийкеди.:

— Эмне болду, Вера Петровна?

— Түндө сиздин палатаңызга катуу оорулуу жаткырылган. Ошол азыр чыдабай жатат.

— Ким экен? Жаш кызбы?

— Жаш жигит, бар болгону 80ге чыгыптыр, — деди Вера Петровна да тамашаны улантып.

— Ай, ушу чалдардан күйдүм да, — деди Самарбек фенон доскопту колуна алып жатып. Эртелеп иш табылганына куйкасы куруша эшикти көздөй ыкшоо бут шилтеди. Алдынан оро-пара чыккан кыздын коркконсуп бакырая түшкөн көздөрү менен тиктеше калды.

— Ие! Дилбар?! — деди өзү да билбестен таң калып да, сүйүнүп да. — Кайдан? Эмне кылып жүрөсүң?

— Ушерден эле. Сизге келдим... — Дилбар апкаруусун жеңе албай демигип.

— Эрте менен телефон чалган сенби?

— Ии...

— Жайчылыкпы?

— ...Мурдагы күнү Бишкектен келдим. Эртең ишке чыгам...

— Айтмакчы, эмне болду? — деди Самарбек анын окууга кеткенин эстеп.

— Кулап калдым...

— Да-а.— Самарбек андан башка эмне айтаарын билбей эки жагын каранып алды. Көздөрү какаңактап, толуп-ташып чыккан Дилбарга чындап боору ооруп, толгонуп турду.

— Сен бир аз олтура турчу. Обход жасап келейин, анан сүйлөшөлү...

СИРЕНАСЫН УҢУЛДАТКАН бойдон аткан октой зуулдаган «Тез жардам» машинеси шаардан узай берди. Эки жагына жыш тыт дарактары эгилген түптүз жол башталганда гана Самарбек жайлай айдап, Дилбарга күлө бакты:

— Коркподуңбу?

— Жо-ок,— деди кыз коопто нгон үн менен —кайда баратабыз.

— Сени ала качып кетүбатам. Мейлиби?

— Сурап ала качпайт.

— Ну-у! — деди Самарбек таң калымыш эте. — Аны сиз кайдан билет болдуңуз экен?

— Билебиз да.

— Муну, муну... — Самарбек али баласынтып жүргөн Дил-

бардын көп сыр каткан сөзүнө чындап күлүп, ага жалт карап алды. Саамай чачтары желпинип учуп, түркүн сезимден оңу бир башкача албырып алган кыздын ажары жүрөгүн козгоду-бу, бир колун рулдан бошотуп кучактамакчы болду эле, Дилбар боюн секин ары кыла берди.

— О-го! Сиз ушундай экенсиз да! — деди Самарбек ийреңдей түшкөн машинаны түздөп жолго салып жатып.

Кыйладан кийин чоң жолдон бурулуп, агымы билинбей мелмилдеп агып жаткан чоң арык суунун сүзө качырып токтотуп, чарчагандай бешенесин рулга жөлөгөн бойдон Дилбарга астыртан карады :

— Тааныдыңбы? Кайсы жердебиз?

— Жок, — деди Дилбар эми гана айланасын бүшүркөй тиктеп. Бедеси орулуп, саргайыңкы тарткан аңыз батып бараткан күндүн нурларына көшүлө ныксырап жатыптыр. Талаанын аркы четинен бак-шактуу айыл караандайт. Дилбар азга карап турду да:

— Ой! — деп эски таанышын көргөндөй сүйүнүп кетти.— Биз былтыр колхозго жардамга келгенде күзүндө беде оргон жерби?

— Дал өзү да.

Экөө тең бирин-бири жакшы көрүшө тиктешип күлүп коюшту. Ушул жерде биринчи жолу обүшүшкөн эле. Ошону эстешти окшойт. Самарбек аны акырын өзүнө тарта кучактады. Дилбар арзыган адамынын жылуулугун жыргалга болоно туюп, ушул жакындыкты түбөлүккө сактап калгысы келгендей ага бекем ыктала алды.

Батып бараткан күндүн кызгылт нурларын шимирип, күүгүмдүн көлөкөсүн жашынмак ойноткон таттуу, жылуу кеч кирип келатты. Бозомук жука булуттардын сейрек түрмөкторүнөн улам чексиз кеңдей көрүнгөн асман мунарык чалган мейкиндик, тыт жыгачтарынын дилдиреген эрке барактери, алтынга чайкалгансып жылтылдап, жээгинен самсаалаган узун чөптөрдү сыдыра агыза жууп, үнсүз мелмилдеген суу, саргылтыл, жашыл, кызгылт түстүү күз — баары ыр болуп куюлушуп аңкып турду. Дилбар бир укмуштуу жаңы жай алып, ысып-күйгөн жаагын жаагына басып, тыптынч олтурган кербез сымбаттуу жигиттен жанынын жарымын тапкандай сапаалуу көңүлү айыгып, дүнүйө капар балкыйт. Бир оокумда башын көтөрүп Самарбектин көздөрүнө тигиле тиктеди. :

— Самарбек, — деди биринчи жолу атынан атай. — Апаңызга кандай кыздар жагат?

— Түшүнбодүм,—

— Мм... Эмне десем... — деди Дилбар чайналып — Ке-

зининин кандай болушун каалар эле?

Бул суроо коптон бери жанын жай алдырбай жүргөн. Негедир, Самарбектин ата-энеси карыган чал-кемпирден сезилчү. Алардын элпек, ымандуу келини болсом деп кыялданчу. Кийин анын атасы шаардык, чоң кызматтагы адам экендигин укканда шаабайы сууган. Мансабына чиренген бардыгер үй-бүлө айылдык жетим кызды кодулашмагы турган иш. Дилбар да мындан кемсинтүүгө ынабас. Бир гана аны биротоло бет оуруп кетүүсүнөн кармап турган нерсе Самарбектин өзүнүн мамилесинен, жүрүш-турушунан бул айырмачылыктын байкалбаганы эле. Кийимдин тазасын, кымбат баалуусун шырыктай боюна жараштырып кийгени болбосо өзүн өтө эле жупуну, кадыресе кармачу. А түгүл ушуга чейин ата-энесинин ким экендиги жөнүндө ооз ачып кеп кылган эмес.

Самарбек кыздын суроосуна узакка ойлонду. Чоң энесин эстеди. «Келинчегиңди көрө бекем, ата? -- дечү. -- Тиги шаардык эчкилериңди кой! Этеги узун эле ыманы-ыскаты бар айылдык кыздардан ал».

— Куп болот, эне! Өзүңө тандатам. Ал дегениңди алам.

Кемпирдин көңүлүн алып, атасы айтмакчы «алдап наным жегенге» Самарбек уста эле. Чоң энеси тирүү турганда, мүмкүн, чындап эле Дилбарга үйлөнмөк. Ичи ачыша түштү негедир.

— Мага жаккан кыз аларга да жагат, — деди өзүнөн жооп күтүп турган Дилбарга ойлуу тиктеп. — Билесиңби, сен мага качан жагып калгансың?

— Качан?

— Колхозго чөп чабыкка жардамга келген күндүн эртеси эсиңдеби? Эркектер чалгы чаап, силер артыбыздан чөмөлө жасап жүргөнсүңөр. Бир маалда артыма бурулсам, сен бешилигиңе ээгиңди жөлөгөн бойдон мага кызыга карап турупсуң...

— Сиз баарынан кыйын чабат экенсиз, чалгыны, ошону карагам.

— Жашырбаңыз, жашырбаңыз бийкеч, — деди Самарбек күлүп. — Сүйүп калганыңыз жалган беле? Мен сени сынамакка «Ке, чабасыңбы?» деп чалгыны сундум. «Ой-ойлоп» качасың го деп ойлогом. Сен болсо бирпаска күймөлө түштүң да, чалгыны ары-бери имере кармап сынап көргөнсүдүң. Анан ойда-а бир чаап жөнөдүң дейсиң, аял-эркек баарыбыздын ооздорубуз ачылып эле сени тиктеп калыппыз. Сага бир жарашат экен чалгы чабыш. Мен ошондо «Бул кыз меники болот» деп шыбырагам ичимден... Жүр! — Самарбек капысынан буулуга түштү. — Айылга барып келебиз! Чоң энем экообуздун жашаган үйүбүздү көрсөтөйүнбү?

— Сенин чоң энең барбы? —деп сүйүнүп кетти Дилбар.
— Каякта ал?
— Тиги дүйнөдө, —деди Самарбек оңу бүркөлө, соомойу менен төбөнү сайып.
— Ка-ап, — Кыз умсуна түштү.

Ушундай жигитти чоңойткон кемпирди көрбөй калганына ичи ачышып жатты. «Эми билдим.. — деди Самарбекти анса-нын жакшы көрүп, жүрөгү элжиреп тиктеп, — Чоңдун бала-сына түк да окшошпогонуңдун себебин да эми түшүндүм. Сен карынын колунда өскөн турбайсыңбы. Ошон үчүн жылдызың ысык көрүнчү экен...» Самарбек да чоң энесин эскергенден унчукпай калды. Анан каргылданган үн менен;

— Чоң энеме сен сөзсүз жагаар элең... Келиним айылдык ыймандуу кыздардан болсо дечү... Дилбар?!
— Ии.
— Чын эле азыр сени ала качып кетейинби?!
— Кайда!?
— Үйүмө да. Экөөбүз баш кошобуз. Макулсуңбу? Мени жакшы көрөсүң да ээ? Эмнеге унчукпайсың?!
— Окуумчу?! — деди кыз тамагы буулгандай сөзүн шы-ырап.
— Окуй бересиң. — Жигит маани бербей сүйлөдү. — Пед институтка заочныйга киргизип коёбуз.

Дилбар чочуп кетти:
— Жок! Мен догдур болгум келет. Мединститутка тапшы-рам!
— Койчу, ошол догдурлукту?! Анын эмнесин жакшы кө-рүп калдың? Мен тажап жүрсө... Аял киши үчүн мугалимдик эле жакшы. Тынч, таза да. Күнүнө 1—2 саат окутуп коюп, үй-дө болосуң. Кааласаң, эртең эле башка иш таап берем. Сани-тарлык да ишпи? Мен сени кор кылбаймын.

Бул сөздү укканда кыздын коюу, кара каштары капалуу жыйрылып, бото көздөрү көлөкөлөнө түштү. Жүрөгүн ысытып, алдыга сүрөгөн максатын бир гана Самарбек түшүнчүдөй аны демоор кылып жүрчү эле...

Эми жигиттин сөздөрү аны жолунан зордоп буруп, бөтөн жерге алып кетип бараткандай жүрөгүнүн үшүп алды. Ушуга сабыркап үндөбөй олтуруп калды Дилбар.

— Кеттик, — деген Самарбектин үнү негедир ага жат адамдыкындай угулду. «Кайда?» деп тактап сураган жок. Ушул учурда ага баары бир сыяктуу кайдыгерлик жүрөгүн муздатып турган. Жигит менен биринчи жолу обушконуно кү-бө болгон беде аңызын гана кыялбагандай имерилип бир тик-

теп алды. Машина жолго чыга беребинде аңыз аралап атты катуу чапкылап келаткан киши көзүнө илине түштү. Калпагын булгалап, бир колу менен чылбырды катуу силкип, ээрден ободулуп тура калып катуу шашкан түрү бар. Дилбар эки жагын карап, өздөрүнөн башка эч кимди көрбөгөндөн кийин:

— Токтоңузчу?! Бизди чакырып жатат окшойт, — деди Самарбекти жеңинен тартып. Атчан «Тез жардамга» аркан бою калганда боонап түштү. Бутуна керзовой өтүк кийип, купайкесин шайы кур менен байлап алган чокчо сакалчан ноочо киши тээ алыстан эле энтигип сүйлөп келатты:

— Айланайын, кызым, айланайын... Догдур окшойсуңар! Балам,.... балам катуу коркутуп жатат! Бир эле боккор уулум бар эле... Баятан бери чакырган догдуруоуз жок, эки көзүм торт болду. Силерди көрүп... зорго жетпедимби... Айланайын барып көрүп бер!.. Шыпаа болуп...

Дилбар эмне дээрин билбей эси чыгып Самарбекти карады. Ал сөз төркүнүн түшүнгөндөн кийин кебелген да жок. Тамекисин жайбаракат күйгүзүп жатып кыртышы сүйбөй сүйлөдү:

— Ой, аксакал, бизди жаман коркутпадыңызбы! Эмне балакет болуп кеткен экен деп... Машине таап, ооруканага алпарыңыздар. Же болбосо чакырган догдуруңарды күткүлө. Биз башка иш менен жүрөбүз.

— Өзүңөр деле догдур окшойсуңар? Баламды көрүп, ооруканага ала кетсеңиздер, айланайын!? — Чоочун кишинин көз дөрүнөн кайгы менен жалыныч чачырап, тике каратпай турду. Самарбек ансайын туталана кетти:

— Аксакал, биз бала догдуру эмеспиз. Дары -дармегибиз да жок. Капа болбоңуз. Машине таап ооруканага алпаргыла.

Кара сакалчандын тер басып күйүккөн жүзү ыйламсырай түштү:

— Ошол машине табылбай жатпайбы! Баары эле бензин жок дешип... Айланайындар, силер машинеңерге сала кеткиле?! Эптеп шаарга таштап койсоңор?!

— Биз башка жакка иш менен баратабыз. — Самарбек чыдамы түгөнгөндөй корс этип, машинеге илээшип жүргүзө баштады. Кара сакалчан сөз таппай калгандай муунуп кара көк тартып туруп калды. Жашылданган көздөрү эми Дилбардан гана ырайым күткөндөй жалдырап тиктейт. Кыз ооз ачууга дарманы келбей бошошуп турган.

— Дилбар, кеттик — деди Самарбек кабинеден баш багып. Ошондо алардын ушинтип кете берерине чындап көзү жеттиби кара сакалчан жарадар аюудай бакырып барып Самар

бекти бир чапчып жерге сүйрөй түштү. Ачууга алдырган бойдон башы-көзүнө карабай муштагылап, туш келди тепкилеп да жүрөт, согуну да жүрөт.:

— Оо, атаңды!.. Догдурдан айлангыр!... Сага окшогон догдурду... Ушу сени соо кетирбей калайын!

Адегенде күтүүсүз соккудан абдырай түшкөн Самарбек эсин жыйып, кара сакалчандын колдорун бир силкүү менен өзүнөн бошотту. Дагы эле тажаалданып омуроолоп келаткан кишинин кыжынын туруп бир сокту эле, ал жалп этип учуп түштү. Башындагы калпагы ыргып, өзү арык кырданын кыймылсыз жатып калды.

— А-ай! — деп бетин басып чыңырып жиберди Дилбар.

— Олтур!— деп зааркана кыйкырды Самарбек ага. Анан кызды колунан силкип кабинеге олтургузду да машинесин от алдырды. Дилбар дагы «Чыр!» эте кабиненин эшигин ача албай тырмышканча машине шарт жүрүп берди.

— Самарбек! — деп кыйкыргандай болду кыз, бирок доошу зорго шыбырап чыкты. Корккондунан үнү бүтүп калган экен. Самарбек үндөгөн жок. Жаак эттери түйүлүп, жолго көк тене тиктеген боюнча жин ургандай айдап баратты. Дилбар «...өлдү, өлүп калды...» деп боздоп ыйлап кирди. Чоң жолго чыккандан кийин Самарбек бир аз жайлап, ачуулана сүйлөдү:

— Өлбөйт ал, өлгөн жок! Каяктан көрдүң эле бир муштумдан өлгөндү? Өзү күнөөлүү... Кызык, биз бала догдуру болбосок, же дарыбыз жок болсо... Балээсине калалыбы?

— Токтот! Токтот дейм!— деди капысынан Дилбар анын колдоруна жармашып.

Машине жолдон буйтап, аңгекке кирип бара жаздап ачуу үн чыгара токтоду. Экөө тең бет маңдайындагы айнекти сүзүп алышып көздөрүнөн от чагыла түштү. Кыз эсине келери менен кабинанын эшигин шарт ачып, буйгамга келбей ыргып түштү да, артын көздой чуркады. Жакынын көздөп бедеси жаңыдан орулган аңызга салды. Сары куурай болгон чөнөрлөр буттарын сайгылап, не бутунун сыздаганын, не жүрөгүнүн ачышканын ажыратып биле албай күйүгүп баратты. Бир-эки жолу чалынып жыгылып, жер таянган алакандарын, тизесин айрытып алганын да элес албады. Барганда колунан келер эмне; аны да ойлободу. Көз алдында сулап жыгылган адам, анын кайгысы, жан соогалаган өтүнүчү... Жүрөгү бүт ааламды жоготуп алгандай бошоп, жалгыздыкка жабыркап баратты.

Самарбек да машиненин артына чейин ээрчий басып келип, Дилбардын карааны күүгүмгө жутулуп кеткиче карап турду да, анан жиндене чыйт түкүрүнүп, булкунта жүрүп кетти.

# МАЗМУНУ


Авторго аруу тилек 3

Аял сыры 5

Жан балам 19

Көпүрө 25

Ак шоола 32

Төрт көз 41

Төлгө 49

Билерик 64

Махабат менен коштошуу 67

Эрте келген күздө 76

Көркөм адабий китеп

Зинакан ПАСАНОВА

# „Аял сыры"

аңгемелер

Редактор К.Ташбаев
Сүрөтчү Ж.Сооронбаев
Корректор М.Жуманова
Тех. редактор Г.Матжакыпова

Терүүгө 10.03.96-ж берилди. Басууга 15.05.96-ж кол коюлду. Форматы 60x84/16 5,5 басма табак. Нускасы 5000 Буюртма 1118 Келишимдик баада.

Ош областтык басмаканасы,
Ош шаары, Курманжан датка көч. 209.